# ДАРКҮЛ КУЙУКОВА



АБДРАСУЛ ЖУНУШОВ

# ДАРКҮЛ КҮЙҮКОВА

ФРУНЗЕ «КЫРГЫЗСТАН» 1980

## ДАРКҮЛ КҮЙҮКОВАНЫН АТКАРГАН РОЛДОРУ

**1936-жыл**

Дуняша — «Үйлөнүү», Н. Гоголь.
Анна — «Скебдин уулу» В. Веприцкая.

**1937-жыл**

Акылай — «Кайгылуу Какей» М. Токобаев.
Күлүйпа — «Күлүйпа» К. Маликов.

**1938-жыл**

Хасинта — «Койлуу булак» Лопе де Вега.

**1939-жыл**

Акчайым — «Сарынжи, Бөкөй», К. Эшмамбетов.
Бурул — «Көкүл», О. Сарбагышев.

**1940-жыл**

Болотбек — «Кичине баатыр», К. Жантөшев.
Абыш — «Берметтин уландары», Т. Саманчин.

**1941-жыл**

Павлик — «Павлик Морозов», А. Яковлев.
Жыпар — «Улуу мерген», О. Саргабышев.
Клодина — «Акмак болгон күйөө», («Жорж Данден») Ж. Мольер.

**1942-жыл**

Медсестра,
Зыйнат — «Ант», А. Токомбаев.
Меңсулуу — «Алдар көсө», Ш. Хусаинов, М. Пинчевский.

**1943-жыл**

Виола — «12 түн», В. Шекспир.
Лука Лукичтин кызы — «Текшерүүчү», Н. Гоголь.
Софья — «Полководец Суворов». И. Бахтеров, А. Разумовский.

**1944-жыл**

Гүлай, Айганыш—«Курманбек», К. Жантөшев.

**1945-жыл**

Жаңыл — «Жаңыл», К. Маликов, А Куттубаев.
Анна Андреевна — «Текшерүүчү», Н. Гоголь.

**1946-жыл**

Баалы, Салый — «Ким кантти», К. Жантөшев.
Күлсүн — «Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө», Р. Шүкүрбеков.
Нона — «Ааламдын жаралышы», Н. Погодин.

**1947-жыл**

Валя Борц — «Жаш гвардия», А. Фадеев боюнча.

**1948-жыл**

Саадат — «Менин айлым», Р. Шүкүрбеков.

**1949-жыл**

Зуура — «Жашыл токой», Р. Шүкүрбеков.
Курциус — «Көмүскө көчөдөгү үй», Бир туугандар Тур.

**1950-жыл**

Эмилия — «Отелло», В. Шекспир.
Ковшик — «Калиналуу талаа», А. Корнейчук.
Гүлсүн — «Бир үйдө», К. Жантөшев.

**1951-жыл**

Огудалова—«Сепсиз кыз», А. Островский.
Күлүйпа— «Курман», Т. Абдумомунов.
Панова —«Любовь Яровая», К. Тренев.

**1952-жыл**

Варвара — «Мылтыкчан киши», Н. Погодин.

85.44
Ж 89

**Жунушов А.**

**Ж 89** Даркүл Күйүкова. — Ф.: Кыргызстан, 1979. —88 бет.

Театровед А. Жунушовдун бул китебинде СССРдин эл артисткасы Даркүл Күйүкованын өмүр баяны, чыгармачылык жолу баяндалат.

Ж $\frac{80105-253}{М\ 451\ (17)-79}$ 245. 79. 4907000000 792
ББК 85.44

© «Кыргызстан» басмасы 1979

## ТААНЫШТЫРУУ ИРЕТИНДЕ КЫСКАЧА СӨЗ

Даркүл Күйүкова. Бул ысымды эшиткен ар бир адамдын көз алдына ар кыл пландагы таасири күчтүү образдардын элеси келет. Анткени, республикабыздын кайсы гана булуң-бурчтарында болбосун бул адамдын көптү дегдеткен оюнун көрбөгөн, же болбосо, ошол оюндан калган унутулгус таасирлер тууралу укпаган адам жок десек да болот. Кыргыз театралдык искусствосунун алгачкы жылдарынан тартып ушул күндөргө чейинки жарым кылымга жакын убакыттан бери актрисанын даңазалуу ысмы көпчүлүктүн оозунан түшпөй айтылып келе жаткандыгы да бекеринен эмес. Анын сахнада түзгөн көп сандаган образдарын элестеткенибизде, баарыдан мурда, эрки күчтүү, эмнени көздөп бет албасын, жан-дили менен берилип киришип, аны аткармайынча жаны жай албаган күйгүлтүктүү ишмер айлана чөйрөсүндөгүлөрдүн көңүлүн дароо өзүнө буруп алып, колдон суурулгандай аракеттүүлүгү менен таң калтырган кыраакы адамды көз алдыга келтиребиз. Ушундан улам, актрисанын негизги багыты героикалык-романтикалык пландa экен дегендей ойго келсек, адамдын мүнөзүндөгү айрым келишпестиктерди чукугандай таап чыгып, аны сатиралык планда ашкерелеп туруп, күлкүгө айландырган чеберчилигинен улам аны комедиялык багыттагы актриса дегиң келет. Актрисанын чыгармачылыгында балдардын образдарын түзгөн травестилик багыт да орчундуу орунду ээлесе, өзүнүн назиктиги, туруктуу-

лугу, акылмандыгы менен көңүлдү бурган лирикалык багыттагы каармандар да анын репертуарында аз эмес. Ал бирде көңүлдү эргиткен ички дүйнөсү бай каармандардын образдарын түзсө, бирде эң бир арамза, мүнөзүнүн катаалдыгы менен айырмаланып, ар кандай кырдаалда ар башкача кубулуп турган эки жүздүү адамдардын да образдарын жаратканын көрөбүз.

Д. Күйүкова түзгөн образдардын саны канчалык көп болсо да, бирин экинчиси кайталабастан улам жаңы табылгалар менен жаңырып, толукталып келе жатат. Кайсы гана ролду аткарбасын, актриса өз каарманы аркылуу көтөрүп чыккан ойдун социалдык маанисине тереңдеп кирип, ички жана сырткы аракеттердин гармониялык бирдиктүүлүгүнө жетише алгандыгын байкоого болот.

Кыргыз драма театрынын тарыхындагы эң бир маанилүү деп эсептелген этаптуу спектаклдерди Даркүл Күйүкованын катышуусусуз элестетүү кыйын. Эч кандай театралдык билим албастан туруп эле ушунчалык ийгиликтердин жаралуусуна бир жагынан азыр таң калбай коюуга болбойт. Даркүл Күйүкова өзүнүн чыгармачылык алгачкы кадамында, кыргыз театрынын көптөгөн белгилүү актерлору сыяктуу эле бир жагынан кыйынчылыкка дуушар болсо, экинчи жагынан оркүндөп өсүүнүн абдан ыңгайлуу кырдаалына туш болду. Кыйынчылыкка дуушар болуусунун себеби, ал кездеги көпчүлүк актерлор сыяктуу эле, сахна искусствосу, актердук чеберчилик жөнүндө эч кандай кабардар эместиги, башкалар аркылуу таасирленип, көрүп үйрөнүү үчүн да ал кездеги театрлардын жарытылуу традицияга ээ боло электиги себепкер эле. Ал эми кырдаалдын ыңгайлуулугун — жалпы эле кыргыз эли үчүн театр искусствосунун жаңылыгы, ага болгон куштарлык сезимдин эл арасында күчтүүлүгү, бардыгын үйрөнүп билүүгө дилгир болуп турушкан актерлорго орус реалисттик искусствосунун өкүлдөрүнүн берген туура багыты аркылуу байкоого болот.

Өзүнүн чыгармачылык жолун ошол кезде жаңы ачылган Жаш көрүүчүлөр театрында (ТЮЗ) баштаган кезде эле көзгө көрүнөрлүк, маанилүү ролдор менен баштоосу актрисанын кеңири мүмкүнчүлүгүнөн кабар берген. Анын узун бойлуу,

арыкчырай келбети, кубакайынан келген жука бетин сүйрүрөөк көргөзгөн узун жаагы, эки таноосун оюп алгансып барган сайын узара бергендей көрүнгөн коңкогой ичке мурду, кычыктары кууш келип таасирдүү тиктеген өткүр көздөрү, артын карай айдөөштөп кеткен жазы маңдайы актрисанын кеңири пландагы көп жактуу ролдорго ылайык келээринен кабар берип турат. Д. Куйукованын башкалардан өзгөчөлөнүп турган мындай таасирдүү түспөлүн белгилүү скульптор Тургунбай Садыков «Толгонай — Даркүл Куйукова» деген скульптуралык портретинде таасын чагылдырган.

Ушул портретте көргөзүлгөндөй Д. Куйукова каармандын сезиминдеги психологиялык тереңдикти өзгөчө дааналап ачып берүүгө чебер. Ошондон улам, азыркы учурдагы адамдардын образдарын жаратуу актриса үчүн жакыныраак экендигин байкоого болот. Б. Жакиевдин «Атанын тагдырындагы» Оңолкандын, Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» спектаклиндеги Толгонайдын ар башка пландагы бирок психологиялык жактан тереӊ иштелген образдары буга күбө боло алат. Актриса ошону менен бирге образдагы философиялык тереңдикти, кеңири масштабдагы ой толгоолорду козгоого умтулат. Өзүнө мындай талапты коюудан мурда ал чыгармачылык изденүүнүн нечен белестерин ашып, нечендеген турмуштук оор сыноолорду башынан өткөргөндүгү белгилүү.

Даркүл Куйукованын чыгармачылык жолу менен таанышкан адам искусство үчүн өзүн акырына чейин арнап койгон, кыйынчылыкты өжөрлүк менен жеңген чыныгы таланттын өмүр баянына туш болот. Анын өзү теңдүү замандаштары менен бирге басып өткөн жолу кыргыз театралдык искусствосунун өнүгүү процессин чагылдырган күзгү десек жаңылышпайбыз.

Даркүл Куйукова сахнада кайсы улуттагы адамдын образын түзсө да ал аркылуу жалпы адамзаттын алдыңкы аң-сезимдерин козгой тургандай ойлорду чубап чыгып, улуттук өзгөчөлүктөрдүн фонундагы интернационалдык мазмунду дааналап көргөзүүгө умтулат.

Кыргыздын театр искусствосуна орчундуу салым кошкон көрүнүктүү сахна чебери жана коомдук ишмер, СССРдин эл артист-

касы, Даркүл Күйүкованын чыгармачылык тажрыйбасы илимий жактан изилдөөнү талап кыла турган материалдарга бай. Актрисанын зор талантына тиешелүү болгон чыгармачылык жетишкендиктердин мазмунун бардык жагынан анализдөө үчүн бул чакан эмгектеги келтирилген фактылар көмөкчү болобу деген пикирдебиз.

## АЛГАЧКЫ КАДАМ

*(Республикалык жаш көрүүчүлөр театры. 1936—41-ж.ж.)*

Даркүл Күйүкованын туулуп өскөн жери Фрунзе шаарынан анчейин алыс эмес жайгашкан Төкөлдөш кыштагы. Анын территориясы азыр шаардын аймагына аралашып кетти. Ал кезде Төкөлдөш шаар менен канатташ болгондуктан, анын адамдары борбордогу маданий жаңылыктарга ар дайым кулак түрүп, кызыгуу менен анын жандуу илебине аралаш болууга аракеттенишчү. Ошондон улам, шаардагы профессионалдык искусствонун жолуна түшүшкөн элдик таланттардын өкүлдөрү менен болгон тыгыз байланыштар, жаңыдан пайда болгон театр искусствосунун алгачкы көрүүчүлөрүнөн болуу мүмкүнчүлүктөрү төкөлдөштүктөргө өзүнүн таасирин калтырбай койгон жок. Элдик өнөрпоздор менен жаңыдан пайда болгон профессионалдык искусствонун таасиринен улам бул айылдын көптөгөн өкүлдөрү кийинчерээк кыргыз искусствосунун белсемдүү адамдарынан болуп калышты. Башкасын айтпаганда да «Төкөлдөштүн төрт кызы» деп бир чети тамашалап, бир чети сыймыктануу менен кесиптештери сөз кылышкан белгилүү актрисаларды көргөзсөк эле жетиштүү болоор.

Алар Кыргыз ССРинин эл артисткасы Сабира Күмүшалиева, СССРдин эл артисткалары Сайра Кийизбаева, Бакен Кыдыкеева жана Даркүл Күйүковалар. Булардын бардыгы тең жаштары боюнча тең чамал, бир мектептен окушуп, искусство дүйнөсүнө бир учурда аттанышкан адамдар. Ошол кездеги жаңыга умтулуу, анын ичинде театр искусствосуна болгон кызыгуу ушунчалык күчтүү башталган экен.

Кылымдар бою ооз эки түрүндө жатка айтылып, ар бир угуучунун көркөм сезиминин деңгээлине жараша кабыл алынып келген элдик чыгармалардагы каармандар азыр көз алдыбызда тирүү жүрүп, кадимкидей сүйлөшүп, кубаныч, кайгыларын тең бөлүшүп жатышса бул таң каларлык эмей эмне эле?

Даркүл Күйүкова да алгач мектепте окуп жүргөн кезинде эле ар нерсеге баамчыл, сырткы көрүнүшү суз болгонсуганы менен тамашага жакын, чыйрак өскөн кыз экен. Өзүнүн айтуусуна караганда апасы Калбүбү ачык-айрым юмор жандуу киши болуптур. Ал айылдагы адамдардын айрым күлкүлүү кыялдарын туураганда кемпирлер боору эзилгенче күлчү эле дейт. Атасы Кадырбеков Курманаалы колхоздун алдыңкы активдеринин бири болуу менен бирге кийинчерээк башкармалык милдетти да аткарып келген салабаттуу адам болгон. Кичинекей кезинде ал этин отко күйгүзүп алып, Күйүк атка конуп кеткен имиш. Кийин ал официалдуу атка айланып кеткендиктен Даркүл эженин фамилиясы Күйүкова болуп калгандыгы да ошондон экен.

Кичинекей Даркүл өзүнүн энесинин тамашасын угууну жакшы көрүп, айрым учурда аны туурагысы да келчү. Сууга барышкан келиндерди орто жолдон кармап алып, чакаларындагы сууну төгүп, кайра барууга аргасыз кылчу. Ошол учурдагы келиндердин чайылдашып кыйкыргандары, айрымдарынын ызаланып ыйлашкандары Даркүл үчүн күлкү келерликтей көрүнчү. Аларды үйгө келип апасына тууран берип, мектепке барганда ыр-хор кружогуна активдүү катышып жүрчү. Айылдан төртүнчү класcты бүткөндөн кийин ал жерде андан аркы класстар жок болгондугуна байланыштуу шаардагы № 5-мектептен улантууга туура келген. Күн сайын шаарга келип, Аламедин суусун кечип өтүп кайра үйлөрүнө кетишчү. Ошондой күндөрдүн биринде кайсы бир майрамдын урматына Каражыгач багында берилген концертти угуп калат. Ошол концертте Анвар Куттубаева менен Апыралы Боталиевдердин «Сен койсоң да мен койсом» деген юмордуу кайым айтышуусун угуп аябай жактырып калат. Жаңы турмушта жаңыча көз караштардын калыптануусуна салакасын тийгизип жаткан турмуштагы айрым терс көрүнүштөрдүн бетин ачып, күлкүгө алган мындай таасирдүү ырды

өзү да аткаргысы келип эргийт. Ошондон көп өтпөй Төкөлдөшкө К. Жантөшевдин «Карачач» драмасын коюшканы артисттер келишет. Эл арасында белгилүү боло баштаган Кыргыз Мамлекеттик театрынын артисттери Касымалы Эшимбеков, Канымкүл Айбашева, Ашыралы Боталиев, драматург Райкан Шүкүрбековдун келип оюн көрсөтүүсүнөн кийин жаш талапкердин театрга болгон сүйүүсү андан бетер бекемделет. Ошол учурларда Кыргызстандын жер жерлеринде театр искусствосуна болгон кызыгуу күчөп, өздүк-көркөм чыгармачылык ийримдерине чоң маани берилип турган маал эле. Даркүл окуган № 5-мектептин окуучуларынын да бул багыттагы аракеттери күчтүү болгон. Кыргызстан Мамлекеттик драма театры бул мектепти шефке алып, андагы кружокторду уюштурууга жардам беришчү.

1936-жылы Фрунзеде жаш балдар театры уюшулат. Бул театрдын труппасын түзө турган профессионалдык артисттер болбогондугуна байланыштуу анын негизин өздүк-көркөм чыгармачылыгынан келишкен адамдар түзүшөт.

Бул театрдын алгачкы уюштуруучусу, анын директору жана режиссеру катары кызмат аткара баштаган Отунчу Сарбагышев мурда кыргыз драма театрында иштеп жүргөн кезинде жетектеп келген Фрунзедеги Нан заводунун алдындагы жана Фрунзедеги педтехникумдагы өздүк-көркөм чыгармачылык ийримдеринин катышуучуларын театрга тартат.

Жөндөмдүү адамдарды тандап алуу максатында № 5-мектептин ийриминин катышуучуларын да конкурска катышууга чакырышат.

Комиссиянын талабы боюнча ар бир адам ыр ырдап, өзүнүн драмалык жөндөмүн аныктай тургандай этюд жасоосу тийиш эле. Ыр жагынан Д. Күйүкова тың экендигин баамдашкан комиссиянын мүчөлөрү этюдга өтүүсүн суранышат. Даркүл өзүнүн турмушуна жакын окуялар жөнүндө эсине түшүрөт да кыздар менен талаадан тезек терип жүргөнүн көргөзө баштайт. Эч нерседен капарсыз келе жатып, жолунда жаткан бир чоң тезекти ала коеюн десе, анын алдында бир чоң кара чаар жылаан жаткан болот. Аны көрө коюп, бакырып жиберип, четке чыга качканын көрүшкөн комиссия анын сахнада өзүн эркин

сезип, ишенимдүү алып жүрүү жөндөмүн жактырышат. Сыноонун акырында мектептен келгендердин ичинен Жапар Көкүмов деген бала экөөнү кабыл алгандыктары жөнүндө билдиришет.

Кубанычы койнуна батпай келген Даркүлгө үйүндөгүлөрдүн айткан каалоосу күтпөгөндөй кыска болот.

— Маскарапоз болбойсуң!

Мындай бүтүмгө каршылык көргөзүү кыйын экенин сезген Даркүл мектептеги окуусун уланта берүүгө аргасыз болот.

Айлананы көркүнө чыгарган май айынын бир күнү окуудан жаңы келген Даркүлдү издеп, ат коштогон бирөө келет. Келип кетсин деп Отунчу Сарбагышев жиберген экен. Ал кишинин кайра жеткирип кое тургандыгы жөнүндөгү ишенимдүү сөздөрүнөн кийин Даркүл барып келүүгө уруксат алат. Барса, баягы март айындагы комиссиядан өткөн күндөн бери ал жаш көрүүчүлөр театрынын артисткасы болуп эсептелээрин, азыр болсо, айлыгын алып кетүүгө чакырганын Отунчу Сарбагышев Даркүлгө билдирет. Көпчүлүк эл театрга канчалык кызыгуу менен караша да ага келип иштөө үчүн кыргыз аялдарын тартуу маселеси ал кезде кыйын эле. Театрдын социалдык мааниси тууралу башкача көз караште болушкан адамдардын тоскоолдуктарын жеңилдетүү максатында атайын жасаган О. Сарбагышевдин кыраакы мамилесинен улам Даркүлдүн ата-энесинин көз караштары да өзгөрө баштайт. Ошондон тартып Даркүл театрдын репетициясына бара турган болот. Театрдын ишине катышуу менен бирге ал мектептеги окуусун да улантып, комсомолдук ар кандай тапшырмаларды да аткарып жүрөт. Деги, ошол кездеги бардык нерсеге аралашып, колунан бардыгы келген комсомолдун духу аны өзгөчө шыктандыраар эле. Комсомолдун шарданы менен тез эле жаңы агымга аралашууну эңсеген кыз жашын эки жылга чоңойтуп айтып комсомолго өтүп алган экен. Окуу жылы аяктаганда комсомол комитетинин талабы боюнча аны Аламединдеги пионервожатыйларды даярдоочу бир жылдык курска жиберишет. Комсомол жиберип жатканда кийин ал иштеп жаткандыгын шылтоо кылбастан туруп жөнөп кетет. Катуурак талап койгондо чочутуп аламбы деп этияттык менен

мамиле жасаган Отунчу Сарбагышев дайынсыз жок болуп кеткен Даркүлдү бир айдан кийин курста окуп жүргөн жеринен табат.

Үйдөгүлөр каршылык кылбагандан кийин мындай проблеманы чечүү оңой эле. Даркүлдү комсомолдун шаардык комитетинин чечими боюнча кайрадан чакыртып алат. Мына ушундан баштап Даркүл Куйүкованын театрдагы чыгармачылык жолу башталат.

Коллективдин негизин түзгөн артисттердин дээрлик көпчүлүгү өздөрүнүн сахналык тажрыйбасы боюнча Д. Куйүковадан айырмаланбагандыктан театрдагы репетиция менен бирдикте алар театралдык билимин өркүндөтүү боюнча атайын түзүлгөн программа боюнча сабак өтүшчү.

Д. Куйүкованын алган теориялык билими театрдагы иштеген алгачкы 2—3 жылдын ичинде режиссерлор Самарин-Волжский, А. Куттубаев, П. Ефремовдор жана атайын предметтер боюнча бөлүнгөн педагогдордун сабактары менен гана чектелүүгө туура келди. Ал эми негизги чеберчиликке ал спектаклдердин үстүнөн практикалык түрдө иштөө учурунда жетишти.

Актрисанын сахнадагы тушоосун кескен алгачкы ролу Н. Гоголдун «Үйлөнүү» аттуу комедиясындагы үй кызматчысы Дуняша болду. Бул спектакль жаш балдар театрынын да алгачкы спектакли болгондуктан негизги ролдорду аткаруу үчүн Кыргызстан Мамлекеттик драма театрынын актерлору чакырылган. Мурдатан сахнада белгилүү тажрыйбага ээ болуп калышкан К. Эшимбеков, М. Кыштообаев, Т. Кулмухамбетов, Г. Уразбаева сыяктуу актерлор менен иштешүү актрисага бир кыйла ишеним берип, берилген образдын жан дүйнөсүнө түшүнүү менен иштөө жөнүндөгү режиссерлордун талаптарын ал өз деңгээлинде аткарууга жетишет. Спектакль көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынат. Андан кийин коюлган В. Вeприцкаянын «Скебдин уулу» аттуу спектаклде Даркүл Анна аттуу кыздын ролун аткарат. Бул образ өзүнүн жашы боюнча актрисанын табиятына жакын болгондуктан аны ойноо бир кыйла ишенимдүү да жеңилирээк да болот. Актрисанын жакшынакай аракетин жана

жөндөмүн байкаган режиссер О. Сарбагышев кийинки жылы К. Маликовдун «Күлүйпа» аттуу пьесасынан башкы каарман Күлүйпанын ролун ыйгарат. Колхоздо иштеген активдүү кыз Күлүйпа чарбадагы ар кандай терс көрүнүштөргө кайдыгер карай албайт. Колхоздун жетекчилерин райкомдун алдында уятка калтырып, кемчиликтеринин бетин ачып, колхоздогу маданий турмушту жандандыруу максатында өздүк-көркөм чыгармачылык ийримин уюштуруп, жаны тынбаган активдүү кыздын образын түзүү, чындыгында, Даркүл үчүн бир кыйла кыйыныраак болду. Спектакль жалпы жонунан анчейин оригиналдуулугу менен айырмалана албаса да андагы Д. Күйүкова түзгөн образ өзүнүн активдүүлүгү, адамга жугумдуулугу жана ошол учурдагы турмуштун кырдаалында темасынын актуалдуулугу менен көрүүчүлөр арасында ийгиликке жетише алган.

Көрүүчүлөр алдында жетишкен ийгиликти да көтөрө билип, өзүнүн кемчилигин да көрүүчүлөр менен көзмө-көз жолугушканда кайрадан чагылыштырып сезбей туруп чыныгы чеберчиликтин жолуна түшүү кыйын экендиги белгилүү. Кеп ошол ийгиликтин да, кемчиликтин да сырын туура түшүнүп, ага туура мамиле жасай билүүдө. Айрым актерлор көрүүчүлөрдү күлдүрүп койгондугуна эле жетине албай, аны ийгилик катары сезип, кийинки жолу андан да ашыра куудулдануунун аракетин жасай баштаганын көрөбүз. Күлкүчүлөрдүн саны мурдагыдан да көбөйө баштаганы менен андай актер көрүүчүнү максаттуу ойдун артынан ээрчите албай анын ордуна көркөм табити калыптана элек көрүүчүлөрдүн артынан өзү ээрчип кеткендигин байкабай калат.

Ал эми кай бир актерлордун оюну көрүүчүлөр тарабынан канчалык тандоосун кабыл алынып жаткансып көрүнсө да, ал өзүнүн айтайын деген оюнда бекем туруп, негизги позициясын эч качан бошондотпогонун көрөбүз. Мындай актерлор айрым учурларда өкүттө калса да, акыры барып өз максатын ишке ашырбай койбойт.

Даркүл Күйүкова да өзүнүн турмуштук табияты боюнча алдына койгон багыттуу максатын ишке ашырмайын тынчыбаган аракеттүү актерлордон.

Азырынча тажрыйбага ээ боло элек актриса канчалык тырышканы менен эгерде туура багыт берип, көзөмөлдөгөн педагог болмоюнча өз жолун таба албастан көрүүчүлөрдүн артынан ээрчип кетүүсү ыктымал эле. Сахнага чыкканда айта турган ойду кандайча каражаттар менен жеткирүү керектигин күн мурунтан тактап, машыгуу жолун үйрөнүүдө менин көзүмдү ачышкан алгачкы педагогдорум Отунчу Сарбагышев менен театрдагы орус труппасынын режиссеру Петр Максимович Ефремов болду деп эскерет Даркүл Күйүкова өзүнүн алгач кадамы тууралу сөз кылганда.

Чындыгында эле бул режиссерлор актрисанын кеңири пландагы ролдорду аткарууга жөндөмүн туура баамдашкан. Ошондуктан аны ар кандай куралтагы, кыял-жоругу ар түрдүү образдар аркылуу сынай башташат. М. Токобаевдин «Кайгылуу Какейинде» адамдын айласын кетирип, жыгылыштуу кылууга жөндөмдүү, жүйөөлүү сүйлөй билген келин Акылайдын ролун тапшырышат.

«Кайгылуу Какей» спектаклинде кылымдар боюнча мал катары сатылып келген кыргыз кыздарынын кайгылуу турмушу чагылдырылат. Өзүнүн карып калганына карабастан байлыгына чиренген Чойбек чал жаңыдан ачылып келе жаткан гүлдөй болгон жаш кыз Какейди мурдагы төрт аялынын үстүнө токолдукка алмакчы болот. Ошол ач көз байдын мүнөзүн тереңдетип ачып берүүдө андан жеңкетай доолаган Акылай — Күйүкованын түзгөн образы абдан ишенимдүү чыккан. Чойбек жеңкетайдан оңоюраак кутулуп кетүүнүн жолун издеп, канчалык алактап далалат кылса да ыгы менен таап сүйлөгөн жүйөөлүү сөздөргө аны жыгылыштуу болууга аргасыз кылат. Бул сахнадагы диалогдон улам Акылай — Күйүкова айткан сөздөр канчалык жөндүү көрүнсө да Какей менен Чойбектин ортосундагы мамиле үчүн эч кандай жакындаша албастыгын баамдоого болоор эле. Мына ошого карабастан негизги максатты эптеп пайда көрүп калуу жагына оодарып: ал эми кыздын тагдырына анчейин маани бербестен көз жумдуулукка салуусу көрүүчүлөрдүн аң-сезимине из калтыра турган.

Коомчулуктун кызыгуусун туудурган коллективдин алгачкы

ийгиликтеринен улам 1938-жылы театрдын жаңы сезону башталаар алдында Кыргыз ССРинин эл комиссарлар Советинин искусство иштери боюнча башкармасы коллективдин катарын мындан ары да чыңдоо максатында Кыргызстан Мамлекеттик театрынын айрым артисттерин Жаш балдар театрына которушат.

Театрдын труппасын чыңдоо менен бирге анын репертуарына да классикалык чыгармалардын үлгүлөрүнөн киргизүү жөнүндө кам көрүлөт. Испан драматургу Лопе де Веганын «Койлуу булак» (бул пьеса «Лауренсия» жана «Фуэнте Овехуна» деген аттар менен да белгилүү) деген драмасы өзүнүн мазмуну боюнча эркиндикке жаңыдан чыккан кыргыз көрүүчүлөрү үчүн жакын эле. Мында өз кызыкчылыгын бардыгынан жогору койгон Командордун зомбулугуна тайманбастан каршы чыккан Лауренсия аттуу кедей кыз жалпы элди эзүүчү таптын кишенинен бошонуп, эркин жашоого үндөп чыгат. Мындай чакырыкка шыктанышкан эл көтөрүлүшкө чыгышып, жеңишке ээ болушат.

Спектаклди орустун реалисттик театр искусствосу боюнча көп жылдык тажрыйбасы бар режиссер-педагог А. Самарин-Волжский сахнага коет. Көрүүчүлөр спектаклди зор кызыгуу менен кабыл алат. Ийгиликтин бирден-бир себепчилеринен болушкан Лауренсиянын ролундагы Б. Кыдыкеева, Фрондосонун ролундагы С. Жаманов, Командордун ролундагы О. Сарбагышев, Хасинтанын ролундагы Д. Күйүкова түзгөн образдар коомчулук тарабынан жогору бааланып кабыл алынат.

Д. Күйүкова аткарган Хасинта Лауренсиянын жакын курбусу болгон. Турмуштук айрым жагдайлар боюнча ал Лауренсияга караганда тереңирээк түшүнүгү бар акылы тетик кыз. Лауренсияны өзүнүн тузагына илиндирүү максатында жасаган Командордун аракетинин бетин ачып, ал курбусунун алдоого көнбөөсүн сурап, өз учурунда кеңешин берет. Хасинта — Д. Күйүкова менен Лауренсия — Б. Кыдыкееванын жолугушуп сырдашкан жери көрүүчүлөрдү кайдыгер калтырбай толкундатарлык деңгээлде чечилген.

1939-жылдын башында Касымбек Эшмамбетовдун «Сарынжи» аттуу драмасы сахнага коюлат. Турмушта болуп өткөн окуянын

негизинде эл арасында оозеки түрүндө мурдатан айтылып келе жаткан элдик поэма боюнча жазылган бул драма көпчүлүк көрүүчүлөрдү кызыктырбай койгон жок.

Атасынын көзү тирүүсүндө Сарынжиге кудалап кеткен Берметти кийин бир тууганынын көзү өткөндө анын ордуна хан болуп калган Бөкөй өзү алмакчы болот. Сарынжи менен Бөкөйдүн ортосуна арамдык менен атайылап чок салган Коңур анын андан ары тереңдеп тутануусуна өбөлгө түзөт. Коңурдун мындай кыянатчылыгына наалат айтып, күйөөсү Бөкөйдүн ач көз, адилетсиздигине каршы чыккан аялы Акчайымдын образы драмадагы эң бир мүшкүлдүү, кайгылуу образдардан. Атадан жаш калып, эресеге жете элек Сарынжиге жан тарткандыгы үчүн Бөкөй менен Коңур Акчайымдын эки көзүнө уу куйдуруп, сокур кылып туруп ач талаага кубалап жиберишет.

Мына ушундай жагдайга туш болгон Акчайымдын трагедиялык образын Даркүл Күйүкова аткарат.

Д. Күйүкованын аткаруусунда Акчайым өзүнүн тагдырына туш келген кордукка моюн сунуп, мүңкүрөп калбаган, адилеттик үчүн өлүмдөн да кайра тартпай акырына чейин күрөшкөн ички дүйнөсү терең аялдын образын түзгөн. Өзгөчө анын сокур болуп кеткендеги сахнасы таасирдүү чыккан. Режиссерлор О. Сарбагышев жана П. Ефремовдор өздөрү кийлигишип, жардам берип жатып кадимки сокур адамдай кылып гримдешчү — деп эскерет актриса, — ошол боюнча ал тоо-ташты аралап тентип кетет. Сахнанын төрүнө чейин жасалган тоого чыгып кетип, жол таппай кайгылуу ыр менен өзүнүн оюн баяндайт. Акыры тоодон жыгылып, кулап келип ойго токтойт да оркестрдин коштоосунда өзүнүн кайгылуу ырын ырдайт. Ал ырды угуп издеп келишкен эл аны бөөдө өлүмдөн куткарып алып кетишет. Адам көрбөс кордуктарды башынан өткөрсө да ал өз оюнан кайтпай, акырына чейин күрөштү уланта билген, майтарылгыс эрки бар аял катары көз алдыда сакталып калат.

Хасинтанын ролунан кийинки ийгиликтүү чыккан Акчайымдын ролу Дүркүлдүн туура багытта бара жаткандыгын айгинелеп, анын педагог-режиссерлорун кубантпай койгон жок.

— Акчайымды аткарган мына бу кыз жүктүн алдында жа-

тып жаңыдан жарыкка чыккан гүл катары азыр өңүнө чыкты. Ушул арымынан жазбай эмгектене билсе мындан бир нерсе чыкпай койбойт деген Отунчу Сарбагышев. Анын айтканы төгүн болбоду. Алгачкы ийгиликке маанчыркап калбастан Даркүл Күйүкова изденүү аракетин күчөтө берди.

О. Сарбагышевдин «Көкүл» аттуу кыргыз эл жомогунун негизинде жазган пьесасы боюнча 1939-жылы коюлган спектакль Жаш балдар театрынын репертуарындагы көрүнүктүү чыгармалардын бири болуп эсептелет. Бул спектаклде Д. Күйүкова 75 жаштагы Бурул деген кемпирдин ролун аткарат. 17 жаштагы кыздын карыган кемпирдин ролунда чыгуусу, чындыгында кимди болбосун шектендирбей койбостугу белгилүү. Ролго канчалык берилип ойногон менен бир жагынан болбосо да бир жагынан жаштык мүнөзүн билдирип коюусу ажеп эмес эле. Бирок ыңгайы менен туура табылган грим, жупуну костюм, образга бүткүл сезими менен берилип ойноого жетишкен актрисанын чеберчилиги аны таанылгыс кылып өзгөрткөнүн азыр да замандаштары кеп кылышат. Бир жолу спектаклди көрүүгө келген ал кездеги согуш комиссары И. В. Панфилов оюн бүткөндөн кийин коллективдин ийгилиги менен куттуктаганы атайын келиптир. Кемпирдин образы өзгөчө таасир берсе керек,— «где эта старуха?» — деп актерлорду тегерете карап таппай койгондо, гримди алып таштап, өзүнүн кийимин кийип турган жаш кызды көргөзүшөт. Ошондо Панфилов таң калганын жашыра албай ыраазылыгын билдиргени актриса үчүн унутулгус чоң сыймык болот. Омор менен Бурулдун карыганда көргөн жалгыз перзенти алтын көкүл баладан чочулап, аны жок кылуу жөнүндөгү Жакып хандын буйругунан эптеп кутулуп чыгышкан абышка-кемпир аны тоо-токойдун арасында жашырып багып чоңойтушат. Баласынын аман-эсен өсүп жетилүүсүн тилеген чалкемпир бардык кыйынчылыкка кайыл болуп, тоо арасында аңчылык кылып күн өткөрүшөт. Кийинчерээк чалынан да айрылган Бурул баласы Көкүл менен жалгыз калат. Күн өткөн сайын акыл-эси кирип, күч-кубаты жетилип келе жаткан баласынын деми анын кайратына кайрат кошот.

Өзүнүн жаштыгына карабастан турмуштун катаал сыноосун башынан өткөргөн кайраты мол, мээримдүү эненин мүнөзүн ал ишенимдүү ачып берген. Көкүлдү кармап алып орго салып коюшкан жериндеги Бурул — Күйүкованын баласын издеп келген сахнасы өзгөчө таасирдүү чыккан.

Ар кайсы жерден жолуккан куу жыгачтардан кыя өтпөй отунга чогулта жүрүп, зар какшап Көкүлдү издеп келатат. Акыры Көкүл жаткан ордун да табат. «Көкүл, кайдасың?» — деп, орго эңкейип карап, чебеленип ыйлайт. Чыгарып алууга эч мүмкүнчүлүк таппай, жанталашып ары-бери чуркайт. Кемпирге жан тарткан хандын койчусу Таз — О. Сарбагышев жардамга келип, кедейлер менен бирдикте Көкүлдү ордон чыгарып алышат. Ийгиликтүү чыккан Бурул кемпирдин образы Даркүл Күйүкованы дагы жаңы изденүүлөргө шыктандырды. Ал улам жаңы образдын үстүндө иштеген сайын турмуш талап кылган татаал мамилелерди үйрөнүп билүүгө мүмкүнчүлүк алып, сахнага чыккан сайын андан рахат ала баштаганын сезди.

«Сарынжи» спектаклине болгон көрүүчүлөрдүн зор кызыгуусунан улам коллектив республикабыздын райондоруна да гастролго чыга турган болушту. Гастроль учурунда азыркыдай ыңгайлуу шарттын жоктугуна ал кезде камырап койбостон жүрө бергендиктери жөнүндө азыр актерлордун кимиси болбосун ыраазы болуу менен эскеришет.

Ал эми күн сайын Төкөлдөштөн келип спектаклдерге катышуу маселеси да кыйынчылыкты туудураар эле. Айрым учурда генералдык репетиция болуп көпкө кармалып калганыбызда көшөгөлөрдү оронуп кулиске жатып калган да учурларыбыз болгон. Же болбосо, оюндан кийин кете албай калган күндөрдө театрга жакын турган Сыдыкбек Жамановдун үйүн өзүбүздүн экинчи үйүбүз катары сезчүбүз — дейт, Д. Күйүкова, бар болгон нанын тең бөлүшүп жеп, кичинекей жалгыз бөлмөсүнө канча киши болсок да батып кетип, театр жөнүндөгү сүйлөшкөн сөзүбүз эч качан түгөнбөс эле.

Элибиздин сыймыгы болушкан көпчүлүк актерлорубуз мына

ушундай шартта иштеп, чыгармачылыктын рахатына батуу менен искусствобуздун алгачкы кирпичтерин коюшкан болучу. Ал эми театрга болгон көпчүлүк элдин мамилеси, гастролго барган театр коллективдерин колхозчулар кызыл туу көтөрүп чыгып, атайылап үй тигип тосуп алуусу, аларга урмат көргөзүп бар болгон мыкты унааларын берип узатып турушкандары артисттерди да көп нерселерге шыктандыраар эле.

Ушул учурда Д. Күйүкованын чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн бардык жактан өнүктүрүү максатында режиссерлор ага ар башка пландагы ролдорду тапшырууусун уланта беришти. Т. Саманчиндин «Берметтин уландары» аттуу пьесасы боюнча коюлган спектаклде актриса колхоздун чабаны Абыштын ролун аткарат. Ал эми К. Жантөшевдин «Кичине баатырында» пионер Болотбектин образын түзөт. Самолеттордун моделин жасап, учкуч болууну эңсеп жүргөн пионер Болотбек — Д. Күйүкова өзүнүн моделин сынап жүрүп, совхоздун чарбасына зыян келтиришкени жүргөн чыккынчыларды байкап калат. Алардын бетин ачып, колго түшүргөнүн актриса зор кызыгуу менен аткарган.

Д. Күйүкованын травести катары ушул учурдагы аткарган дагы бир ролу А. Яковлевдин «Пионер Павлик Морозов» аттуу пьесасындагы башкы каарман Павликтин ролу болгон. Коллективизация учурунда жаңы уюшулган айыл чарба артелинин ишине зыян келтирип, мамлекетке төгүүчү эгинди жаап-жашырып, катып алышкан кулактардын бетин ачып, аларга аёосуз күрөш жүргүзгөн эр жүрөк пионер Павликтин образы бир кыйла ишенимдүү чыккан. Сары чачтуу парик кийип, көздүн айланасын көгөртө боёп алып, галстугун тагынып боз кийимчен тыкан жүргөн Павликти ал эч нерседен жалтанбаган, ачык-айрым мүнөздүү пионер катары көргөзгөн. Ал эч качан кабагын бүркөбөгөн, тамашөкөй бала. Сабира Күмүшалиева ойногон Пашка деген иннисин ээрчитип алып, «Пашка, сенин башың кашка» — деп эркелетип жүрмөйү бар. Өзүнүн жолдошторуна да күйүмдүү, ар дайым туура багыт берип, керектүү учурда акыл айтып жүргөн эстүү бала. Токойдун арасында бүлдүркөн терип жүргөндө Павликти өзүнүн чоң атасы баш болгон кулактар кармашат.

Теңдешсиз кармашууда ага бычак сайышып өлтүрүшөт. Ал өзүнүн кичинекейлигине, жаштыгына карабастан, жаңы коомго болгон көз карашынан кайра тартпастан баатырларча кармашып жатып курман болот.

Д. Күйүкованын ишенимдүү түзгөн образы боюнча козголгон ой ошол кездеги Кыргызстанда коллективизациянын кызуу жүрүп турган учурунда тарбиялык таасири абдан күчтүү эле. Жомоктон алынып жазылган «Көкүл» драмасынын көрүүчүлөр арасындагы ийгилигине шыктанган Отунчу Сарбагышев 1940-жылы өзүнүн «Улуу мерген» аттуу пьесасын сахнага коёт. Окуя мында да жомоктон алынып, улуу мерген деген атка конгон Керездин жез тумшук, жез тырмактар менен болгон күрөшүнүн айланасында өтөт. Негизги ой адамдын бейкут турмуш жөнүндөгү ой-санаасын, жашоо үчүн ар кандай кыянатчылыктарга каршы күрөшүн чагылдырууга багытталган. Бирок ошол ойду ишке ашырууда адам таң каларлык фантастикалык окуяларга көбүрөөк орун берилип кетип, чыгарманын ишенимдүүлүгү солгундап кеткени өз учурунда белгиленген. Ошондой болсо да мындагы ийгиликтүү чыккан образдарга көңүлдү бурбай коюуга болбойт.

Адамдарды уурдап кетишип, жер астында аларды таш кылып катырып коюшкан жез тумшуктардын корккону улуу мерген. Аны эптеп колго түшүрүү максатында Керездин сүйгөн кызы Жыпарды Алпкаракуш болуп кубулуп келип ала качып кетишет. Улуу мергенди чексиз сүйгөн, тайманбаган мергенчи кыз Жыпардын ролун Д. Күйүкова аткарган. Сыйкырчы жез тумшуктар аны көөдөнүнө чейин таш кылып катырып коюшса да, ал улуу мергендин келип куткарып алаарына ишенип эч качан үмүтүн үзбөйт. Анын кыраакылыгы, бардыгын көз жаздымында калтырбастан байкай билүүсү Керездин жез тумшуктарды жеңип чыгуусуна өбөлгө түзөт. Көрсө, эч качан өлбөстөй болуп жаралышкан жез тумшуктардын жаны жалтыраган сайма жоолукта экен. Сыйкырчы желмогуздарды жеңип чыгышкан эки жаштын бактылуу салтанатын көрүүчүлөр кубаныч менен кабыл алышат.

1941-жылдын башталышында театрда Ж. Б. Мольердин «Акмак болгон күйөө» («Жорж Данден») аттуу комедиясы коюлат. Башкы каармандар Жорж Данден Анжелика, Клитандрлардын өз ара күлкү келерлик мамилелерин андан ары жандандырып курчуткан үй кызматчысы Клодинанын образын Д. Күйүкова сахнага ийгиликтүү алып чыкты.

Республикалык жаш балдар театры бар болгону алты сезон иштеди. 1941-жылы Кыргызстан Мамлекеттик драма театры уюшулганда Жаш көрүүчүлөр театры жоюлуп, анын көрүнүктүү актерлорду жаңы түзүлгөн коллективге кошулду.

Жаш балдар театры (ТЮЗ) анчейин узак өмүр сүрбөсө да алты жыл үзүрлүү эмгеги менен кыргыз театралдык искусствосунун тарыхына белгилүү из калтыра алды. Театр коллективи дүйнөлүк жана орус классикалык чыгармаларын өз сахнасында коюу менен бирге жаңыдан телчигип келе жаткан кыргыз драматургиясын калыптандыруу багытында да бир кыйла салым кошту.

Бул театрдан тарбияланып чыгышкан Д. Күйүкова, Б. Кыдыкеева, С. Жаманов, К. Жаманова ж. б. актерлор кийин да кыргыз театралдык искусствосунун күрдөөлдүү этаптарын жаратуучулардан боло алышты.

Республикалык жаш көрүүчүлөр театрынын белгилүү спектаклдерине катышуу менен бирге Даркүл Күйүкова орус реалисттик искусствосунун өкүлдөрү А. Самарин-Волжской, К. С. Станиславскийдин системасындагы негизги талаптарды үйрөнүп билүүгө мүмкүнчүлүк алды. Таланттуу режиссер Таланттуу режиссер О. Сарбагышевдин жардамы менен образ түзүүдөгү чеберчилигин такшалтты. Жаңы түзүлгөн Кыргызстан Мамлекеттик драма театрына ал сахналык тажрыйбасы бар, белгилүү актриса катары өзүнүн конкреттүү багыттагы көз карашы менен келип кошулду.

## ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН НЕГИЗГИ БАГЫТЫ ПАТРИОТТУК ТЕМА

*(Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Кыргызстан Мамлекеттик драма театрындагы жылдар)*

Кыргызстан Мамлекеттик драма театры уюшулганга чейин республикабыздын борборундагы драмалык театрдын милдетин Республикалык жаш балдар театры (ТЮЗ) аткарып келген. Себеби 1939-жылы кыргыз искусствосунун Москвада өткөн декадасынан кийин мурда драмалык жанрдагы спектаклдерди да коюп келген Кыргызстан Мамлекеттик музыкалуу драма театры эми опера-балет театрынын багытында иш жүргүзө баштаган болчу.

Ал эми драма театрын өз алдынча бөлүп чыгуу үчүн актердук кадрлар жетишсиз эле. Ошондон улам Москвадагы А. В. Луначарский атындагы театралдык институтта окуп жатышкан кыргыз студиясынын студенттери бүтүрүп келгенге чейин драмалык багыттагы Муратбек Рыскулов, Сабира Күмүшалиева, Абугазыр Айбашов, Шамшы Түмөнбаев сыяктуу бир кыйла актерлор убактысынча Жаш балдар театрынын спектаклдерине, ошондой эле, опералык жана балеттик спектаклдерге катышып иштеп турууга туура келген. 1941-жылы 22-июнда фашисттик Германия согуш жарыялабастан туруп тынч жаткан мекенибизге бүлүк салып басып кирди. Совет эли өзүнүн бардык күчүн Ата Мекенди душмандан коргоп калууга багыттады. Ошондой болсо да партия менен өкмөтүбүз элди патриоттук духта тарбиялоодогу театр искусствосунун ролун жогору баалоо менен жаңыдан өнүгүп келе жаткан кыргыз театрын мындан ары да чыңдоо жагына көңүл бөлдү.

Москвадан окуусун жаңы бүтүрүп келишкен кыргыз студиясынын негизинде 1941-жылы Кыргызстан Мамлекеттик драма театры түзүлөт. Бул коллектив опера-балет театрынан жана Жаш балдар театрынан алынган белгилүү актерлор менен толукталат. Ошону менен бирге жаңыдан өнүгүп келе жаткан областтык театрлардын коллективдерин да тажрыйбалуу актерлор менен толуктоо маселеси каралат. Мындай кырдаалдан улам Республикалык жаш балдар театры жоюлуп, анда тажрыйбага

ээ болушкан көпчүлүк актерлор республикабыздын областтык театрларына которулат.

Республикабыздын театрлары басып кирген душман менен жан аябастан күрөшүүгө үндөгөн чыгармаларды өздөрүнүн сахнасында коё башташты. Кыргыз жазуучулары, драматургдары совет элинин патриоттук багыттагы эрдиктерин чагылдырган чыгармаларды жазууга киришти. К. Эшмамбетовдун «Кара туман», К. Сарбагышев менен К. Жантөшевдин «Азаматтар», Р. Шүкүрбековдун «Өч», А. Токомбаевдин «Ант» ж. б. пьесалары биринин артынан бири республикабыздын театрларынын сахналарында жарык көрө жаштады.

1942-жылдын ноябрь айында Кыргызстан Мамлекеттик драма театрынын сахнасында А. Токомбаевдин «Ант» деген пьесасы боюнча коюлган спектаклдин премьерасы болду. Спектаклде кыргыз жигити Белектин согуштагы майтарылгыс эрки, оорукта калган элдин патриоттук дух менен эмгектенип, ич арадагы душмандар менен күрөшү көргөзүлөт.

Д. Күйүкова бул спектаклде адегенде медсестра кыздын эпизоддук ролун аткарып чыккан. Бирок спектаклдин жүрүшүндө өзүнүн көңүлүнө жаккан башка ролдорго да көңүл бөлүп, даярданып жүрчү экен. Белектин аялы Зыйнаттын образы өзүнүн аракеттүүлүгү, жакшынакай адамдык сапаты менен актрисаны кайдигер калтырбагандыктан ал ушул образдын текстин жазып алып өз алдынча ойноп жүргөн. Бир күнү күндүзгү спектакль учурунда бул ролду ойноочу актриса жок болуп калып, эмне кылуу керектигин билбей кыйналып турушканда Д. Күйүкова бул ролдо ойноого даяр экендигин билдирет. Спектакль ойдогудай өтөт. Театрдын ошол кездеги башкы режиссеру А. Айдаркулов актрисанын бул аракетине ыраазылыгын билдирип куттуктайт.

1942-жылы А. Айдаркулов койгон «Алдар көсө» спектаклинде Д. Күйүкова Меңсулуу аттуу хандын кызынын ролунда чыгат. Бул спектаклде Алдар көсөнүн ролун М. Рыскулов, хандын ролун Н. Кытаевдер жакшы аткарышкан дешет. Карачач ашык болуп жүргөн жигитти Меңсулуу жактырып калып, ага тием деп ыйлаган чалчаке, эрке кыздын ролун Д. Күйүкова сати-

ралык планда экилентип көргөзө алган. Театрдын көркөм жетекчилери үчүн актрисанын чеберчилик жөндөмү белгилүү болуп калгандыктан жаңы коюлган спектаклдерде негизги аракетти институтту бүтүрүп келишкен жаш артисттерди практикалык жактан такшалтуу жагына бурушкан.

Көпчүлүк спектаклдерде Д. Куйүковага эпизоддук ролдорду ыйгаруу менен чектелүүсү да ошол себептен эле. Бирок актриса «Кичине роль болбойт, кичине актер болуусу мүмкүн» деген Станиславскийдин аныктамасын ыйык тутуу менен сахнага чыккан сайын чыгарманын маанисин тереңдете тургандай каражаттарды таап чыгууга аракеттенип, издене берди.

Бул изденүүлөрдүн бардыгы тең эле телегейи тегиз болуп, бардык жагынан талаптагыдай боло койгон жок. И. Бахтеров менен А. Разумовскийдин пьесасы боюнча коюлган «Суворов» аттуу спектаклде ага графиня, дамалардын арасында көрүнүп, Суворовго айрым жаңылыктар жөнүндө кабар берип жүргөн София деген аялдын ролу тапшырылат. Спектаклди окуусун Москвадан кыргыз студиясы менен бирге бүтүрүп келген режиссер Ажыгабыл Айдаркулов койгон.

Орустун падыша сарайындагылардай сөөлөттүү дама болуп мурда ойноп көрбөсө да актриса бул образ боюнча режиссердун талаптарынын өз деңгээлинде аткарууга жетишет. Бирок спектакль эң эле узун болуп, айрым эпизоддор негизги окуянын өнүгүүсү үчүн жолтоо болгондой таасир калтыргандыктан көрүүчүлөр алдында ал анчейин ийгиликке ээ боло албады.

Согуш жылдарында Даркүл Куйүкованын түзгөн образдарынын негизги багыты патриоттук теманы чагылдырган героикалык мүнөздөгү каармандар болсо да, анын репертуарында ушул сыяктуу шайкелең мүнөздүү (характерный) образдар да аз эмес экендигин көрүүгө болот. К. Жантөшевдин «Ким кантти» аттуу музыкалуу комедиясында ал Баалы аттуу дүлөй кемпир жана Салый деген келиндин образдарын түзгөн. Ал эми Р. Шүкүрбековдун «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» деген пьесасында ойсоке келин Күлсүндүн ролун аткарат. Жумуш иштегиси келбей, ал тургай, үйдөгү түйшүктөрдү да күйөөсүнө жүктөп, ал эми анын ишиндеги жумуштарды оңой эле бүтүрүп жибере турган-

сып кийлигишкени кимдин болбосун кыжырын келтирээр эле. Мына ушундай чалчаке келиндин образын Д. Күйүкова таасын ачып берген.

Театрдын репертуарындагы ар бир спектаклден кур калбай ойноого туура келген бул сыяктуу ролдордон улам ал өзүнүн жөндөмүн бардык жактан сынап көрүүгө мүмкүнчүлүк алып, чеберчилигин такшалдыра берди. Өзүнө тапшырылган кандай гана роль болсо да чоң жоопкерчилик менен киришип, улам жаңы табылгаларды таап келүүгө болгон умтулуусу коллективдеги чыгармачылыктын атмосферасына да зор роль ойной тургандыгы төгүн эмес.

Бирок театрда коюлган героикалык темадагы спектаклдерде ал өзүнүн табиятына жакын көрүнгөн ролдорду атайын берилбеген күндө да өз алдынча жаттап, даярданып жүрө берүүчү. Өз учурунда башкалар тарабынан байкалбай калган күндө да чыныгы талант баары бир бөлүнүп чыгат эмеспи.

К Жантөшевдин «Курманбек» спектаклинде (режиссер О. Сарбагышев) Д. Күйүкова адегенде туткунга түшкөн кыздын ролунда чыгат. Андан кийин Б. Бейшенбаева менен кезмектешип Гүлайдын ролун талаптагыдай аткарып жүрдү.

Ошентсе да, ал Айганыштын ролун аткарууга кумарлана берди. Өз алдынча даярданып жүрдү. Акыры бышып жетилди го дегенде театрдын көркөм советинин көрүүсүн өтүндү. Көркөм совет Д. Күйүкова түзгөн Айганыштын образын жогору баалоо менен кабыл алды. Актриса аны ошол 1944-жылдан 1956-жылга чейин театрдын сахнасында, адегенде А. Айдаралиева, Ж. Калчаева менен кезмектешип, ийгиликтүү, аткарып келди.

«Курманбек» драмасындагы кыргыз элинин душмандардан өз жерин коргоо темасы советтик жоокерлердин майдандагы эрдиктери менен үндөшүп тургандыктан спектаклдин көрүүчүлөр үчүн таасири чоң эле. Калык Акиев айткан элдик эпосто Айганыштын образы өзүнүн сулуулугу менен кимди болсо өзүнө тартып, мен баатыр дегендерди эрдик жасап сүйүүсүнө татыктуу болууга шыктандырган акылы тетик келбеттүү кыз катары көрүнсө, К. Жантөшевдин драмасында анын образы бир кыйла татаал, окуянын өнүгүүсүндө чечүүчү роль ойногон,

Курманбекке тете, каарман катары көрүнөт. Адегенде ал жоо жарагын байланып, өзүнүн теңтуш кыздары менен мергенчилеп жүргөн жеринен көрүнөт. Мына ушул жерден ал адамгерчилик сапаттары, турмушка болгон талаптары боюнча эки башка адамдар менен кездешет. Биринчиси — өзүнүн ар-намызы, эл-жеринин эркиндиги үчүн жанын берүүгө да даяр турган Курманбек болсо, экинчиси — өз кызыкчылыгы үчүн эч нерсе менен эсептешпей, ар кандай жүзүкаралыктарга барууга даяр турган ырайымсыз душман Корун экенин түшүнөт. Мына ушул эки башка көз караштагы адамдарга жасаган мамилеси аркылуу Айганыш өзүнүн ким экендигин даана билдирет. Андан ары драмадагы конфликттер аны менен түздөн-түз байланышта өнүгүп жүрүп олтурат.

Даркүл Күйүкова Айганыштын эч нерседен кайра тартпаган тайманбастыгын, душманга моюн сунбаган кайраттуулугун даана-лап көргөзүүгө жетишкен. Ушул эле ролду аткарган Бакен Кыдыкеевада аялдык назиктик, эмоционалдуулук күчтүүрөк болсо Д. Күйүкова түзгөн Айганыштын образында акыл токтотуп ойлоно билген рационалдуулук жагы биринчи планда эле.

Душманга каршы атланып чыгуу үчүн Курманбек — С. Жаманов атасы Тейитбектин Телтору атын суратып жибергенде, ал кайнатасынын үстүнө ийменип кирет. Ичинен Тейитбек — М. Рыскуловдун ырайымсыздыгын сезип турса да, бир жагынан адепти сактап, экинчи жагынан «элге мүшкүл иш түшүп» турганын жеткиликтүү кылып түшүндүрүүгө аракет жасайт.

Тейитбек — Рыскулов Телторуну бермек тургай алаканын тескери каратып туруп, адам чыдагыс уу тили менен «батасын» берет. Айганыш — Күйүкова каны ичине тартып, кумсарып угуп олтурат да, бирге келген Гүлайды ээрчитип чыгып кетет. Курманбекти жүзү каралык менен өлтүрүшүп, Айганышты колго түшүргөндөн кийин аны Корунга аял болуусун талап кылышат. Айганыш — Күйүкова ушул жерде өзүн башкаларга үлгү болорлук чыныгы элдик каарман катары көргөзөт. Макул болбосо атасы Дөөндү өлүм жазасы күтүп турганын укканда мурда эч сөз сүйлөбөстөй болуп чачын жайып коё берип, кара кийип кумсарып турган Айганыш — Күйүкова селт дей түшүп,

атасы Дөдөн — А. Айбашевди карап алат. Душманга эч качан намысты алдырбоосун сураныш турган атасын аянычтуу тиктеп турат да, кайратын жыйнап чыйралып туруп «жок!» деген жоопту берет. Душмандан кор болуп өлгүчө эл алдында намысын сактап, башкаларга үлгү болуп калууну жогору деп тапкан Айганыш катып жүргөн кестигин алып өзүн жүрөккө саймакчы болот. Жанында турган курбулары колун кармай калышат.

Кайрат айтымыш этип, Тейитбектин алдап көндүрүүгө болгон аракетин ал уккусу келбей наалат айтат.

Жасоолдор анын колдорун артына кайырганда аркасына түшүп турган чачы бетин жабат. Корундун жан-жөкөрү Доргу (Ш. Түмөнбаев) келип Айганыш — Күйүкованын чачын моюнуна толгой кармап туруп бычак салаарда сахнага элди баштап Курманбек кирет. Качаарга жер таппай бүжүрөп калышкан Корун менен Тейитбек кармалат.

Спектакль элдин эркиндик үчүн күрөшү качан да болбосун жеңип чыга тургандыгы жөнүндөгү ойду бекемдеп аяктайт. «Курманбек» спектаклинде козголгон баатырдык темасын андан ары уланткан дагы бир чыгарма К. Маликов менен А. Куттубаевдин «Жаңыл» (реж. А. Свистунов) аттуу драмасы боюнча коюлган спектакль болду.

Эл арасында кеңири белгилүү «Жаңыл Мырза» поэмасы кыргыз фольклорундагы баатырдык эпостордун катарына кирет. Жаңыл өз элин сырткы душмандардан сактоону ыйык парзы катары көргөн, эр жүрөктүүлүгү, көзгө атар мергендиги менен айырмаланган кыз. Өзүнүн ичиндеги катылган сырды туя билбегендерге ачылбаган акылынын тереңдиги, адамды бир көз караштан баалай билген сезимдүүлүгү, сүйүүгө туруктуулугу, ойройлук кылып намызына тийгендердин жазасын колуна берген курчтугу көп адамдардын көңүлүн бурат. Бирок даап барууга бардыгы эле батына бербейт.

Өзүнүн эр жүрөктүүлүгү, өкүмдүгү менен айырмаланган Түлкү баатыр Жаңылга баш кошуу жөнүндө сүйлөшкөнү келет. Бирок аялды адам катарына теңебеген феодалдык текеберчилигинин кесепетинен Жаңылдын намысына тиет да, анын колунан каза табат. Жаңыл Түлкүнүн адамдык сапатын, өзүнө тең келе

тургандай мүмкүнчүлүгүн тааный билип, канчалык жактырып турса да, анын курулай намыска жендирип, кыз кишини эл алдында басынткысы келгендиги үчүн сүйгөнүнө жаанын огун кадайт.

Түлкүнүн адамдары Жаңылды амал-айла менен кармап алышып, карылыгы жеткен Калматай чалга алып беришет. Бир кыйла убакыт өткөндөн кийин Жаңылдын көзгө атар мергенчилигин көрүүгө куштар болушкан элдин суроосу боюнча ал күлүк атына минип, жаасын тагынып туруп, ыргыткан калпакты жерге түшүрбөстөн калбыр кылат да, таң калган элдин көзүнчө кош айтышып, элин көздөй качып кетет.

Тарыхый чындыктын негизинде эл оозунда айтылып келген бул легенданын окуясын авторлор бир кыйла өзгөртүшүп, иштеп чыгышкан. Драмада эл массасынын ролуна көбүрөөк маани берилип, алардын өз феодалдарына жана тышкы душмандарга каршы күрөшүн даанарак көрсөтүшкөн.

Д. Күйүкова ойногон Жаңылдын образы да ошол эл массасы менен байланышта өнүгүп жүрүп олтурат. Эл ичинде бейпил турмуш болуусун каалаган Жаңыл алыстан келген меймандарды кабыл алууда сымбаты келишкен беш көкүл кыз катары көрүнөт. Сүйлөшкөнү келген Түлкү — баатырды жан-жөкөр, жигиттери менен салт боюнча ызаат-урмат менен кабыл алат. Бирок Түлкүнүн (С. Жаманов) жолуккандарды ким экенине карабай тебелеп кетчүдөй болгон өкүм кыялы дароо анын көңүлүн бурат.

Алчыланта кийген саймалуу бийик калпагы, мүчөсүнө келишкен сөөлөттүү кийими эч кимди теңсинбеген Түлкүнүн текебер мүнөзүнө жарашып тургансыйт.

Ойлонбостон бакылдап сүйлөп, күлгөндө тиши жаркылдап, сүзө качырып кирип келген Түлкү — Жамановду ал жүйөөлү сүйлөп сөзгө сындырат. Урматтуу меймандардын душманга окшоп камчысын сүйрөй киргендигин кандай түшүнсөк? — деген Жаңылдын мыскылдуу суроосуна оңдуурак жооп таба албай буйдала түшкөн Түлкү — Жаманов оор күрсүнүп алып ыңгайсызданганын жашыра албай камчысын бүктөп куруна кыстарат. Жаңыл — Күйүкованын ойлонуп туруп орундуу сүйлөгөн сөздө-

рүнүн төркүнүн байкаган Түлкү — Жаманов өзүнүн сөзгө келгенде чоркоктук кылаарын туюп, дароо капшаптап кирет.

— Кечиктирбей жообун бериңиз, өмүрлүк жарым болсо деп колумду сунуп келдим,— деп колун сунат.

Түлкүнүн өрттөй күйүп турган жалындуу мүнөзүнө суктанган Жаңыл эргиген кыялга жеңдирип колун таптап барат да, кайра ойлонуп токтой калат. Келе элек жатканда эле араң тургансып жабыша калбай, намызды сактайлы дегенчелик кылып, азырынча мейман болуусун өтүнүп чыгып кетет.

Ички сырын эл алдында жашырбастан түз айтып салып ошого жараша жооп ала албай калган Түлкү намыздана түшөт да, өкүмдүгүнө салып, өч алмакчы болот. Жаңылдын айлындагы жылкыга тийүүгө жигиттерине жашыруун буйрук берет.

Жаңыл — Күйүкова өзүнүн жалгыз калып айткан монологунда ичиндеги жан-муңун төгүп, турмушка болгон жакшы тилекти эмне үчүн ойдогудай аткарууга болбостугуна өкүнүчүн билдирет.

Түлкү жылкыны тийип кеткендиги жөнүндөгү кабарды угуп, кыялданып турган кыз аргасыздан жоо жарагын колго алат. Мурдакы назик ийкемдүү Жаңыл туулга-зоотун кийинип, кылычын кынынан сууруйт.

Өрүш алып жаткан жерине түн ичинде жете келген Жаңыл эмне кылаарын билбей, дагы эле болсо, Түлкүгө суктануу менен кыялданып карап турат. Жаңылдын кууп келип калганын сур тайганынан улам байкаган Түлкү:

«Канчыктын канчыгы келип калганбы?» — дегенде намызына келген Жаңыл Түлкүнү беттешүүгө чакырат. Жаңылдын колунан жарадар болгон Түлкү өлөр алдында аны чын дилинен сүйө тургандыгын айтат.

Мурда аялга теңсинбей карап, текеберчиликке жеңдирип жүргөн курулай намызды мойнуна алган Түлкүнүн башын жөлөп Жаңыл күйүткө батат.

Спектаклдин экинчи бөлүгүндө бирдиктешип кетишкен Калматай менен Манжы Жаңылды алдап колго түшүрүшөт. Манжы аны кишендеп орго салып, элге болсо өзү бийлик жүргүзүп калат. Жаңылдын жана ага жан тарткан элдин баскынчыларга

каршы күрөшү ушундан баштап курчуй берет. Эл арасынан чыккан ырчы өзүнүн оюн тайманбастан тике айтып Жаңылга жан тарткандыгын жашырбайт. Анын ырын жактырбаган Калматай адегенде аны жазаламакчы болот да, кийин анын жардамы менен зынданда жаткан Жаңылды аялдыкка көндүрмөкчү болот. Колу-буту чынжырланып зынданда жаткан Жаңылды көрүп ырчы мурдагысындай эле аны жактап, байларга каршы ырдайт. Калматай аны өлтүрмөкчү болгондо, көпчүлүк эл келип Жаңыл экөөнү тең куткарып алышат.

Душманга тике карап моюн сунбай, өз ишениминде бекем тургандыгы менен элди күрөшкө шыктандырган Жаңылдын эр жүрөк образын түзүү үчүн актриса көп изденип, анын патриоттук сезимге бай ички дүйнөсүн табууга көп аракеттенди. Ал кезде актриса сырткы көрүнүшү боюнча Жаңыл баатырды элестеткидей анчейин деле көзгө толумдуу эмес экен. Салмагым бар болгону 42 килограмм, эмчектен сүт көрүнүп турган илмийген арык келин элем — дейт Д. Күйүкова ошол кездерин эске түшүрүп.

Каардуу согуштун азап-тозогу ал кезде ар бир адамды мына ушундай абалга чейин алып келгендигин кимдер билбейт?

Д. Күйүкова жолдошу Сыдыгалиев Өмүрбекти 1941-жылы согушка узатканда эмчектеги кызы менен калган экен. Ал эми 1945-жылы согуш бүтөөрүнө аз калганда күйөөсүнүн курман болгондугу тууралу кабар келет. Ошол учурларда республикабыздын жер-жерлерин кыдырып гастролго чыгуу да, үй-бүлөнүн жашоо-тиричилигине жооп берүү да жалгыз өзүнүн моюнуна түшөт. Бир бөлкө нандын баасы колдо 350 сом. Үй-бүлөнү эптеп багуу үчүн түнкүсүн үндү жаздырууга, эртең менен базарга, түшкө чейин театрдагы репетицияга, андан радиого, кечинде кайра театрга үлгүрүүгө туура келет. Ошондой муктаждыктар менен алек болуп эс албай жүрүп, бир күнү гастролго чыгып калгандагы окуясын эстеп актриса азыр да күлүп калат.

— Бригадирибиз Муратбек Рыскулов эле,— дейт ал,— үйдөгү түйшүктөн алыстай түшкөн жаным өзүмдү бир аз эркинирээк сезип, спектакль учурундагы бош убактан пайдаланып, сырттагы арабанын үстүндө көзүм илинип кетиптир. Бир маалда

күпүлдөп издеп келген Муратбек камчысы менен опузалап жаңсай чапканда чочуп кетип, арабадан түшө качкан боюнча сахнага чуркап чыгыпмын. Ошондогу күлкү болгонумду айтпа!..

Ошол согуш учурунда артист Исмаилбек Абдубачаевдин үйүндө да кыйын кардаал түзүлгөндүктөн эки үйүбүз биргелешип жашап калганбыз. Анын аялы Зыйна менен теңтуш элем. Эки жыл бирге туруп кургак учук оорусунан каза болду. Ошол боюнча эки үй биргелешип жашап калдык. Бир бөлмөлүү кичинекей үйдө он бир адам жашайбыз. Иштей турган кабинет кайда? Көчөдөн даярданам. Образдын үстүнөн ойлоно калып, Жаңыл болуп кылычты сууруп алган калыбымда туруп калганымды да байкабай калып, көчөдөгү элдерди таң калтырчу экемин. Ал убакта эс алууга да, мүмкүнчүлүк жок эле. Согуштун запкысынан кайгы тарткан элдин аз да болсо көңүлүн ачып, акыры барып бардыгы жакшы боло тургандыгына ишеним берүү үчүн эч качан жанды аягыбыз келчү эмес.

Спектаклде ойноп, андан кийин концерт берип, элдин сураганына жараша ырдай берүүдөн да тажачу эмесмин. Айрым учурда 15 номерге чейин ырдачумун. Айылдагы айрым карыялардын:

— Бул аялдын жаагы узун турбайбы, мындайлар талыбай чуркаган күлүк аттай болот. Алыска баруусу мүмкүн деп айтышкан сөздөрү эсимде.

Ошондой болсо да, адам болгондон кийин талыйт экенсиң. Бир күнү спектаклден кийин азыркы орус драма театрынын имаратынан чыгып бара жатып эсимден танып жыгылыпмын. Врачтар текшерип көрүп, Жалал-Абад курортуна жиберишти. Мурда 42 кило болсом, курорттон кийин 45 килограмм болуп оңолуп калыпмын.

Бул сыяктуу кыйынчылыктар актрисанын чыгармачылык өмүрүндө көп эле болгон экен. Бирок ошол кыйынчылыкка туш болгон сайын чыйралып, улам барган сайын андан жогору болууга аракеттенген актрисанын өжөрдүгү өз натыйжасын бербей койгон жок. Ал адамдык бийик сапатты даңазалап, кимге болбосун жеткире алгыдай масштабдуу актриса катары калайык-калкка таанымал болду. Өкмөт менен партиябыз Д. Кү-

йүкованын чыгармачылыктагы жетишкен ийгиликтерин жогору баалап 1946-жылы ага «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисткасы» деген ардактуу наамды берди.

Кыргыз драма театрынын алгачкы учурлардагы күрдөөлдүү ийгиликтерин камсыз кылууда Д. Күйүкова жалгыз эмес эле. Аны чыгармачылыкка шыктандырып, сахна искусствосунун сырларын ачып беришкен О. Сарбагышев, П. М. Ефремов, А. Свистунов сыяктуу режиссерлор, чыгармачылык жактан атаандашып, бири-бирине барган сайын улам жаңыны табууга аргасыз кылышкан кыргыз искусствосунун белгилүү чеберлери: Ашыралы Боталиев, Алжан Сарбагышев, Шамшы Түмөнбаев, Муратбек Рыскулов, Бүбүсара Бейшенбаева, Сыдыкбек Жаманов, Сабира Күмүшалиева, Бакен Кыдыкеева, Абдыашым Көбөгөнов, Насыр Кытаев жана башка көрүнүктүү артисттер бар эле. Булардын аракеттеринен улам сахнага чыккан чыгармалардын көпчүлүгү кыргыз драматургиясынын классикасына айланды. Ал эми кыйынчылыктарды өжөрлүк менен жеңип чыгып, чыгармачылыгын такшалтышкан бул театр корифейлери келечекте да кыргыз театрынын күрдөөлдүү этаптарын жаратуучулардан боло алышты.

## ЧЕБЕРЧИЛИКТИН ӨРҮШҮНДӨ

### *Согуштан кийинки жылдар*

«Драма театрларынын репертуары жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө» ВКП(б) Борбордук Комитетинин 1946-жылы 26-августунда кабыл алган токтомунда театрлардын репертуарында орун алган кемчиликтер көргөзүлүп, алардын мындан аркы ишине туура көрсөтмөлөр берилди. Айрым театрларда бүгүнкү күндүн темасын чагылдырган чыгармалардан алыстап, чындыкка жакындашпаган, тарбиялык мааниси төмөн тарыхый темаларга көбүрөөк орун берилип жүргөндүгүнө, репертуарга идеясы тайкы, көркөмдүк жактан чабал чыгармалар кирип кетүүсүнө жол берилип жаткандыгы баса көрсөтүлгөн. Ошону ме-

нен бирге бул токтомдо «советтик драматургдар жана спектаклдеринде советтик турмушту туура чагылдырууга адамдын мүнөзүнүн мындан ары жакшыруусуна өбөлгө түзө турган чыгармаларды жаратуу керектигине багыт берилген.

Тарыхый мааниси бар бул токтомго жооп иретинде Кыргызстан Мамлекеттик драма театрынын коллективи учурдун темасына шайкеш келген бир кыйла чыгармаларды сахнага алып чыкты. Алар Н. Погодиндин «Ааламдын жаралышы», А. Фадеевдики боюнча сахналаштырылган «Жаш гвардия», К. Симоновдун «Орус маселеси», Р. Шүкүрбековдун «Менин айлым», «Жашыл токой», Т. Абдумомуновдун «Кумдуу чап», «Замандаштар», «Курман», «Борбаш», бир туугандар Турдун «Көмүскө көчөдөгү үй», А. Корнейчуктун «Калиналуу талаа», К. Маликов менен А. Куттубаевдин «Биз баягы эмеспиз» ж. б. пьесалары эле.

Даркүл Күйүкова бул пьесалар боюнча коюлган спектаклдерде ар кыл пландагы образдардын галереясын түзүү менен бирге өзүнүн чеберчилигин андан ары карай тереңдете алды. Героикалык пландагы ролдордо байкалган өзгөчөлүктөрүн азыр ал жаңыча түстөр менен байытып, образдын ички тереңдигинен улам анын сырткы түспөлүндөгү таасирдүү жактарды табууга чоң маани бере баштады.

Н. Погодиндин «Ааламдын жаралышы» спектаклинде согуштан жапа чеккен шаарларды калыбына келтирүү маселеси козголот. Пьесада окуя бир өзөктүн айланасында өнүкпөй, чачкын эпизоддордон түзүлгөндүктөн актерлор бир кыйла кыйынчылыктарга туш болушту. Нонанын образын түзгөн Д. Күйүкова согуштан талкаланган шаарларды кайрадан куруп жатышкан эпкиндүү адамдардын мүнөздөрүн тереңирээк ачып чыгууга өбөлгө түзө тургандай таасирдүү образ түзө алды. Ал аткарган Нона өзүнүн кесиби боюнча актриса, эвакуация менен которулуп келген. Кийген кийими жарашыктуу, өзү сулуу Байпагы жыртык болсо да эч кайгырбастан жайдары жүрөт. Элди эмгекке шыктандырып ырдап, бийлеп иймейи да бар. Көрүүчүлөр ар дайым кол чаап кабыл алышчу эле дешет.

А. Фадеевдин романы боюнча Н. Охлопков инсценировкала-

ган «Жаш гвардия» (Реж. Дрозненс, худ. Белевич) театрга коюлганда көрүүчүлөр аны зор кызыгуу менен кабыл алышты. Анткени Краснодон шаарында немецтик-фашисттик баскынчылар менен аесуз күрөш жүргүзүшкөн «Жаш гвардиячылардын» өлбөс-өчпөс эрдиги жөнүндө көпчүлүк эл абдан жакшы таанып болчу. Окуучулар арасында ийгиликке ээ болгон романды сахнага ылайыктап иштеп чыгууда чыгармадагы партиянын ролу анчейин ачылбай, айрым мүчүлүштүктөр кетирилгендигин эске алуу менен театр коллективи негизги күчтү башкы каармандардын образдарын тереңирээк иштеп көргөзүү жагына бурган.

Спектаклдеги Валконун ролундагы М. Рыскулов, Люба Шевцова — С. Күмүшалиева, Уля Громова — Б. Кыдыкеева, Валя Борцтун ролундагы Д. Куйукова, Шульганын ролундагы К. Эшимбековдор эсте каларлык таасирдүү образдарды жаратышкан.

Спектакль кийин 1951-жылы жаңыртылып коюлуп, жаштарды советтик патриоттуулуктун духунда тарбиялоо боюнча чоң таасир калтыруу менен репертуарда көпкө чейин сакталып калды.

1948-жылы коюлган Р. Шүкүрбековдун «Менин айлым» (Реж. Канюкова, худ. Мохов) аттуу комедиясы көрүүчүлөр алдында зор ийгиликке ээ болгон спектаклдердин бири эле. Анын ийгилиги баарыдан мурда Рысбек-жалкоонун ролун аткарган Муратбек Рыскуловго байланыштуу болгондугу жөнүндө спектаклди көрүшкөн адамдар ушул кезге чейин кеп кылып жүрүшөт. Бирок ошол Рысбектин образын андан ары курчутууда колхозчу кыз, Саадаттын ролун аткарган Д. Куйукованын эмгеги да эсте каларлыктай таасирдүү чыккан. Бул ролду адегенде Б. Кыдыкеева менен Р. Айдаралиевалар алмак-салмак аткарышчу экен. Бирок бир жолку спектаклде эки актриса тең кандайдыр бир себептер менен жок болуп калышып коллективди мындан мурда да бир кыйла кыйынчылыктардан алып чыгып ишенимге ээ болгон Д. Куйуковага кайрылууга туура келет. Актриса бул жолу да эртең менен алган ролду кечинде ойноп чыгат. Образ ийгиликтүү чыккандыктан аны андан ары ойноп калат.

Чыгарманын башкы каарманы Саадат эпкиндүү иштеп, шай-

доот жүргөн он сегиздеги колхозчу кыз. Колхоздун чарбасын жакшыртуу максатында өзүнүн сунушун киргизип, ар нерсеге активдүүлүк менен кийлигишмейинче жүрө албайт. Бош жаткан талаага суу чыгарып эгин айдоо жөнүндөгү анын сунушуна маани бербеген колхоздун председатели четке кагып коет. Бирок Саадат ошону менен эле чектелип калбайт. Өзүнүн оюн колхозчулардын алдында да айтат. Алар Саадатты колдошуп, боз талаага арык казып суу жеткиришет. Ал жерден мол түшүп алынат.

Өзү башкарган бригаданын кыздары аны ар дайым урматташып, сыйлап турушат. Ал эми жалкоо Рысбекти болсо ар дайым шылдыңдашып күлкүгө алышканын көрөбүз. Саадаттын бригадасына жаңы кошулган Рысбек мындай мамиле кылууга бардык жагынан татыктуу болуп турса да Саадат — Күйүкова ага таптакыр башкача мамиле кылат. Аны менен чын жүрөктөн сүйлөшүү жолу менен ишенимдү таасир бере алгандыктан Рысбек оңолуу тууралу ага убадасын берет.

Айыл чарбасындагы актуалдуу теманы козгогон бул спектакль республиканын жер-жерлеринде зор ийгилик менен көп көрсөтүлүп, ошондой эле, боордош Казакстандын борбору Алма-Атада 1950-жылы өткөн гастролдо да «Жаңыл», «Курманбек», «Отелло» спектаклдери менен тең катар көрүүчүлөрдүн кубаттоосуна ээ болуп кайтты.

Р. Шүкүрбековдун «Жашыл токой» (Реж. А. Свистунов, худ. А. Торопов) аттуу экинчи комедиясы да ушу́га удаа сахнага коюлду. Автор бул чыгармасында да колхоз темасына кайрылып, колхозду жашылдандыруу маселесин көтөрүп чыгат. Колхоздун председатели Барак мурда, фронтто, көп эрдиктерди көргөзгөн адам болсо да колхозго өз билгенин бербеген, чарбанын оңолуусу үчүн иштиктүү аракет жасабаган тоңдоосун киши болот. Козголгон тема драматург тарабынан үстүртөн көргөзүлүп калгандыгы өз учурунда коомчулук тарабынан туура белгиленсе да, андагы шайкелең келин Жалжалдын кайталангыс образын түзүшкөн Д. Күйүкова менен С. Күмүшалиеванын эмгектери спектаклдин ийгилиги катары бааланды. Жалжал сыланкороздугу менен Баракка жаккан, өзү көп сүйлөгөн,

ушакчы, иштен качкан жалкоо келин. С. Күмүшалиева аны сатиралык планда, күлкүлүү жагын ашкерелеп чечсе, Д. Күйүкова анын адамдык сапатына, эмне үчүн ушундай мүнөз пайда болгондугуна ой жүгүртүү менен чечкен. Спектакль алгач даярдалганда Д. Күйүковага Сурмаш аттуу звеновой кыздын ролу тапшырылган. Өзүнүн активдүүлүгү менен айырмаланган мындай каармандар башка спектаклдердеги жолуккан образдарды эске салып туруп алгандыктан актриса анын табиятына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү таап берүү үчүн көп аракет жасады. Ал эми Жалжалдын образы өзүнүн мүнөзүнүн курчтугу жана ачык-айрымдыгы менен актрисаны өзүнө тартпай койгон жок. Бирок бул дагы Р. Шүкүрбековдун «Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө» аттуу комедиясындагы Күлсүндүн образын эске салып тургандыктан кайталоолор болбосун үчүн режиссерлор да бул ролду Д. Күйүковага адегенде изденүү аркылуу эки ролду бири-бирине окшоштурбастан ар кимисине ыйгарууда баш тартышкан. Бирок актриса өз алдынча мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү табуу менен көргөзүүгө жетишкен. Бул образды гастролго чыгаар алдында даярдап ойноп чыгып, ошол боюнча көпкө чейин аткарып калды.

Д. Күйүкованын кийинки маанилүү ролу бир туугандар Турдун «Көмүскө көчөдөгү үй» аттуу спектаклиндеги немецтик архивди сактаган аял Курцюстун ролу болду.

Бул спектаклди койгон режиссер А. Свистунов жана художник А. Тороповдордун жардамы менен актриса бир көргөндө көпкө чейин эстен кетпей тургандай катаал, сүрдүү ырайымсыз аялдын образын жараткан. Курцюстун теше тиктеген терең көзү, кырдач, ичке мурду, жыдыгандан калгансыган ар кайсы жерде чокчойгон кашы, тикчийте кыска кыркылган чачы, ачкүсөн кейиптенген кубакай жүзү, ар бир кыймылын бекерге кетирбестен эсептелгендей так аракеттери бул ролду ким аткарып жаткандыгын таапыбай калууга чейин жеткирген эле. Өмүрүндө кишиге жакшылык кылбай тургандай, бардык турпаты адамды жек көрүү үчүн жаралгандай, эрки күчтүү бул кемпирдин образынан улам согуш отун тутандыруучулардын ырайымсыз элеси көз алдыга таасын тартылуучу.

Ал эми А. Корнейчуктун «Калиналуу талаа» спектаклинде Д. Күйүкова Курцюстун образына карама-каршы турган сельсоветтин председатели Ковшиктин ролунда чыкты. Чыгармада айыл менен шаардын ортосундагы байланыштарды чыңдоо маселеси көтөрүлөт. Ал эми бул багыттагы өзүнүн ролун жакшы түшүнгөн, ачык-айрым, ар бир адамга болгон мамилеси аркылуу көңүлдү уютуп, өзүнө тарта билген Ковшик — Күйүкова сырткы түспөлү боюнча солдогойроок көрүнсө да көрүүчүлөрдүн көңүлүнө жылуу сезим калтырат. Бутуна чоң өтүктү кийип, үндү жасап сүйлөп, эркек мүнөздөнгөн бул аялды актриса адегенде өзгөчө эле экилентип, анын жасалма жактарын баса көргөзүп жаткандыгы жөнүндө учурунда сын пикирлер айтылган.

Спектаклдин жүрүшүндө Д. Күйүкова бул пикирлер боюнча кайрадан карап чыгып, образды бир кыйла жумшартып анын ички тереңиндеги майтарылгыс күч-кубатын дааналап берүүгө жетишти. Бул спектаклдеги Ковшик — Күйүкова сыяктуу эле колхоздун председатели Романюктун ролун ойногон М. Рыскулов, жазуучу Батурапын ролундагы С. Жаманов, Василиса Ковшиктин ролундагы Б. Бейшенбаева, Надя Романюктун ролун аткарган Р. Айдаралиева ж. б. лар Украина жериндеги эмгекчил адамдардын жаркын турмушун, алдыга умтулган аракеттерин туура чагылдырып берүүгө жетишкендигин белгилөөгө болот.

Орус тилинен которулган бул сыяктуу советтик пьесалардын репертуарга кириши актерлордун чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн арттырып, алардын реализм багытында такшалуусуна зор өбөлгө түздү. Көп улуттуу советтик драматургияга кайрылуудан улам артисттер советтик турмуш менен кеңири планда таанышууга, коомдук мамилелерди турмуштун өзүнөн алынып жазылган образдардын жардамы аркылуу үйрөнүп билүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Бул болсо келечектеги түзүлүүчү образдар үчүн эң жакшы фундамент катары кызмат кылды.

Ушул жылдары Даркүл Күйүкова көлөмү жагынан анчейин чоң болбосо да сахнага алып чыккан оюнун дааналыгы менен көңүлдү бурган бир нече ролдорду аткарды.

Буларга А. Куттубаев менен К. Маликовдун «Биз баягы эмеспиз» аттуу пьесасындагы Батманын, М. Токобаевдин 1949-жылы кайрадан жаңыртып коюлган «Кайгылуу Какейиндеги» Зууранын, К. Жантөшевдин «Бир үйдө» аттуу спектаклиндеги Гүлсүндүн, А. Каххардын «Жаңы жерде» аттуу пьесасындагы кең пейил эне Халнисанын, Б. Рахмановдун «Жүрөк сырлары» аттуу пьесасындагы турмуштук татаал сыноолорду жеңүү менен акыры барып көздөгөн максатына жеткен мээримдүү врач Санобар жана башкалардын образдары кирет.

Мына ушул акыркы спектаклде анын кичинекей кызынын ролунда өзүнүн жети жашар кызы Райма Абдубачаева ойноп чыгып, ошондон бери ал кыргыз сахнасындагы энесинин ийгилигин бөлүшүп, сахнада үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Бул фактынын өзү да чыгармачылык үчүн өзүнүн оң таасирин тийгизе турган көрүнүш.

40-жылдардын аягында кыргыз драматургиясында жумушчулардын жана кыргыз интеллигенциясынын турмушун чагылдырган пьесалар пайда боло баштады. Бул тематика боюнча изилдегендердин ичинен драматург Токтоболот Абдумомуновдун чыгармачылыгы өзгөчө көрүнүктүү орунда турат. Кыргыздын тоолорундагы нефти байлыктарын издеп таап, ишке киргизүүнү көздөшкөн инженер-геологдордун турмушун чагылдырган анын «Кумдуу чап» аттуу алгачкы пьесасы 1946-жылы 6-апрелде сахнада жарык көргөн. Мына ошондон бери азыркы турмушубуздун ар кыл пландагы проблемаларын козгогон чыгармалары биринин артынан бири үзгүлтүксүз сахнага коюлуп келе жатат.

«Замандаштар» аттуу пьесасында жанаша иштешкен эки заводдун өз ара социалисттик мелдешин жана анда иштешкен адамдардын эмгекке болгон жаңыча мамилелерин көргөзсө, «Курман» аттуу пьесасында бийик тоолуу алыскы районго барып, андагы малчылардын ден соолугу үчүн күрөш жүргүзүшкөн медицина кызматкерлеринин турмушу көргөзүлөт.

«Борбаш» аттуу комедиясында бир жагынан, канаттуулар фермасынын башчысы Борбаш, жем ташыгыч Камгакбай, жана үй багуучу Мамырдын ортосундагы өз кесиптерин жогору коюуга болгон күлкү келерлик карама-каршылыктарга күбө болсок,

экинчи жагынан, алардын балдарынын ортосундагы өз ара сүйүү мамилелеринин кандайча чечилээрине кызыгуу менен карайбыз. Режиссер А. Свистунов сахнага койгон бул комедияда Д. Күйүкова Борбаштын кызы Алмагүлдүн ролун аткарып чыккан.

Теңтуштарынын арасында таасири күчтүү, турмушка түз карап, иште эпкиндүүлүктү көргөзгөн токтоо салмактуу Алмагүлдүн образын актриса дурус түзгөн.

Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгай», «Атабектин кызы», «Ашырбай», «Абийир кечирбейт», «Бюро жүрүп жатат», «Жыгылган ооганга күлөт», «Таалай гүлдестеси» спектаклдеринде Д. Күйүкованын аткарган элге кеңири белгилүү образдары бирине-бири окшошпогон мүнөздөрүнүн ар түрдүүлүгү жана алып чыккан оюнун тереңдиги менен айырмаланып турат. «Тар капчыгай» спектаклинде ал бирине-бири окшошпогон эки образ жаратты. Биринчиси — жол курулуш башкармасынын партиялык уюмунун секретары Айдарова болсо, экинчиси — үйүндө олтуруп алып начальник күйөөсүнүн ишин башкарган Майсалбүбүнүн образы. Ишке болсун, турмушка болсун карама-каршы көз караштa болгон бул образдардын үстүнөн иштөөдө актриса өзүндөгү чоң чеберчиликти айгинелей алды.

Пьесадагы негизги окуя окуусун жаңы бүтүрүп келишкен Мухтар жана Бекет деген инженерлердин тоолуу райондо салына турган жолго жасашкан эки башка долбоорунан улам келип чыккан конфликттин айланасында өтөт. Жол курулуш башкармасынын начальниги Керкибашев аялы Майсалбүбүнүн тилине кирип, көптөгөн кемчиликтерине карабастан Бекеттин долбоорун кабыл алууга жетишет. Ал эми Мухтардын долбоору курулуш башкармасы үчүн көп жагынан пайдалуу да ылайыктуу да болгондуктан аны партия уюмунун секретары Айдарова, тажрыйбалуу окумуштуу Петров жана жол курулушунун бүт коллективи колдоп чыгышат.

Эгерде Айдарова — Күйүкова өзүнүн принциптүүлүгү, бардыгын салмактап көрүп жүйөөлүү жыйынтык чыгарган акылдуулугу менен айырмаланса Майсалбүбү өзүнүн жылма, арамзалыгы, керектүү жерде жойпуланып, же тажаалдыгын көргөзө коюп,

өзүнүн оюндагысын аткармайын жаны тынбаган катаал мүнөзү менен айырмаланып турат.

Бул образдын үстүнөн иштеген Сабира Күмүшалиева Майсүлбүбүнүн Д. Күйүкова түзгөн образынан башкача пландагы өзгөчөлүктөрүн ачып чыгууга жетишкен. Анын Майсалбүбүсү күйөөсүн кыңк эттирбей башкара билгендиги боюнча да, көңүлүнө жакпагандарды беттеп алып каарып жиберген тажаалдыгы боюнча да өзгөчөлөнүп турат. 1958-жылы Кыргыз искусствосунун Москвада өткөн II декадасында бул эки актриса түзгөн образ менен тең таанышкан Москванын театралдык чөйрөсүнүн адистери актрисалардын ар биринин табылгаларын чоң ийгилик катары кабыл алышкандыгы белгилүү.

«Атабектин кызында» ал жалгыз кызы Жыпаргүлдүн кайгысын эне катары тең бөлүшүп, жүйөөлүү акылын айтып багыт берген эненин образын аткарса, «Абийир кечирбейт» спектаклинде тилдүү — ооздуу, шайдоот келиндин (жеңеси) ролун аткарат.

Ал эми «Ашырбай» драмасындагы Багдагүлдүн образы мүнөзүнүн психологиялык жактан тереңдиги, бийик адамгерчилиги менен көңүлдү буруп турат.

Адамдардын өз ара мамилелери аркылуу алардын асыл сапаттарын даңазалап көргөзүүгө, чебер драматургдун өзгөчөлүгүн режиссер И. Боров болсун, башкы каармандарды аткарган артисттер болсун жакшы түшүнүү менен сахнага алып чыгышкан. Багдагүл — Күйүкова менен Ашырбай — С. Жамановдун өз ара мамилелерин көрүп олтуруп, чынығы адам материалдык жактан канчалык жакырланса да рухий дүйнөсү эч качан бөксөрбөстөн кала бергендигине күбө болобуз.

Адамдардын социалдык теңсиздиги бул экөөнү бардык жагынан матап кирген. Алп денелүү Ашырбай Дадыйдын эр сайышка түшүп бер деген өтүнүчүн четке кагып мергенчилеп кеткендиги үчүн куугунтукка алынат. Катаган молдонун жардамы менен Дадый Ашырбайдын жалгыз баласын билгизбей уу бердирип өлтүрөт. Оорулуу аялы Багдагүлгө дары болсун деп атып келаткан эчкисин Дадыйдын жигиттери тартып кетишет. Чарчап-чаалыгып, олжосуз келген Ашырбай үйдө жөтөлүп коюп

жаргылчак тартып олтурган Багдагүлдү көрүп каңырыгы түтөйт. Багдагүл — Күйүкованын куп-куу болгон өңү, илмийген арык кебетеси бир жагынан оорунун салдары болсо, экинчи жагынан, медер кылган жалгыз уулунун күйүтү экенин түшүнөбүз. Канчалык кыйналып турса да ал ичинен кайрат кылып, Ашырбайды алаксыткысы келет. Ашырбай да аны мээримдүү карап, колунан жаргылчагын алып кошо тегерете баштаганы анын жүрөгүн жылытып, бардык кыйынчылыкты унуткусу келгендей башын күйөөсүнүн ийнине жөлөйт.

«Катаган табып өзү айтканындай кылып бир-эки жолу ышка алса, мүмкүн айыгып кетермин» — деген үмүтү менен Ашырбайдын көңүлүн жубатат. Бирок анын ошол акыркы үмүтү да ордунан чыкпай, ошонун кесепетинен жарык дүйнө менен кош айтышат. Эч бир күнөөсү жок жерден ушунчалык кырсыктарга дуушар кылган адам ким экенин түшүнгөндөн кийин Ашырбай ачыктан-ачык күрөшкө өтөт.

«Ашырбай» 1972-жылы жаңыртылып кайрадан коюлганда да Д. Күйүкова Багдагүлдүн ролун аткарды. Бирок бул жолу Ашырбайды С. Жаманов эмес С. Жумадылов ойноду. Эгерде мурдакы спектаклде эки каармандын, өз ара кылдат мамилелери бирине-бири төп келишип, алардын көз караштары, кичинекей эле кыймыл-аракеттери негизги ойду тереңдетип турса, бул жолку спектаклде Багдагүл Ашырбайдан бир кыйла улуураак экендиги сезилип калып, ошондон улам алардын өз ара ынак мамилелери көрүүчүнүн сезиминде карама-каршы пикирдин пайда болуусуна шарт түзүп жаткансып калган.

Т. Абдумомуновдун чыгармаларынын ичинен Д. Күйүкова ойногон дагы бир маанилүү роль — «Сүйүү жана үмүт» драмасындагы Бурманын ролу (режиссеру Ж. Абдыкадыров).

Улуу демократ акын Токтогул Сатылгановдун туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата Кыргызстан Мамлекеттик драма театрында 1964-жылы коюлган бул спектаклде Токтогулдун байманаптарга каршы чыгып, сүргүнгө айдалып, кайрадан келгендеги кези менен таанышабыз. Жалгыз уулу Токтогулду Сибирге айдап кеткенде зар какшап, боздоп калган Бурма — Күйүкова канчалык алдан-күчтөн тайса да Токтогулдун кайтып келээри-

не ишенет. Медер туткан жалгыз небереси Топчубайдын өлүмү, Токтогулдун аялынын кетип калышы Бурманы бир кыйла алсыратты. Бирок эненин балага болгон сүйүүсү, ошонун бир жолу үнүн угууга болгон зор үмүтү анын кайратына кайрат кошот. Эч кимге бербей сактап жүргөн Токтогулдун комузун колуна алып, көзү көрбөй калса да алыска көз чаптырып, Токтогулдун ырларын ичинен кайрып ойлонуп турган жери өзгөчө таасирдүү чыккан. Мына ушинтип ойго чөмүлүп турган кезде Токтогул — Б. Өмүралиев кирип келет. Канча кылган менен турмушта эненин жүрөгү сезбей койбойт эмеспи, Бурма — Күйүкованын Токтогулдун келе жаткан табышынан сезет. Бала менен эненин мындай жолугушуусу эч кимди кайдыгер калтырбайт. Бурма — Күйүкова кайрадан кайратына келип, түзөлө түшкөнүн байкоого болот.

Театрда коюлган Т. Абдумомуновдун ар бир пьесасында Д. Күйүкова кичинекей роль болсо да эч качан тарткынчыктабастан алып, аны кайталангыс штрихтер менен байытып туруп сахнага алып чыкканын көрөбүз. Мына ушундай ролдордун ичине «Бюро жүрүп жатат» спектаклиндеги чабандын энеси Багдагүл, «Жыгылган ооганга күлөт» комедиясындагы тамашакөй, шайыр кемпир Дүрүя, «Таалай гүлдестеси» драмасындагы Вьетнам кемпири Ли ж. б. лар кирет.

Өзгөчө «Таалай гүлдестесиндеги» (Реж. Б. Ибраев, худ. А. Торопов) өжөрлүгү менен адамды таң калтырган, эр жүрөк кемпирдин образы көргөн адамдын көз алдында көпкө сакталат. Каарман Вьетнам элинин Америкалык агрессорлорго каршы жүргүзгөн согушу күчөп турган учурда ошол жерге барып жазып келген Т. Абдумомуновдун бул драмасын Вьетнам элинин сөзсүз түрдө жеңип чыга тургандыгына ишенимди арттырган бирден-бир актуалдуу чыгарма эле. Спектаклди көрүп олтуруп Вьетнам эли жеңип чыкпай коюусу мүмкүн эмес дегендей жыйынтыкка келүүгө болот. Анткени, жетимиштен ашып калган Ли сыяктуу кемпирлер да ушунчалык өжөрлүк менен элдик армияга көмөк көрсөтүшүүдө.

Ли — Күйүкова ок-дары салынган оор ящиктерди ийнине коюп көтөрүп алып адам өтө алгыс саздуу, чытырман токойлор

аркылуу жоокерлер менен байланыш түзүп жүргөнүн көрөбүз. Кемпирдин оптимисттик ишеними, канчалык кыйынчылыктарга туш болсо да камырабай өз ишин андан ары уланта берүүгө жөндөмдүүлүгү кимди болсо да ыраазы кылбай койбойт. Анын куудай болгон чачтары уйпаланган, бети-башы майланышып, каралаторола, жөнөкөй материалдан тигилген көйнөк, шымынын багелек-жеңин түрүнүп алып, ящикти көтөрүп жөнөгөнүн көргөндө ал кадимки эле Вьетнам кемпири го деген ойго келесиң.

Деги, Даркүл Күйүкова кайсы каармандын образын аткарса да ошол улутка мүнөздүү кыял-жоруктарды чукугандай таап чыгып, аны чыгарманын маанисине жараша дааналап туруп көргөзүү жагына чебер. Мындай таасын чеберчиликке спектаклди даярдап жаткан учурда эле жетише коюу мүмкүн эмес. Актриса күндөлүк турмушунда да адамдын мүнөзүндөгү көңүлдү бурган өзгөчөлүктөргө чоң маани берүү менен байкоо жүргүзүлөт. Бирок аларды көңүлүндө сактап коюу үчүн эмес, аны андан ары курчутуп туруп дал өзүндөй туурап берүү үчүн пайдаланат. Өзүнүн кесиптештеринин арасында бул багытта ат салыша келгенде анын алдына чыга турган актерду табуу кыйын.

Тилекке каршы бардык эле актерлор өз алдынча демилге көтөрүү менен эл арасында өнөрүн көрсөтүүгө батына албагандыгын көп көрөбүз. Өзгөчө коллективдүү искусство болгон драмалык театрдын актерлорунан азыр бир нерсени өз ыктыяры менен жекече аткарып берүүсүн суранып көр. Спектаклде режиссердун көрсөтмөсү боюнча гана роль аткарып жүргөнү болбосо көпчүлүк актерлордун өздүк репертуары жайдак экенин көрөбүз. Атайын берилген гана ойдун айланасында аракеттенүүгө көнүп алган мындай актерлор өзүндөгү кичинекей талант учкунун бирөө жасап берген алкак-рамкага салып илип койгонго тете эмеспи. Ал эми өз жөндөмүнө чыгармачылык менен мамиле кылган адамдардын чыныгы таланты атайын даярдыксыз капысынан бетме-бет келе калганда даанараак байкалат экен. Ушуга байланыштуу бир мисалды эске сала кетким келет.

Кыргыз драма театрынын белгилүү артисттеринин бири Калембүбү Жамановананын 50 жылдык юбилейин белгилөө кечесин-

де анын кесиптештери танапис учурунан пайдаланышып ойдо жок жерден эле импровизация иретинде тамаша куруп калышты. Бүбүсара Бейшаналиева эже мындайда көңүлдүү атмосфера түзүп, тондоосун адамды да эркин сездирип, шыктандырып жиберген өзгөчөлүгү бар эле. Бир маалда: «— Кана, кимиңер бийлей аласыңар?» — деп жаркылдап күлүп, жанындагыларды өзүнүн ийкемдүү аракеттери менен көкүтө баштады.

Оо, Бүбүсара эже менен ким даап бийлешет,— деп шектүү карап турсам ортого Абдыашым Көбөгөнов чыкса болобу. Артына жылмакай таралган буурул чачын сылап коюп, кайсы бир артист таап келип черте баштаган мандолинанын коштоосунда укмуштуудай шамдагайлык менен адамдын оюна келбегендей бир кызыктай бийди бийлей баштаганы мени чындап таң калтырды.

Көрсө, бул киши кыркынчы-элүүнчү жылдарда эл арасында кеңири тараган көптөгөн кыргыз бийлеринин автору экен. Өзүнүн негизги кесиби боюнча драмалык актер болуп калгандан баштап, анын бул багыттагы чыгармачылыгы, кийин билсем көмүскөдө кала берген тура.

— Жаштар «твист, «чарлистондорун» бийлей беришсин, биз болсок кыргыздын модный бийин бийлейбиз,— деп сөздү тамашага чалып бир бийлеп кирипти дейсиң,— укмуш! Колдору, буттары, белдери кандайдыр бир түз бурч боюнча сынып кетип кайра түзөлө калып, кайра туруп кыял күткөндөй чукчундамыш этип, түйүлүп барып жазылып кеткени бир чети күлдүрүп, бир чети ошол кырдаалга тамашалуу шаң берип жиберди. Чыныгы таланттардын ат салышуусу ушундан улам ырбап кетти.

Бий токтоору менен Даркүл Күйүкова Бүбүсара эжеге карап Марьям Махмутованын үнү менен Чачыкейдин Айчүрөктү тилдеп тургандагы ариясын ырдап кирди. Образда ушунчалык жуурулушуп кеткендиктенби, айтор көз алдыма Д. Күйүкова эмес эле кадимки М. Махмутова элестеп кетти. Үнү да кудум өзү. Көрсө, Д. Күйүкова биреөдөгү башкалардан айырмаланган өзгөчөлүктөрдү чукугандай таап, кайрадан өзүндөй кылып туурап бергенге башынан эле чебер экен. Илгери, 40-жылдарда ра-

диодон М. Махмутова менен С. Кийизбаеваны туурап ырдап жиберип алардан тил уккамын дейт актриса.

Ошентип, Д. Күйүкова Чачыкей — Махмутова болуп ырдаса Б. Бейшеналиева Айчүрөк болуп, С. Кийизбаеванын үнү менен: «күлүң менен чыгайын, отуң менен кирейин, кагылайын эжеко-ой...» деп жалынып-жалбарып жооп берсе болобу. Экөө улантып олтурушуп, операнын белгилүү актрисаларынын өзгөчөлүктөрүн ашкерелешип, элди мыраан-катты күлкүгө бөлөштү. Баарыдан да Д. Күйүкованын Анвар Куттубаеваны туурап «Чий баркыттан көрпөчөңдү» ырдап киргенде Анвар эже жанында туруптур. Чычалап кетип, — андай эмес, мындай ырдаш керек — деп, өзү ырдап жибербесин. Ырдаса, мурда Д. Күйүкова ырдагандан буру-териси жок эле дал өзү экен. Бул фактынын өзү элди андан бетер күлкүгө бөлөдү.

Даркүл Күйүкованын артисттик жогорку чеберчилгине жана нукура табигый талантына мына ошондогу пландаштырылбаган концертинен улам аябай таң калгамын.

Актриса ар бир образдын үстүнөн изденүүдө да өзү аткарып жаткан каармандын кайталангыс өзгөчөлүктөрүн таап чыгуу үчүн аракеттенет. Мындай аракет актрисага чыгармачылык рахат алып келсе, анын жыйынтыгы көрүүчүлөрдүн эстетикалык жактан моокумун кандырат. Түзгөн образынын турмуштагыдай ишенимдүүлүгүнө жетишүү үчүн ал өзүн сыноодон өткөрүүнү жакшы көрөт. «Ак чач кыз» аттуу спектаклде ал адамдарга жакшылык каалап, өз кызыкчылыгынан да аша кечкен боорукер Да-Шен деген келиндин ролун аткарган. Образга тиешелүү таасын мүнөздөрүн байкоо иретинде ал базарга барып дунган кемпирлер менен «мен да дунганмын» — деп сүйлөшүп көрчү экен.

Кыргыздарга турмушка чыгып, өз тилимди жакшы билбей калбадымбы — деп тилинин акцентин өзгөртүп дунганга окшоп сүйлөгөндө алар чындап эле ишенип калышчу дейт.

К. Жантөшевдин «Бир үйдө» деген спектакли менен гастролдо жүрүп өзүнүн ушул мүмкүнчүлүгүн сынап көргүсү келет да бир башкарманын үйүндө конокто олтуруп, кыргызча тил билбеген дунган кызы экендигин билдирет. Жөн эле, арститтер-

дин оюнуна кызыгып ээрчип келгенин угуп үйдүн байбичеси чайды ага өзүнчө бөлүп берип, улага жакка олтургузуп коет. Таң калуу менен аянычтуу караган байбиче менен кыргызча айрым сөздөрдү аралаштыра жандап сүйлөшүп, эт бышырууга жардам берип жүрө берет. Кечинде спектаклге барганда Шакылдап сүйлөгөн Гүлсүн деген келиндин ролунда чыкканын көрүп ал байбиче аябай таң калган экен. Спектаклден кийин үйгө келгенде кайра өзгөрүлүп дунган кызы боло калганын көрүп аябай күлүп тилдеген дейт.

Өзүнүн чыгармачылык изденүү жолунда бул сыяктуу тамашаларды актриса көп жасайт. Бул болсо ага чеберчиликти такшалтуудагы эң керектүү көнүгүүнүн бир түрү катары кызмат кылат.

* * *

## КЛАССИКАДА ТАКШАЛУУ

В. Шекспирдин «Он экинчи түн» аттуу комедиясында (режиссеру О. Сарбагышев) Виоланын ролу тапшырылган. Ал өз бактысы үчүн бир тууганы Цезариого окшоп эркекче кийинип алып, укмуштуудай аракеттерди жасаган кыздын чечкиндүү мүнөзүн түзгөн. Өзгөчө анын кылычта чабышуусу, эркекче аракеттери ишенимдүү чыккан.

Ошол кездеги бирге иштегендер ага мына ушундайча баа беришсе, белгилүү театровед Н. И. Львов өзүнүн «Кыргыз театры» аттуу китебинде («Искусство», М., 1953-ж.) эмнегедир Д. Күйүкованын бул спектаклде башка ролдо чыккандыгы жөнүндө төмөндөгүчө баа берет: «Д. Күйүкова Цезарионун ролунда эң эле жалтаң жана өзүнө ишеними жоктой болуп көрүнөт. Жаңылда кийген эркек костюмда ал өзүн эң сонун сезсе, узун байпак кийип, плащчан жүргөн италиялык баланын костюму аны ыңгайсыздантып кысып жаткандай таасир калтырат. Бөтөн жерде өз бактысы үчүн күрөшүп жүрүп ага ээ болууга жетишкен тайманбаган кыздын темасы мында ачылбай калган» (162-бет). Бир ролдун эки башка таасири жөнүндө да билип коюу абзел. Бирок бул жерде бир түшүнүксүз нерсе бар.

Д. Күйүкова чын эле Цезарионун ролун аткарса ал кыз эмес эркек болмок эле. Н. Львовдун айтканына караганда ал Цезариого окшошуп кийимин которуп алган анын эжеси Виола жөнүндө айтып жатса керек. Ал эми Цезариону ойногон артистти Д. Күйүкова менен алмаштырып айтып жаткан болсо, анда анын сөзүнө кошула албай калабыз.

1944-жыл театр коллективине бир кыйла кыйынчылыктарды алып келди. Театрдын көркөм жетекчиси Отунчу Сарбагышевдин көпкө созулбаган катуу оорудан улам дүйнөдөн кайтышы, андан мурдараак, 1943-жылы театрдын режиссеру Ажыгабыл Айдаркуловдун жол кырсыгынан мерт болуусу театрдын мындан аркы иши тууралуу ойлонууга аргасыз кылды. Коллективдин көркөм жетекчиси катары азырынча драматург жана актёр. Касымалы Жантөшов иштеп турууга туура келди. Бирок театрдын улам алга илгерилөөсү үчүн багыт бере тургандай режиссердук билим анда жок эле. Коллективге Ленинграддагы Пушкин атындагы чоң драма театрынын режиссеру жана актёру А. А. Свистунов чакырылат.

Актерлорго койгон талабы боюнча, аларды советтик алдыңкы театрлардын реалисттик багытында тарбиялоодо А. Свистунов бир кыйла үзүрлүү эмгек сиңирди. Д. Күйүкованын сахнадагы ийгиликтери да ушул маалда А. Свистуновдун берген багытына түздөн-түз байланыштуу эле.

Н. В. Гоголдун «Текшерүүчү» аттуу комедиясы А. Свистуновдун кыргыз драма театрында койгон алгачкы спектакли эле. Режиссер бу спектаклден Д. Күйүковага адегенде Лука Лукичтин аялынын эпизоддук ролун берет. Актриса түзгөн бул образ ушак-айыңдын аркасынан сая түшкөн, тамашакөй, көпөстүн аялынын элесин эске салат. Кийинчерээк Анна Андреевнанын ролун ойноочу Бүбүсара Бейшенбаева оорукчан болуп, көпчүлүк учурда спектаклдерге катыша албай калып жүргөндүгүнө байланыштуу анын ролун Д. Күйүкова аткарууга туура келди. Эриккенден эмне кылаарын билбей, кандай болсо да жаңылык болуп турuусун эңсеген мещанка аялдын образын ал ишенимдүү түзгөн.

Б. Кыдыкеева ойногон кызы Марья Антоновна Хлестаков менен биринчи учурашмакчы болуп алдыга чыга калганда анын сунулган колун кагып жиберип, ордун өзү ээлей калганы, же болбосо, кызы экөө тең өздөрүн канчалык сөөлөттүү аялдар катары көргөзүүгө аракет кылышса да алардын аң-сезимдеринин тайыздыгынан аракеттеринин олдоксондугунан улам анын жашаган чөйрөсүнүн атмосферасы жана маданий деңгээли менен таанышууга болот.

Бардык максатты өз кызыкчылыгын орундатууга жумшап, алы жеткендерин талап алып, алы жетпегендерге кошомат айтып көнүп калышкан уезддик шаардын бюрократ төбөлдөрүнүн баарын алдап, шаар башчысынын кызын алмакчы болуп макулдашып коюп, Хлестаков жөнөп кетет эмеспи. Ошондо шаар башчысы — Рыскуловду эбегейсиз зор бактысы» менен куттуктashып бардыгы келишет.

Мына ушул сахнада бир жолку спектаклдеги болгон тамашалуу окуя жөнүндө Д. Күйүкова төмөндөгүчө эскерет: «Ал убакта кездеме абдан тартыш болгондуктан жаңы кийим кийүү чоң машакат болчу. Муратбек Рыскуловдун жаңы костюм тиктирип кийип келгени биз үчүн көңүл буралалык жаңылык болгон эле. Шаар башчысынын ролунда гримденээрдин алдында костюмун кастарлап ийин илгичке салып терезенин туткасына илип койгон. (Анда гардероб, же өзүнчө бөлмө кайда?) Биз сахнада жүргөнүбүздөн пайдаланып, ачык калган терезеден костюмду бирөө уурдап кетиптир. Спектакль аяктайын деп калганда эле карасак жок. Мына ошол учурда сахнага шаар башчысын куттуктап кире турган кезегибиз келип калса болобу. Кирип бардык. — Уккан кулакка ишенсек, бир сонун кабар уктук. Ошол чынбы? — десек. Рыскулов, — чын, чын — деп дегеле, чиренип болбойт. Бобчинский жакын барып костюмун уурдап кеткендигин шыбырап айтып ийди. Биз да өзүбүздүн айта турган репликабызды жабырап айтып жибердик:

— Эбегейсиз зор бактыңыз кут болсун! — десек, Рыскулов — ыя? — деп алып күлкүсүнө чыдабай көзүнөн жаш кылгырып баратат, кыйналып жатып өзүнүн репликасын араңдан зорго айтты.

— Мен да силерге ошону каалайм... Андан ары карай күлкүнү кармоого мүмкүнчүлүк болбой калды. Көзүнүн жашын сүртүүгө дарманы келбей ыкшып жүргөн Рыскуловду көрүп алып күлкүбүздү токтото алсакчы. Бизди көрүп көрүүчүлөр да күлүп киришти. Көшөгө жабылып, режиссердон тил уккандан кийин спектаклди араң аяктаганбыз».

50-жылдар Кыргызстан Мамлекеттик драма театры үчүн чыгармачылык өргүүнүн жылдары болду. Театрда азыркы учурдун актуалдуу маселелерин козгогон Т. Абдумомуновдун, Р. Шүкүрбековдун, К. Маликовдун, К. Жантөшевдин пьесалары көрүүчүлөр арасында барган сайын ийгиликке ээ боло берди. Ал эми дүйнөлүк классикадан Шекспир, Шиллер, Гольдонинин чыгармалары, орус классикасынан А. Островскийдин, советтик классикадан М. Горькийдин, Н. Погодиндин, К. Треневдун, чыгармалары сахнага зор ийгилик менен коюла баштады. Бул болсо кыргыз актёрлорунун эң жогорку талапка жооп бере алгыдай чеберчиликке ээ болгондугунун далили эле.

Көрүүчүлөр арасында зор кызыгууну пайда кылган мындай спектаклдердин бири 1950-жылы режиссер А. Свистунов тарабынан сахнага коюлган Шекспирдин «Отелло» аттуу трагедиясы эле (сүрөтчүсү А. Торопов). Отеллонун ролундагы Муратбек Рыскулов, Дездемона — Бакен Кыдыкеева, Яго — Сыдыкбек Жамановдор өздөрүнүн түзгөн кайталангыс образдары менен кыргыз сахнасын өзгөчө жандандырып жибергендиги белгилүү. Андан бери канча жыл өтсө да көрүүчүлөрдүн көңүлүндө күнү бүгүнкүдөй сакталган бул спектаклде Д. Күйүкова Эмилиянын ролун аткарган. Бул образ спектаклде анчейин деле көп орунду ээлебейт. Дездемонанын үй кызматына жардам берген Эмилия Отеллонун аялына берген жоолугун байкабастык кылып күйөөсү Ягого уурдап берип коёт да трагедиянын андан ары ырбап кетүүсүнө өбөлгө түзөт. Өзүнүн оор-басырык мүнөзү менен Дездемонага атайылап жамандык каалабай чын дилинен мамиле жасоого аракеттенген Эмилия — Күйүкова ыраакылыкты сактай албагандыктан торго чалынган ак ниет аял катары көрүүчүлөрдүн эсинде калды. Ал кишилердин баарын өзүндөй кең пейил, ичинде кири жоктой таза көрөт.

Ошон үчүн ал Ягонун жоолукту уурдатып алып, ишенчээк Отеллону аялына каршы көкүтүү үчүн жасап жаткан аракетине түшүнбөгөндүктөн анын айткан сөзүнө анчейин терең маани бербейт. Дездемона менен Отеллонун ортосундагы чыныгы сүйүүнү да ал суктануу менен чын дилинен жактырат. Бирок көңүлчөөктүк кылып уурдап берген жоолукту Яго өзүнүн кара ниеттик максатын ишке ашыруу үчүн пайдаланганын ал кечирээк байкап калат. Канчалык жанталашса да, ал Отеллого эскертүүгө үлгүрбөй калат.

Отеллонун мүнөзүнөн шектенген Эмилия сырттан каалганы такылдата баштаганда Отеллонун карылуу колдору Дездемонанын назик мойнун муунта кармап, кайра жазылбай тургандай болуп карышып калган. Такылдаткан үнгө жооп болбогон соң Эмилия кыйкыра баштайт.

«— Ачыңыз генерал. Ачыңыз кирейин!»

Мына ушул сөздү улам кайра кайталай берген Эмилия иштин жаман жагына айланганын туюп, эмне дээрин биле албай алдастап жатканын байкоого болот.

Дездемонанын өлгөнүнө ишенгенден кийин гана Отелло колдорун бошотуп сырттагы үнгө кулак түрөт. Эмилиянын жанталашкан аракетинен улам шектүү бир нерсени баамдагансыган Отелло селт дей түшүп өлүп жаткан Дездемонаны дагы бир жолу карап алып кетенчиктеп ары басат.

Эшикти ачып чуркап кирип келген Эмилия Дездемонаны көрүп өксүп ыйлайт да, кароолдо турган адамдарды чакырат. Дездемонанын өлүмүнө түздөн-түз себепкер болгондугун түшүнгөндөн кийин ал күйөөсү Ягонун жүзүкаралыгын ашкерелеп, болгон чындыкты бетке айтып чыгат.

Спектаклдеги башкы каармандардын ийгиликтерин камсыз кылууга ыңгайлуу шарт түзүп, көлөмү кичинекей болсо да таасирдүү образдары менен көңүлдө сакталып калган Д. Күйүкованын бул сыяктуу дагы бир ролу А. Островскийдин «Сепсиз кыз» (Реж. А. Свистунов, худ. А. Торопов) аттуу драмасындагы Огудалова болуп эсептелет. Адамдагы эң ыйык нерселердин баарын жок кыла баштаган социалдык чөйрөнү дааналап көргөзүүдө Огудалованын образы чыгармада орчундуу орунду ээлейт.

Өзүнүн кызы Ларисанын тагдырына балта чаап жатканын ички тереңинде көрүп-билип турса да ал акча, дүнүйө дегенде бардыгын унутуп, өз кызыкчылыгы үчүн эмнеге болсо баруудан кайра тартпаган аял. Ал кызын байлыгы эле бар киши болсо сатып жиберүүдөн кайра тартпайт. Кызынын турмушка болгон талабы, анын алдыңкы көз караштары аны эч качан кызыктырбайт. Буржуазиялык коомдун бузулган турмушу Огудалованы өзүнө туткундап алган. Кызына ким сөз айтып, ким көңүл ачууга умтулса, ал бардыгына макул, эптеп эле пайда түшүп турса болгону. Ларисанын келечек тагдыры тууралуу ал ойлоп да койбойт. Мына ушундай принцип менен аракет кылган Огудалова — Күйүкова Ларисанын образынын дагы тереңдеп ачылуусуна эң ыңгайлуу өбөлгө түзгөн.

1951-жылы К. Треневдун «Любовь Яровая» аттуу пьесасы сахнага коюлду. (Режиссер А. А. Свистунов). Мында Д. Күйүкова турмушка кайдыгер караган, адамдардын бардыгына ишенимин жоготкон, ак гвардиячыл Поповanын ролун ойногон. Машинкасын басып кабинетте олтурганда ал ийнин ачып, декольтеге басымды көбүрөөк жасап көйнөк кийген, белди ип-ичке кылып таңып, сөөлөттүү шляпачан үлпүлдөгөн аял катары көрүнөт. Сырткы көрүнүшү боюнча ал эч нерсеге кызыкпагандай, шайкелеңирээк аял катары көрүнсө, бара-бара ал өзүнүн сөзүндө бекем тура албастан ойт берип кетмей жайы бар, ийкемдүү да, арамза да, коогалуу иштерге жакын, коркунучтуу душман катары чыга келет. Өлкөдө кеңири кулач жайган граждандык согуштун кырдаалында ал өзүнүн жеке кызыкчылыгын бардыгынан жогору коюп, пайда издөөнү негизги максаты катары эсептейт. Андан башка анын максаты жок. Ал кызылдарга болсун, актарга болсун дал ушул максаттын талабы боюнча мамиле жасайт. Анын эки жүздүүлүгүн айлана чөйрөдөгү адамдар менен болгон мамилесинен улам байкоого болот.

Душмандарына аёосуз мамиле жасаган партиялык жетекчи Кошкин менен жолукканда ал эмне керек болсо бардыгын аткарууга даяр турган, революцияга жан тарткан адам катары көрүнүүгө аракеттенип коркоктугун жашыра албайт. Ал эми Любовь Яроваяны болсо жек көрүү менен теңсинбей карайт. Анын

ак гвардиячылар менен тамашалашып, өз адамдарындай жылуу мамиледе болсо да кысталыш учурда текеберчилик менен өзгөрө түшкөнүн байкоого болот.

Анын каны ичине тарткан кубакай жүзү, мүчөсүнө келиштире тигилген боз костюму бири-бирин толуктап тургансыйт. Ал эми адамдын көзүнө тике карап туруп. аны ички тереңине чейин түшүнүү менен жасаган мамилеси образга анчейин кирбестен үстүртөн ойноого жол берген ар бир партнерунун шаштысын кетирбей койчу эмес.

Кошкиндин ролун аткарган К. Эшимбеков чет мамлекетке эммиграцияга жөнөп жаткандардын арасындагы Панова — Күйүкованы көрүп, аны чыныгы англичанка экен деп ойлодум — дептир,— анткени, актрисанын образга чын дили менен берилип ишенүүсүнөн улам көз алдыда Д. Күйүкова эмес эле ошол доордун адамын көрүп жаткандай таасир калган экен.

Кесиптештеринин чын дилинен кубаттап, чыгармачылык жетишкендиктерге болгон мактоосу актрисаны андан бетер эргитип, жаңы күч менен изденүүгө шыктандыраар эле.

Ушул эле спектаклге удаа коюлган Н. Погодиндин «Мылтыкчан киши» (Реж. А. Свистунов, худ. А. Торопов) аттуу спектаклинде Д. Күйүкова ойногон Варваранын образы айрым тематикалык жактары боюнча Панова менен үндөшүп турса да, ал тап-такыр башка мүнөздөгү аял катары көз алдыга тартылат. Д. Күйүкова аткарган Варвара эриккенинен эмне кылаарын билбеген, чалпоо, кыңшылап өзүн кесирдүү кармаган капиталисттин аялы. Бул аялды биз Шадрин — Рыскулов алардын үй кызматында иштеп жүргөн карындашын издеп келгендигин сахнада көрөбүз. Адамзатты кыргынга учуратып жаткан дүйнөлүк согуш элди эркиндикке үндөгөн революция бул аялдын аң-сезимине таасир бермек тургай түзүлгөн кырдаалды ал мурдагыдай таң-тамашасын улантууга тоскоол болгондугу үчүн жек көрөт. Согуш талаасындагы окоптордо өлүп жаткан адамдардын арасынан келген Шадрин бул жердеги үн чыгарып сүйлөгөндөн эринген, атырды чыкыйына сүйкөп коюп созулуп олтурган аялдын чөйрөсүн көргөндө анын революциялык көз карашына дагы жаңыча толуктоо киргенине күбө болобуз.

Бул роль көлөмү жагынан анчейин чоң болбогону менен революция учурундагы адамдардын аң-сезимдериндеги контрасты ишенимдүүлүк менен көргөзүп, спектаклдин маанисин тереңдетүүдө таасирдүү роль ойной алган.

1953-жылы Кыргызстан Мамлекеттик драма театрынын сахнасында М. Горькийдин «Егор Булычев жана башкалар» аттуу пьесасы коюлду. Бул коллективдин М. Горькийдин чыгармасына болгон алгачкы ирет кайрылуусу болсо да спектакль театрдын тарыхындагы көрүнүктүү этапты чагылдырган чыгарма болуп калды.

Спектаклди Казак ССРинин эл артисти, РСФСРдин эмгек сиңирген артисти И. Г. Боров койгон. Ага чейин актерлорго талапты барган сайын тереңдетип, сахнадагы реализмди калыптандыруу багытында үзүрлүү эмгектенген А. А. Свистуновдун ордуна келген Илья Григорьевич Боров актерлорду ойлонууга аргасыз кылып, негизги ойду ачып чыгуу үчүн өз алдынча изденүүгө багыттай билүү менен бирге актерлордун алган тажрыйбасын андан ары карай тереңдетүү боюнча аракеттене баштайт.

«Егор Булычев жана башкалар» спектаклинин бирден-бир ийгилиги башкы каарман Егорь Булычевдун ролун аткарган Муратбек Рыскуловдун оюнуна байланыштуу болгондугу төгүн эмес. Актер өзүнүн каарманынын турумушка болгон көз карашындагы карама-каршылыктарды социалдык жактан тереңдетип ачып берүүгө жетишкен. Өзүнүн өмүрүнүн акырында буржуазиялык таптын түп тамырынан бери чирип бараткаңына көзү жеткен Булычев ушул кезге чейин пролетариаттар жашаган көчөдө жашабастан «башка көчөдө» жүргөндүгү үчүн өкүнөт. Мына ушул багыттагы ойду социалдык жактан тереңирээк ачып көргөзүү үчүн автор конфликтти Булычевдун айлана чөйрөсүндөгү адамдар аркылуу күчөтүп берген. Пьесадагы окуя революциянын алдында бай соодагер-көпөс Булычевдин үйүндө өтөт. Боору рак оорусуна чалдыккан Булычевдун өлүмү чукул экендигин анын жакындарынын бардыгы билишет. Ошондуктан анын артында калган байлыкты ээлеп калуу максатында анын жакын туугандары өз ара күрөшкө өткөн. Күрөштүн бир жагында Булычевдун акылы кыска, аңкоо аялы Ксения, аны колдошкон

эжеси Игуменья Мелания, Булычевдордун мурдагы иш башкаруучусу Мокей Башкиндер турат. Мелания Булычевду көндүрүү максатында поп Павлинди, бакшылар Пропотей жана Зобуноваларды жиберет.

Күрөштүн экинчи жагында Булычевдун акылдуу, ач көз улуу кызы Варвара жана анын күйөөсү адвокат Звонцов турат. Мына ушул үй-бүлөлүк драма аркылуу Горький коомдогу социалдык өзгөрүштөрдүн багытын таасын ачып берүүгө жетишкен.

Спектаклдеги аялдар монастрынын башчысы Меланиянын ролун Д. Куйукова аткарат. Ал өзүнүн кол алдында жүздөгөн адамдарды кул катары эзип көнгөн каардуу аял катары көз алдыга тартылат. Колуна кармаган узун таягы маңдайы бийик баш кийиминен тартып бутуна чейин кара түстөгү кийими анын узун бойлуу арык денесин, каны ичине тарткан кубакай жүзүн сүрдүү көргөзүп, өзгөчөлөнтүп турат. Ал ким менен сүйлөшсө да аны өзүнөн окчунураак кармап, сүрдүү көрүнүүгө көнүп калган. Өмүрүнүн акырында өзүнүн ушул кезге чейинки турмуштук позициясына да, кудайга да көз карашы өзгөрүп, бардыгын жокко чыгарып жаткан Булычевду сестендирип, эсине келтирүү менен бирге ага мурас кагазына кол койдуруп калуу максатын ишке ашыруу үчүн ал бардык мүмкүнчүлүгүн жумшайт. Адегенде ал ар бир сөздү салмак менен айтып, тиги дүйнөдө азап тартып, тозоктун отуна күйө тургандыгы жөнүндө коркутуу жолу менен таасир бере баштайт. Бара-бара ал Булычевду теске салуу боюнча мерчемдүү жерге жеткен кыязда өзүнүн негизги максатын орундатуу жагына өтөт. Булычев — Рыскулов сынай карап, унчукпастан угуп олтургапын ал жоошуган сыяктуу кабыл алат да: — «Кой эмесе, жаза сал, кудай таалам өзүнө чакырып калуусу да ыктымал» — деп шаштыра баштайт.

«— Чакырып алып мени эмне кылмакчы?» деген Булычевдун жайма-жай суроосу анын жинин кайнатa баштайт. Барган сайын үнүн катуу чыгарып, кудайдын атынан күнөө коё баштаган Мелания — Куйукованын талантары Булычев — Рыскуловдун чындыкты айткан жөнөкөй сөздөрү менен төгүндөлө баштайт. Мелания аны канчалык коркутуп жеңге салууга аракет кылса да чындык Булычев тарабында экендиги барган сайын дайын бо-

ло берет. Мелания жиндеиин кыйкырган сайын Булычевдун ошончолук табасы канып, ырахатка батат. Ошондон улам ал Гаврило тарткан музыканын коштоосунда бийлөөгө өтөт. Булычев — Рыскуловдун атайылап шылдыңдап бийлеп, Меланияны бийге чакыруу үчүн жакындап келе жатканын көргөндө Игуменья таягын силкилдете кармап жогору көтөрүп, Булычевду жек көрүү менен артка кетенчиктейт. Булычев — Рыскулов да ушуну эле каалап тургансып, анын артынан түшөт. Аргасы түгөнгөн Мелания акыры качып кутулууга аргасыз болот.

Булычев — Рыскулов менен Мелания — Күйүкованын бул сахнасы өз ара келише албай турган сезими күчтүү эки адамдын б. а. пролетариатка жак тарткан бай соодагер менен колунда чоң бийлиги бар ашынган реакционердин ортосундагы социалдык пландагы кагылышуусу катары эсте калат.

Шиллердин «Жүзүкаралык жана сүйүү» аттуу драмасында жеке адам менен коомдун ортосундагы проблема турмуштук конкреттүү мамилелер аркылуу таасын чагылдырылган. Дүйнөлүк драматургиядагы көрүнүктүү чыгармалардын катарында турган бул драманы театр коллективи 1955-жылы сахнага алып чыгышкан. (Режиссеру Мамат Рыскулов, сүрөтчүсү А. Торопов). Окуянын негизин түзгөн Фердинанд менен Луизанын трагедиялык сүйүүсүнө феодалдык түзүлүштөгү социалдык теңсиздик жолтоо болгонун көрөбүз. Фердинанд башкаруучу ак сөөктөрдүн тукумунан болсо Луиза жакыр музыканттын кызы. Дворяндык чөйрөдөгүлөр канчалык ырайымсыз, таш боор экендигин биз Фердинанддын атасы, Герцогдун биринчи министри фон Валтер аркылуу баамдайбыз. Ал өзүнүн бийликке келгендиги таза эмес экендигин жаап-жашырып, Герцог менен мамилесин жакшыртуу максатында өз уулунун бактысына балта чабат. Ал Фердинандды Герцогдун көзөмөлүндө жүргөн фаворитка кыз Леди Мильфордго үйлөндүрүп, ошол аркылуу өз башындагы кылмышын жылмалоо жагын ойлонот.

Д. Күйүкова аткарган Леди Мильфорд да феодалдык зөөкүрдүктүн курманы экендигин көрөбүз. Мамлекетке чыккынчылык кылгандыгы үчүн өлтүрүлгөн англиялык аристократтын кызы Леди Мильфорд Герцогдун кол алдындагы көңүл ачаар аял ка-

тары жүрүүгө аргасыз болот. Ошондой болсо да анын жүрөгүндө Фердинанд үчүн чыныгы сүйүү сезими бар. Актриса өз каарманынын мүнөзүндөгү кайталангыс өзгөчөлүктөрдү бул жолу да ишенимдүүлүк менен таба билгендигин көрөбүз. Аристократиялык чөйрөдө тарбияланып өскөн кыз өз боюна тыкан, кийгени да жогорку талаптын деңгээлинде. Белин өзгөчө ичкертип көргөзүү үчүн корсет кийип, ийнин жылаңачтаган декольте, ак парик, кызыл кочкул быржыгый жибек көйнөкчөн Милфорддун сырткы көрүнүшү бир караганда эле адамдын көңүлүн өзүнө бурат. Керектүү учурда ал кылыктанып, назик, кайра карасаң өз максатын ишке ашыруу үчүн арамзалыкка барган, көзүндө огу бардай тике карап ойлуу жүргөн аял. Күлсө өзүн контролдон чыгарып жибергенсип каткырып күлүп, ыйласа тытынып жибермей өзгөчөлүгү анын эрке өскөн аристократиялык тарбиясынан кабар берип турат. Ошондон улам ал Луизага теңсинбей жогортон карап, өз ара мамилеше келгенде айласын кетирип, бейпайга салып жибермейи бар. Мүнөзүндө мындай өзгөчөлүгү жок, жөнөкөй кыз Луизаны (А. Куттубаева, У. Исмаилова) уу ичкенге чейин жеткирген Леди Милфорддун образы спектаклдин башынан аягына чейин улам жаңы жагы менен таң калтырып, барган сайын мүнөзү дааналанып жүрүп олтурганын көрөбүз. Феодалдык-аристократиялык чөйрөнүн зөөкүрдүгүнө, ырайымсыз зээсүнө каршы жек көрүүчүлүк сезимин ойготкон бул спектаклдеги эсте каларлык образдардын бири мына ушул Д. Күйүкова түзгөн Леди Милфорддун образы болуп эсептелет.

А. Н. Островскийдин «Добул» аттуу пьесасынын сахнага коюлушу театр коллективи үчүн чоң сыноо эле. Кыргыз искусствосунун Москвадагы экинчи декадасынын алдында атайын даярдала баштаган бул спектакль кыргыз театрынын азыркы күндөгү деңгээлин аныктамак.

Спектаклдеги Катеринанын образы Бакен Кыдыкееванын чыгармачылык жаңы жетишкендиги катары кабыл алынды. Анын чын дилинен сүйө да билген, өз түшүнүгүндө тура да билген сезимтал мүнөзү Кабановдордун үйүндөгү адамдын көңүлүн чөктүрүп басмырлаган мамилелер аркылуу бир кыйла мокой түшсө

да акырына чейин моюн сунуп калган эмес. Анын «караңгылыкты жарып чыккан жарык шоола» сыяктуу образын даананап, көргөзүүчү атмосфера кайненеси Кабанова менен тыгыс байланышта өнүгүп жүрүп олтурат. Ошол каардуу Кабанованын ролунда Даркүл Күйүкова ойногон. Ал түзгөн Кабанованын образы жалаң гана үй-бүлөнү катуу кармаган каардуу аял катары көрүнбөстөн патриархалдык орустун кылымдар бою келе жаткан үй-бүлөдөгү адептик салтын сактап, улантуучу адам катары баса белгиленген. Анын бул максаттагы талабы Кабановдордун үйүндө жашагандар үчүн бутка салынган кишен сыяктуу таасир калтырат. Анын басса-турса да айланасындагыларды жекирмейин жүрбөй турган мүнөзү көнүмүшкө айланган. Бирок ал ашмалтайлыкка жол берип, жөн эле сүйлөп олтуруп албайт. Эгерде анын айткандарына талаптагыдай жооп болбосо жерге кагып жиберчүдөй абалга чейин алып барат. Анын айтканы айткандай, дегени дегендей болуп, кимге болбосун тырмагын батырып турганда гана негизги максаты ишке ашкансып, ошондон улам рахат алат.

Спектаклди койгон режиссер Ф. Н. Лещенко (сүрөтчүсү А. Торопов) да актерлордун кимисинен кайсы роль чыгаарын таасын көрө билген, алар аркылуу ылайыктуу ансамбль түзүүгө чебер режиссер болгон. Кабаниханын мыжыма, тажаал мүнөзүн, өз максатын ишке ашыруу үчүн баласына да жакшылык кылбаган өз чөйрөсүнүн идеологу экендигин режиссер актриса аркылуу ишенимдүү ачып чыгууга жетишкен.

Күйүкованын трактовкасындагы бул образ Москванын адистеринин талашын туудургандыгы да бекеринен болгон жок. Жыйынтыктоочу талкууда критик Л. Фрадкин мындай дейт.

«Кабанова — Күйүкова өз ролунун сахнадагы түспөлүн мындан да курчураак кылып көргөзсө болмок. Анткени Кабанова пьесада сахнадагыга карагаңда коркунучтураак берилген. Кабан деген сөз фольклордо жаалы катуу, тажаалдыктын символу болуп эсептелет. Островский Кабанова аркылуу ырайымсыз мыкаачыны көргөзгүсү келген. Мына ошол күч театрда анчейин ишенимдүү чыкпай калган. Түстөр жалмаланып «караңгылыктын» толук образы чыкпай калган».

Бул пикирге каршы чыккан Е. Сурков мындайча пикирди айтат.

«Кабанованы сиз мыкаачы дедиңиз. Эгерде актриса сиздин аныктаманы кабыл алса, анда ал «коркунучтуу» Кабаниханы ойношу керек. Антүүнүн кажети жок, мыкаачылыкты ойногондо болбойт. Кабанихадагы эң коркунучтуу нерсе — анын ырайымсыздыгы кадыресе, көнүмүш түргө айланып калгандыгында».

«...Ал Катеринаны эч кандай жек көрүүсү мүмкүн эмес, ал өз уулунун аялын тарбиялайсам деген гана пикирде». «...Мен Кабаниханы кебелбестигинен улам коркунучтуу дебей, анын моралдык көз карашы адамды өлтүрүп жаткандыгы үчүн коркунучтуу дээр элем» — деген.

Декада учурунда Москванын көрүүчүлөрүнүн зор кубаттоосуна ээ болгон бул спектаклдин ийгилиги Катерина — Кыдыкеева, Кабаниха — Күйүкова, Дикой — Рыскулов, Тихон — Боталиев, Борис — Молдобаевдердин түзгөн образдары менен түздөн-түз байланышта болгондугу талашсыз эмес.

Декадалык репертуардан актриса мындан сырткары К. Жантөшевдин «Курманбегинде» Айганыштын энеси Асылкандын, Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгайында» Майсалбүбүнүн, Цао Юйдун «Тайфунунда» Ши-Пиндин ролдорун ийгиликтүү аткаргандыгы белгилүү.

Прогрессивдүү кытай драматургу Цао Юйдун «Тайфун» аттуу драмасында катышуучулардын өз ара чаташкан сүйүүсүнөн улам келип чыккан окуя аркылуу буржуазиялык коомдун түп тамырынан бери чирип бараткандыгы, ага жаңыдан ойгонуп келе жаткан социалдык күчтөрдүн таасири көргөзүлөт.

Д. Күйүкова ойногон Ши Пин Чжоу Пу аттуу шахтанын ээсинин үй кызматында иштеген мурдагы законсуз аялы болгон. Чжоу-Пунун катаалдыгынан улам мындан отуз жыл мурда Ши-Пиндин үйдөн кетип калгандыгынын кесепетинен бул үй-бүлөдө азыр трагедиялык кырдаал түзүлүп олтурат. Өзүнүн тырмышкан аракети, эмгекчилдиги менен оокат кылып көнгөн Ши-Пин Д. Күйүкованын аткаруусунда кайраттуу, өжөр, шартка жараша мамиле кылып ой жүгүртө билген, сезими курч аял катары көз алдыга тартылат. Ал өзүнүн ордунда үй кызматчы-

сы болуп иштеп жаткан кызы Сы-Фын менен Чжоу-Пудан төрөгөн уулу Пиндин ортосундагы билбестен жасалган мамилени угуп алып келгендеги сахна эң күчтүү берилген. Мындан отуз жыл мурдагы үй ичиндеги жагдайды эсине салып тегерете карап келип, ал таанымаксан болуп турган Чжоу Пуга кайрылат. Чжоу-Пуну адамгерчиликтен алыстаткан анын жашоо турмушунун мазмуну экендигин, ал акыры барып эмнеге алып келе тургандыгы жөнүндө эч сөз сүйлөбөстөн жекире караган көз караш аркылуу туюндуруп туруусу абдан таасирдүү чыккан.

Актрисанын кыргыз сахнасындагы үзүрлүү эмгеги жана образ түзүүдөгү чеберчилиги жогору бааланып, декаданын жыйынтыгында ага Эмгек Кызыл Туу ордени ыйгарылат жана Кыргыз ССРинин эл артисткасы деген ардактуу наам берилет. Бул болсо актрисанын жыйырма жылдан ашык убакыттын ичиндеги талыкпаган эмгегинен жаралган чыгармачылык жетишкендиктердин үзүрү эле.

Декададан кийин театрда жаңыртылып коюлган «Жаңыл» спектаклинде ал мурдагыдай эле башкы каарман Жаңылдын образын түзөт. Мында актриса мурдагыга караганда ой жүгүрттүүсүнүн тереңдиги, баатырдык мүнөзүн толуктап турган албеттүүлүгү менен айырмалана алды. Бирок Жаңылдагы жаштык жалын, лирикалык кыял өз деңгээлине жете албагансып калган. Бул сыяктуу табигый көрүнүштү туура баамдаган актриса Жаңылдын образын түзүүгө киришкен С. Балкыбековага өз жардамын аябады. Эки актриса түзүшкөн бул белгилүү образ ар бириндеги мүчүлүштүктөрдү толуктоо менен көрүүчүлөрдүн кызыгуусуна ээ боло алды.

Мындан сырткары кайрадан жаңыртылып коюлган дагы бир спектакль — «Любовь Яроваяда» (режиссер Ж. Абдыкадыров) актриса Горностаеванын ролун аткарды. Революциянын эпкининен жалтанган адамдардын шарданында чет мамлекетке кетүүгө багыт алган профессор Горностаев өзүнүн аялы менен сахнага чыкканда кичинекей таякчага бекитилген көз айнегин колуна алып, чекеси коосдолгон кара шляпа, узунунан келген модалуу кара кийимчен Горностаева үркүп кетчүдөй болуп, айланага чочулай карап киргенин көрөбүз. Алгачкы беттешүүдөн кийин

бара-бара алар революциянын негизги максатына түшүнө баштайт. Өз тажрыйбасын, билимин, элге арноо керектигин зарыл деп сезген профессордун жана анын аялынын көз караштарында жаңыча ишенимдин пайда болгонуна күбө болобуз. Бирок спектакль өзүнүн жалпы чечилиши жагынан оригиналдуулукка жетише албагандыгына байланыштуу көрүүчүлөр арасында анчейин ийгиликке ээ боло алган жок. Ошондон улам спектакль репертуарда көпкө сактала албады.

Ошол эле режиссер Ж. Абдыкадыров 1963-жылы сахнага койгон «Король Лир» спектакли театрдын жетишкен ийгиликтерин чагылдыруучу этаптуу чыгармалардын бири боло алды. Бул спектакль баарыдан мурда Муратбек Рыскулов аткарган Лирдин образы менен көпчүлүк көрүүчүнү өзүнө тартып турса да, спектаклдин жалпы чечилишиндеги көңүлдү уюткан көркөм ой каражаттары актерлордун оюнундагы ансамблдүүлүк башкы каармандын ийгилигине эң жакшы көмөкчү болуп тургандыгы төгүн эмес эле. Мына ошондой ийгиликтүү чыккан образдардын бири Д. Күйүкова аткарган Король Лирдин үч кызынын улуусу Гонерильянын образы болчу: Гонерильяны Д. Күйүкова менен тең катар Б. Кыдыкеева да аткарып чыккан. Кыргыз сахнасынын бул белгилүү эки чеберинин аткаруусундагы Гонерильянын образы жалпы жонунан караганда өзүнүн катаалдыгы, бийлик үчүн эч нерседен кайра тартпаган кара мүртөз, таш боордугу менен айырмаланып турса да ар бир актриса каармандын мүнөзүнө тиешелүү кайталангыс өзгөчөлүктөрдү таап, ишенимдүү көргөзүүгө жетише алышкан. Эгерде Б. Кыдыкееванын Гонерильясы А. Сырымбетов айткандай «Өзүнүн жандуулугу жана жекече мүнөзүнүн айкындыгы менен айырмаланса»[1] Д. Күйүкова аткарган Гонерилья айтканынан кайтпаган кара мүртөздүгү, өзүнө да ишене бербей айланага шектүү караган мүнөзүнүн татаалдыгы менен көңүлдү бурат.

Негизги конфликт бийликтен өз ыктыяры менен баш тартып, карыган чакта бейпилчилик менен турмуштун ырахатын көрүү максатын көздөгөн Лир менен анын ар кыл көз караштагы

[1] А. Сырымбетов. Бакен Кыдыкеева. «Кыргызстан» басмасы 1976-жыл.

кыздарынын ортосунда өнүгөт. Колунда бийлик турганда урматсыйга көнүп калган Лир бийликсиз деле ушундай сыйда жашай беремин деген ойдо болгон. Ошондуктан ал мындан аркы өлкөнү башкаруу бийлигин үч кызына бөлүп бермекчи болот.

Өзүнүн кең пейилдигине жана улуктугуна сыймыктанган Лир — Рыскулов өзүнүн чечимин салтанаттуу түрдө билдирет да кыздарын эркелете карап алып, алардын кимиси кандай сүйө тургандыгын билгиси келгенин айтат. Сөздү улуу кызы Гонерилья — Күйүкова алат да атасын кандай сүйө тургандыгы жөнүндө безеленип айтып кирет. Эптеп эле жакшы көрүнүп, башка кыздарынан ашып түшүүгө жанталашып аракет кылган Гонерилья атасын өз өмүрүнөн, ар-намысынан да кымбат баалап, жогору тута тургандыгы жөнүндө айтат. Анын бул айткандары канчалык чындыкка жакын экендигине көңүл бөлбөй үстүртөн кабыл алган Лир ыраазылыгын билдирүү менен Гонерильяга тиешелүү жер, суу байлыктарды атап өтөт. Лирдин экинчи кызы Регана — Балкыбекова да эч ийменбестен эжесинен ашып түшүүгө аракеттенет. Ал да өз энчисин алат. Бирок Лир эң кичүү кызы Корделияны бардыгынан жакшы көрө тургандыгы бул экөөнө тең белгилүү. Ошондуктан алар Корделияга калтырылган эң жакшы үлүшкө кызганып, көз артуу менен карап турушат. Корделия — Молдобаева эжелерин туурабастан атасын ата ирсетинде гана сүйө тургандыгы тууралуу чын оюн айтат. Ар нерсеге үстүртөн, сырткы белгилери боюнча карап көнүп калган Лир үчүн бул кабар өзгөчө эрөөн көрүнөт. Сөзгө маани берип түшүнүүнүн ордуна курулай намыска жеңдирген Лир Корделиянын сөздү оңдоп айтпай тургандыгын уккандан кийин ага наалат айтат да, аталыктан кечип, анын үлүшүн да берки эки кызына бөлүп берет. Бар болгон байлыгынан да, бийлигинен да ажыраган Лирдин чыныгы турмушту түшүнүүгө карай шилтеген алгачкы кадамы мына ушул жерден башталат.

Улуу кызы Гонерильянын карамагындагы жайда жан-жөкөрлөрү менен аңчылык кылып, бейкапар сайран куруп жүргөн Лир сарай кызматчылары тарабынан мурдагыдай урмат кылынбай тургандыгы жөнүндө алгачкы ирет байкаганда адатынча эле өкүмдүк менен бир тиет. Бирок улуу кызынын сарай кыз-

матчысы мурдагыдай ийменип калуунун ордуна каяша айтуу менен жооп берет. Мындай терсайк неменин жазасын колуна берсин деген ой менен кызына келип даттанат. Гонерилья болсо атасын таарынткан адамды жазаламак турсун кайра Лирдин өзүн жекирип кирет. Эч пайда келтирбеген жан-жөкөрлөр курулай чыгымды көбөйтүп, жөн эле эсирип жүрүшкөндүгүн айтат да, алардын санын эки эсеге азайта тургандыгын эскертет. Атасын чексиз сүйөм деп мурда жанталашып айтып жаткан Гонерилья — Күйүкова азыр өз кызыкчылыгын бардыгынан жогору коюп, ага жолтоо боло турган кичинекей эле нерсени байкаса каны ичине тартып, таноосу кымчыла түшкөндүгүн көрөбүз. Лир — Рыскулов аны канчалык таң калуу менен караса да, Гонерильянын жүзүндө жылуулуктун изи жок, атасы үчүн таптакыр чоочун адам катары бир жерди теше тиктеген боюнча тоңдоосун кала берет. Гонерильяга ичи муздаган Лир ага наалат айтып, экинчи жүзүн көрбөскө карганат да чыгып кетет. Ал өзүнүн кор болбостугуна ишенет. Анткени дагы бир «сүйүктүү» кызы Регана бар эмеспи. Өзүнүн келе жаткандыгы жөнүндө кабардоо үчүн алдыга киши чаптырып Рeгананыкына келсе, кабарга келген Кенттин колу-бутуна кишен салынып байлоодо олтурганын көрөт. Көргөн көзүнө ишенбей, байкамаксан эткен Лир ызасын ичине жутуп, мындайда шылдың кылып көнүп калган куудулун акырын тыйып, кызына даттанып кирет. Бирок Регана — Балкыбекова да көзүнүн чаарын чыгара жек көрүп карап, атасын күнөөлөй баштайт. Ал Гонерилья айткан элүү кишинин ордуна жан-жөкөрлүккө жыйырма беш гана киши калтыра тургандыгын айтат. Мындай кордоону күтпөгөн Лир Рegананы да каргайт да 50 жоокер калтырам деген Гонерильясын эстеп, аны бекерге тилдеген экемин деп өкүнөт. Аңгыча Гонерильянын келе жаткандыгы жөнүндө кабар келет. Регана аны кубанычы койнуна батпай, салтанаттуу түрдө тосуп алганын көрүп, азыр эле өзүн кандайча кабыл алгандыгын эстеп ичи күйөт. Мына ушундай жагдайлардан улам Лирдин көзү ачыла баштайт. Бирок түзүлгөн кырдаалда эмне кылаарын билбеген Лир эми кайрадан Гонерильяга даттанат. Колдоруна чексиз бийлик тийген эки кызы бириккенден мурда атасын кан-

чалык сүйө тургандыгы жөнүндө атаандашып сөз талашса, азыр ырайымсыздык жагынан атаандаша баштагандыгын көрөбүз. Мурда элүү нөкөр калсын деген Гонерилья эми Реганадан ашып түшүп, он киши калсын десе, Регана ага жооп иретинде эч кимдин кереги жок деп басып кетет.

Акыры барып, атасын үй-жайсыз талаага кууп салышкан кыздары өздөрүнүн ач көздүктөрүн, чексиз бийликке ээ болууга атаандашуусун андан ары карай тереңдетип жүрүп олтурушат да, акыры өздөрүнүн башын жутуп жок болушат.

1966-жылы сахнага коюлган А. С. Грибоедовдун «Акылдан азап» аттуу драмасы (режиссер Цыганков) кыргыз актерлорунун такшалган чеберчилигин сынай турган бирден-бир маанилүү спектаклден боло алды. Бул спектаклде Фамусовдун ролундагы М. Рыскулов, Чацкий — Умуралиев, Софья — Б. Кыдыкеева, Скалозуб — С. Жаманов, Молчалин — Б. Өмуралиев ж. б. белгилүү ролдордо ойношкон актерлор өздөрүнүн таасирдүү түзгөн образдары менен көрүүчүлөр арасында кызыгууну туудурушту. Спектаклде жалпы ансамблдин түзүлүүсүнө көмөкчү болуп, кичине роль болсо да ал аркылуу чоң маанилерди көтөрүп чыккан актерлордун арасында Д. Куйүкова да бар эле. Ал мында Хлестова деген бай кемпирдин ролунда чыгат. Өзү барып турган ушакчы, карыганына карабай шаан-шөкөт, үлпөттөрдөн калбайт, 60 километр аралыктан болсо да өзү жалгыз келбей итин кошо көтөрө келип, негизги аракети ушак таратып, жаңысын угуп кетүү. Көз айнегин тагынып алып карта ойномой дымагы бар. Фамусовдун чөйрөсүн дааналап көргөзүүдө кичине болсо да эсте каларлык образ түзгөн актрисанын бул аракети анын чоң талантынын дагы бир күбөсү.

Д. Куйүкованын дагы бир маанилүү ролу М. Горькийдин «Васса Железнова» спектаклиндеги башкы каарман Вассанын ролу болуп эсептелет. Спектакль өзүнүн жалпы чечилиши боюнча мурдатан белгилүү традициялык постановкаларды үстүртөн кайталап калгансып көрүнгөндүктөн театр үчүн анчейин ийгилик алып келе албады.

Ошондой болсо да Д. Куйүкова аткарган Васса Железнова айрым учурда курулай кыйкырыкка орун берип, үстүртөн ке-

тип жаткандыгына карабастан бир кыйла эсте каларлык табылгалары менен баалуу. Ал жакындап келе жаткан революциялык кырдаалдан мүмкүн болушунча алысыраак болууга аракеттенген соода фирмасынын башчысы, уюштургуч, эрки күчтүү аялдын образын түзгөн. Ал канчалык бай болсо да үй-бүлөсүндөгү келишпестиктерден, жалпы эле абалдын коогалуулугуна улам тез ачууланып, санааркай берип бир кыйла этинен түшүп, арыктап бараткандай таасир калтырат. Айрым учурдагы анын бийликти катуу кармаган өкүмдүгүнөн, балдарын эркелете билген мээримдүүлүгүнөн улам мүмкүнчүлүгү жана өзүнө койгон талабы чоң адам экендигин сезүүгө болот. Ал башкарган фирма жалаң гана өзүнүн кызыкчылыгы үчүн кызмат кылбастан жалпы эле капиталисттик система үчүн мааниси бар экендигин жакшы билет. Ошон үчүн ал ыпылас жүрүш-турушу менен фирманын кадыр-баркына доо кетире баштаган күйөөсүн эч нерседен чочулабастан, атайылап түшүндүрүп айтып туруп уу берип өлтүрөт. Ошондой эле өзүнүн небересин да энеси Рашелден ажыратып оюндагыдай тарбиялоого кам көрүп койгон. Эгерде революционерка Рашелдин таасиринде тарбия алса небереси башкача көз караштагы адам болуп өсөөрүнө көзү жетет. Ал өз оюна жолтоо болгон нерселердин бардыгын тазалап, жок кылып жүрүп олтурса да, турмуштун жаңыча агымы аны барган сайын алсыратып, бардык пландарын бузуп бараткан сезди. Ошон үчүн анын сахнадагы өлүмү да башка арга болбогондуктан улам келип чыккандай болуп кабыл алынат.

* * *

Белорус драматургу Крапиванын «Акыркы күлгөндүн арманы жок» (Реж. И. Боров, худ. А. Торопов) аттуу комедиясында Д. Күйүкова Катя аттуу уборщицанын образын түзгөн. Директордун кабинетин тазалаган Катядан келген адамдардын бардыгы кеңеш сурашат. Катянын болсо билбегени жок, ким кайрылбасын, ыраазы кылып, жүйөөлүү сөз таба билгендиктен аны бардыгы жакшы көрүшөт.

Ал тынбай аракеттенген ишмердүүлүгү менен, улуттук кийимди кастарлап кийген тыкандыгы менен башкаларга өзүн үлгү катары көргөзө алган мээримдүү аялдын образын түзгөн.

Адамдагы жакшы сапаттар эмнелер менен өлчөнө тургандыгына чек коюп айтуу мүмкүн болбогон сыяктуу актриса түзгөн образдардын арасындагы бир-бирине окшобогон жакшы адамдар эң эле көп. Мисалы, К. Жантөшевдин «Каныбек» романы боюнча сахналаштырылган спектаклде ал түзгөн Анархандын образын аялдык мээримдүүлүктүн, күйөөсүнө берилгендиктин, жагдайга жараша мамиле кыла билген акылмандыктын эталону катары кароого арзыйт. Каныбекке болгон анын чексиз сүйүүсү аны кандай гана кыйынчылыктарга дуушар кылып, канча сыноолордон өткөрбөдү. Ал ар дайым өзүнүн эң сонун адамдык сапатын даңазалап жүрүп олтурат. Арык чырай, кубакай жүздүү, шыңга бойлуу, кашты уйгурча боегон Анархан — Күйүкова өзүнүн паранжа менен жүрүп көнүп калган мүнөзүн кое бербей, жоолукту бош кое берип бетин жашырган, иймейчээк аял катары көрүнөт. Бирок беттешип сүйлөшө келгенде адамды өзүнө тартып алган сезимталдыгы, максатын ишке ашыруу үчүн эң бир туура, жүйөөлүү моменттерди пайдалана билген акылмандыгы менен адамды өзүнө тартып алат. Кичинекей баласын жетелеп, тоо-ташты аралап жүрүп, көптөгөн кыйынчылыктарды баштан өткөргөн Анархан Каныбекти араң табат. Жолукканда Каныбектин кийинки аялы Бегайымга күнү катары карабай, адамдын абалын түшүнө билгендигин даана көргөзөт. Бардыгына тең карап, Каныбектин татаал жолун жеңилдетүү жагын көздөйт.

Мына ушундай эле адамдын тагдырына кайдыгер карабаган мээримдүү образдардын бири К. Маликовдун «Жүрөк толкуйт» аттуу пьесасындагы Анна аттуу врач аял болуп эсептелет. Шахтердук шаарчада врач болуп иштеген бул аял өзүнүн эң негизги милдети адамдардын өмүрүн коргоо экендигин ыйык тутат. Шахтерлордун арасындагы ичкиликке алдырып бараткандарга өзүнүн кеңеши, кылдат мамилеси менен таасир берип, ага көңүл бөлгөндүктөн аварияга учурап, жарадар болгон адамдын өмүрүн сактап калуу үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн аябайт.

К. Жантөшевдин «Биздин эне» аттуу пьесасы боюнча коюлган спектаклде Д. Күйүкова Айжаркын Мамытова деген мектептин директорунун ролун аткарган. (Режиссеру А. Боталиев, худ. Некрасова). Спектаклде айтыла турган негизги ой ушул Айжаркындын образын бардык жагынан тереңирээк ачып чыгуу жагына багытталган эле. Өзүнүн турмушка болгон алдыңкы көз карашы, иштеги кемчиликтерди бетке айтып туура багыт бере билген принциптүүлүгү менен айырмаланган Айжаркын жаңы доордун жаңыча көз караштагы алдыңкы адамы катары көз алдыга тартылат. Ал өзүнүн балдарынын бардыгына талапты жогору коюп тарбиялап өстүргөн. Бир баласы райОНО, калгандары да мугалимдик кесипте эмгектенишет. Өзү болсо СССР Жогорку советинин депутаты. Анын турмуштук талабы абдан чоң. Бирок улуу баласынын ишке болгон мамилеси бул талапка карама-каршы экендигин байкайт. Ал өзүнүн кызмат абалынан пайдаланып иштин этикасына жатпай турган өзүмчүлдүккө жол берген. Өз баласынын мындай кемчиликтерин ашкерелеп туура жолго салуу үчүн Айжаркын — Күйүкова өзүнүн мугалимдик парзын бийик тутуп үлгү болорлук өрнөк көргөзгөнүн көрөбүз. Москвага сессияга кетип бараткакда ал бардык жетишпегендиктерге токтолуу менен аларды оңдоо үчүн туура багыт берет. Турмушубуздун алга жылуусуна таасирин тийгизүүчү ар кандай кылдат нюанстарды байкай билип, жагдайга жараша туура мамиле кылуу жагына кыраакы караган жогорку маданияттуу, активдүү аялдын бул образы көрүүчүлөрдүн көңүлүнө жылуу сезим калтыра алды.

Бул сыяктуу көлөмдүү ролдор менен тең катар актриса бир кыйла эпизоддук ролдордо да өзүн көргөзө алды.

50-жылдардын аягында сахнага коюлган. М. Алыбаевдин «Курорттогу окуя» аттуу комедиясында чалдар менен тамашалашкан ойсоке келиндин ролунда көрүнсө, Р. Шүкүрбековдун «Жапалак Жатпасов» аттуу комедиясында Жапалак таштап кеткен аялдардын бирини ролунда чыгат. К. Маликовдун «Бийик жерде» драмасында Алымкандын, Ш Бейшеналиевдин «Кычан» аттуу пьесасында Кычандын энеси Турдукандын ролдорун аткарат.



**СССРдин эл артисткасы
Даркүл Күйүкова**

К. Жантөшев. «Курманбек» спекактлинен. Салкындын ролунда

Д. Күйүкова, К. Жаманова, У. Исмаилова жазуучулардын арасында







К. Маликов,
А. Куттубаев.
«Жаңыл мырза»
спектаклинен Жаңылдын ролунда

К. Жантошев.
«Курманбек» спектаклинен. Гүлайдын ролунда





Островский. «Добул» спектаклинен. Кабаниханын ролунда



Островский. «Добул» спектаклинен. Кабаниханын ролунда — Д. Күйүкова, Дикой — М. Рыскулов



М. Горький. «Васса Железнова» спектаклинен. Васса Железнованын ролунда



А. Токомбаев. «Өлбөстүн үрөнү» спектаклинен. Уулбаланын ролунда



В. Ш е к с п и р. «Король Лир» спектаклинен. Гонерильянын ролунда



**В. Ш е к с п и р. «Король Лир» спектаклинен. Гонерильянын ролунда**



Ч. Айтматов. «Саманчынын жолу» спектаклинен. Толгонайдын ролунда



Ч. Айтматов. «Саманчынын жолу» спектаклинен. Толгонайдын ролунда



М. Байжиев. «Байыркы жомок» спектаклинен. Сур эчкинин ролунда



**Б. Жакиев. «Атанын тагдыры» спектаклинен. Оцолкандын ролунда.**



Б. Брехт. «Өлөрман эне жана анын балдары» көрүнүш. Репетиция учуру.



**Б. Брехт. «Өлөрман эне жана анын балдары» спектаклинен көрүнүш.**



«Ак кеме» кинофильминен көрүнүш Бакшынын ролунда.



«Биринчи мугалим» фильминен көрүнүш

«Жоро» фильминен
көрүнүш





«Аптап» фильминен
көрүнүш



Актриса жаш актрисалар менен аңгемелешүүдө.



**Б. Б р е х т. «Өлөрман эне жана анын балдары» спектаклинен көрүнүш.**



Актриса гримденип жатат.

Азыркы турмушубуздун темасын чагылдырган бул спектакл-дер менен тең катар 1957-жылы К. Эшмамбетовдун «Эгиз бала» аттуу кыргыз жомогунун негизинде жазылган драмасы сахнага коюлат. Спектаклге режиссердук кылган А. Боталиев Д. Куйукова Мастандын ролун ыйгарат. Мындан бир жыл мурда коюлган А. Көбөгөновдун «Болот менен Тынар» аттуу спектаклинде да ушул сыяктуу Мастан кемпир бар эле. Андагы Мастандын ролун Б. Кыдыкеева менен С. Кумушалиева аткарышып, эсте каларлык образ түзүшкөн болчу. Элдик жомоктордо Мастандар сырткы көбөтө-кешпири, адамдарга болгон мамилеси, алдына койгон максаттары боюнча калыпка түшүп калган сырткы түспөлү белгилүү образдардан болуп эсептелет.

Д. Куйукова мындай белгилүү канондон чыгып кете албаса да, анын өз алдынча кайталангыс өзгөчөлүктөрүн таап, кызыктуу образ түзүүгө жетишкен. Адамга астыртан уурдана карап, аярлай баскан, түлкүдөй жылма Мастан — Куйукова бир көрүнгөндө эле адамдын көңүлүн өзүнө буруп алат. Тегерегинен келген чоң мурунунун бетиндеги кара меңи, меңине чыккан кылы сербейип, өңүн суук көргөзүп турат. Ошого карабастан, мүнөзүндө адамды өзүнө тарткан бүбү чалыш өзгөчөлүгүн да байкоого болот.

Хандын байбичесинин тапшыруусу боюнча Мастан токол ханшанын жаңы төрөгөн эгиз баласын уудап алып, анын ордуна эки күчүктү салып коет. Тирүү калышкан Мундук менен Зарлыктын ким экендиги кийин аныкталган соң Мастан өзүнүн татыктуу жазасын алат.

А. Көбөгөновдун «Карагай-Булак» аттуу пьесасында азыркы турмушубуздун актуалдуу маселеси болгон бийик тоолуу райондордогу мал чарбачылыгындагы кыйынчылыктар көргөзүлөт. (Режиссерлор Ф. Лещенко жана И. Боров, художник Овчаренко).

Д. Куйукова аткарган колхоздун председатели Салима Алымбаева коомдук иш үчүн жанын таштап коюп өжөрлүк менен иштеген активдүү аял катары көрүнөт.

Эсимде, ушул спектакль менен коллектив 1959-жылы гастролго чыгып, биздин айылга барып оюн коюшкан эле. Мурда кыргыз драма театрында иштешкен М. Рыскулов, Б. Кыдыкеева, С. Жаманов, Д. Куйукова ж. б. актерлордун даңазалуу аттарын

үкканыбыз менен алардын спектаклдерин да, өздөрүн да көрө элек болчумун. Көктөн издегеним жерден табылгандай болуп, бир керемет күткөндөй оозду ачып, бардык дитим менен карап олтурам. Сахна караңгылап, лапылдата жааган карга аралаш бороон-чапкын күчөп кирди. Карга аралаш элес-булас көрүнө калып, боз плащчан бир караан келатат. Бара-бара сахна жарык болуп жанагы адамды даанараак көрүүгө мүмкүнчүлүк болду. Иштин иретсиз абалын көрүп күйүп-бышып, айрым жумуштарды өзү жасап кирген бул аялды алгачкы ирет көргөндө эле мүмкүнчүлүгү кеңири тынчы жок ишмер адам экендиги түшүнүктүү боло баштады. Коомдук мүлк чыгашага учурап жаткан мындай кырдаалда кайдыгерчиликке жол беришкен колхоздун активдерине, кыргыйдай тийип, кемчиликтерин ашкерелеп туруп өзү сыяктуу жанталашып иштөөгө аргасыз кылган Салима — Күйүкова барган сайын өзүнүн позициясын бекемдеп, үлгүгө арзырлык мүнөзү менен көрүүчүлөрдүн көңүлүн уюта берди. Ал турмушта жалаң иш үчүн күйүп бышкандыгы, ойлогон оюн ишке ашырмайынча тынчсыздана берүүсү менен гана чектелбестен, керектүү учурда энелик мээрими, адамды түшүнө билген кыраакылыгы жана кең пейилдиги менен да көңүлдү бурат. Мына ошол спектакль жалпы жонунан анчейин эсте калбаса да, андагы Күйүкованын аткарган образы өзүнүн багыттуу ой көзгөп, жеткилең иштегендиги менен ушул кезге чейин көз алдыда.

Ар бир актердун талант өлчөмү ал түзгөн образдар аркылуу билинет эмесни. Бирок ошол образдардын драматургиялык негизинде актердун мүмкүнчүлүктөрүн даапалап ачыкка чыгарууга өбөлгө түзгөндөй мүнөздүк өзгөчөлүктөр болбосо актер канчалык талапттуу болсо да ойдогудай көрүнүүсү кыйын. Адамдын чыныгы мүнөзү ар кандай татаал кырдаалдардагы кагылышуулардан улам ачыкка чыга тургандыгы белгилүү болгондон кийин, актердун чыгармачылык бактысы да түзгөн образынын мүнөзүнө жараша болоору тогун эмес.

Драматург Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» (Реж. Ж. Абдыкадыров, худ. А. Торопов) аттуу драмасынын сахнага коюулушу бир кыйла белгилүү актерлорубуздун жаңыча багыттагы мүм-

күнчүлүктөрүн ачыкка чыгарып кетти. Спектаклдеги Акылбектин образын түзгөн Муратбек Рыскулов, Оцолкандын образындагы Даркүл Күйүкова менен Сабира Күмүшалиева, Жеңишбек — Искра Райымкуловалар көргөн адамды кайдыгер калтырбай тургандай нйгиликтерди жарата алышты.

Драматург мында актерлордун аракетине кеңири мүмкүнчүлүк берген колориттүү образдар аркылуу өз ара мамилелердин турмуш чындыгына жакын ишенимдүү жагдайларына туш кылат. Негизги окуя карылыкка моюн сунуп калган Акылбек карыянын тагдыры менен чырмалышып жүрүп олтурат. Согушта дайынсыз болуп кеткен жалгыз уулунун ордуна медер туткан небереси Жеңишбек эркелигине чыдабай чоң атасына таарынып, энесине качып кеткен. Жеңишбексиз жашай албаган Акылбек — «барсам берээр бекен» — деген үмүт менен башка жерге күйөөгө чыгып кеткен келинин издеп, атайын келет. Мына ушул көрүнүштө Зууранын жаңы кайненеси Оцолкан менен жолугабыз.

Пьесада Оцолкан үйдөгүлөрдү кың дедирбей бийлөөгө аракет кылган каардуу кемпир катары көз алдыга тартылат. Ар бир сөздөн кыйкым издеп, өзгөчө «Келинди тыкыйта кармоого» бардык аракетин жумшаган Оцолкан мүнөзүнүн конкреттүүлүгү жана оригиналдуулугу менен коңулду өзүнө буруп алат.

Д. Күйүкова бул образды андан ары тереңдетип, көркөм каражаттар менен даапалап ачып берүү багытында көп изденген. Бул сыяктуу кемпирлерди актриса турмушунда көп жолуктурган. Актриса аны жалаң гана көп сүйлөнгөн каардуу кемпир катары көргөзбөстөн Оцолкандын ач көз, сараңдыгын да баса белгилейт. Келинин көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй теше тиктесе, бейтааныш жолоочу Акылбекке бой көтөрө текеберчилик менен карагандыгынан улам ал өзүн сөөлөттүү көргөзүүгө аракет кылганын байкоого болот. Ал чачынын учуна тагылган шалдыраган ачкычтарынын арасынан өзү гана ача турган сандыгынын ачкычын таап чыгып, катылган кант, чайларын өлчөмү менен чечеп берүүнү өз колуна алган кемпир. Бир чымчым чайды эликиндүүлүк менен ушалап туруп чайнекке салып келинине узатып, кантты ар бир кишинин алдына чечеп ыргытып, көбүрөөк кетип калды дегенсип бир-экөөнү кайра алып баштыкка

салып, ошол эле учурда сөздүн маанисине кулак түрүп олтурат. Акылбек Зууранын мурунку кайнатасы экенин укканда мурда тоотпогонсуп олтурган Оңолкан оңдонуп олтуруп, жандана түшөт. Сөз Жеңишбек жөнүндө болоорун дароо эле туюп, эми Акылбекти аяп, жан тарткан адам сыяктуу Жеңишбекти тезирээк таап колуна салып берүүгө аракеттене баштайт. Бирок келинин көңүлсүбөй турганын көргөндө жини келип, өз оюн чоочун кишинин көзүнчө айтып ийе албай чый-пыйы чыгат.

Акылбек — Рыскулов жалбаарып сураса да Зуурадан оңдуу жооп уга албай кайра жалгыз жол тартууга аргасыз болот.

Оңолкан — Күйүкова өзүнүн ичинде катылган заарын ошондон кийин төгөт. «Мага кымындай пайдасы жок бирөөнүн баласын ашка жүк, башка жүк кылбай жогот ары!» — деген анын заардуу сөзү Зуурага аябай катуу тиет.

«Баламды кетирбейм!» — деп алгачкы ирет каяша айта баштаган Зуура — Дулатованын сүрүнөн чочулап ал өлөрмандык кылып сүзгүлөп кирет. «Сабайсыңбы, ыя? Мына, саба, саба!» Мына ушундай мамилелерден улам Зуура Жеңишбекти чоң атасына кетирүүгө аргасыз болот.

1960-жылдан баштап жыйырма жылга жакын убакыттан бери сахнадан түшпөй көрүүчүлөрдүн кызыгуусун арттырып келе жаткан бул спектаклдин ийгилиги Д. Күйүкова аткарган Оңолкандын образына түздөн-түз тиешеси бар. Оңолкандын образын түзгөн экинчи актриса Сабира Күмүшалиева да өз алдынча чоң ийгиликке жетишкендиги белгилүү. Таланттуу эки актрисанын бул образ аркылуу айта турган ойлору бирдей болсо да экөө эки башка мүнөздөгү Оңолканды көргөзүшкөн. Д. Күйүкованын Оңолканы адамды астыртан сынай карап, көз караш кыймыл-аракетти жаза кетирбей байкай билип, ошого жараша өз оюн салмактуулук менен ишке ашырса, С. Күмүшалиеванын Оңолканы өз оюн ачык айтып шар жүргөн бетке чабар адамдын мүнөзүн эске салат. Анын жүргөн-турганы да чапчаң, Күйүковадай бүкүрөйгөнсүбөй кайкалаңдап шайдоот жүрөт. Бу эки актрисанын түзгөн образдары негизги ойдун багытын туура белгилеп берсе да, өз алдынча окшошпогон мүнөздөрү менен сахна искусствосун байыта алышты десек жаңылышпайбыз.

Казак драматургу А. Тажибаевдин «Жалгыз дарак токой болбойт» (Реж. Ж. Абдыкадыров, худ. Петриди) аттуу пьесасында Д. Күйүкова Уулсүйгөн аттуу саанчынын ролунда чыгат. Анвар Куттубаева аткарган анын абысыны Токбике өзү башкарманын аялы болуп туруп чочко багат. Топчу тумшук торопойлорун бооруна кысып алпечтеп баккан Токбикени «Макирөө катын» деп ал үйүнө жолотпой кууйт. Бир жагынан ал өзүнүн көнүмүш көз карашын кое бербей, Токбикени кодуласа да, экинчи жагынан, ал сүт фермасында эпкиндүүлүк менен эмгектенген ак ниет адам экендигин көрөбүз. Колхоздун председатели Телгара — Жаманов анын кайниси. Өзүнүн карамүртөздүгү, ойлогон оюнан кайтпаган өзүмчүлдүгү менен ал колхоздун ишин бир кыйла начарлатып жиберген. Уулсүйгөн болсо анын кемчилигин жашырбай бетине айтып туура жолго салуу үчүн көп аракет жасайт.

Газетага жамандалып чыккандыгы үчүн агроном Актанга кошуп өз агасы Жанасты күнөөлөп жүргөн Телгарага жүйөөлүү кеңешин айтып, бажактап сүйлөгөн ачык-айрым мүнөзү менен эл арасында кадыр-баркка ээ. Уулсүйгөндүн образы спектаклдеги эсте каларлык образдардын бири эле.

Ушул эле 1962-жылы Уулсүйгөндүн образына киришээрдин алдында Д. Күйүкова мындан такыр башкача багыттагы образды түзгөн. Ал А. Токомбаевдин «Тергөө жүрүп жатат» (Реж. Ж. Абдыкадыров, худ. А. Торопов) аттуу драмасындагы Сырганын образы эле.

Спектаклде Эркеч аттуу соода кызматкеринин кылмыштуу иши боюнча тергөөнүн жүрүшү менен таанышабыз. Мурда юстицияда жоопту кызматтарда иштеп келип, ал жактан кетирген кемчиликтерин жаап-жашыру үчүн соода тармагына өтүп кеткен Эркеч (Назарбек Чокубаев) азыр бардыгын акчага сатып алуу принцибине өткөн. Ал өзүнүн жаш аялын да ата-энесинен акчага сатып алган. Аны ал малайы катары уруп-согуп жумшайт. Күйөөсүнүн орой мамилесинен улам жалтаң болуп көңүлү чөгүңкү жүргөн Сырга бара-бара чыйралып, өзүнүн граждандык позициясына ээ боло баштаганын көрөбүз. Мына ошол Сырганын ролун аткарган. Д. Күйүкова акырында күйөөсүнүн жаман кылыктарынын бетин ачып кармап берет. Өзүнүн ыплас иштерин бар-

дык жагынан жылмалап жүрүүгө конгон кыйды эркечти колго түшүргөн менен мойнуна бир нерсени коюу мүмкүн эместей көрүнөт. Мына ошондо далилдүү чындык тууралуу кароолчу аркылуу орган кызматкерлерине билдирүү менен күйөөсү Эркечке окшогон бир кыйла жегичтердин бетин ачат.

Аалы Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү» аттуу дагы бир пьесасы кыргыз драма театрынын сахнасында адегенде 1964-жылы, кийин анын жаңыртылган варианты боюнча 1971-жылы экинчи жолу коюлду. (Реж. Абдыкадыров, худ. А. Торопов) Бул эки спектаклде тең Д. Күйүкова Уулбала аттуу акылман байбиченин образын түзгөн. Өз ара бийлик талашып, курулай намыс үчүн кыргынга учурап жатышкан кыргыздын уруулаш элдеринин ажатын ачып элдештирүүгө кудурети келбесе да, өзүнүн сөзү өтө турган жерде таамай айткан өкүм сөзү менен эр жүрөк баатырларды да жалтанткан акылман аял ушул Уулбала — Күйүкова экенин көрөбүз. Сахнада эки уруунун башчылары Үмөтаалы-датка менен Султан--Боромбайдын адамдары бири-бирине эрегишип, кан төгүшүп, тирешип турган убагы. Каардуу Үмөтаалыга туруштук бере албай, элинин алсырап бара жатканын сезген Боромбай жардамга кол сурап казак төрөсүнө кайрылат. Ал үчүн өзүнүн жээни Төрөкан деген келинди күйөөсүнөн ажыратып, амал менен беш көкүл кызга айландырып туруп Тезек төрөгө тартуу кылат. Жонотоор алдында Төрөканды Боромбайдын маңдайына ээрчитип келген Уулбала бекерге намыстана берүүдөн улам элди тукум курут кылып, акыры өз башын да жутуп алаар коркунучун эскертет да Боромбайды бул оюнан баш тартуусун өтүнөт.

Кара кийимчен, чоң кара жоолугун байланбастан башына бош салынып, узун талгын колунан түшүрбөгөн Уулбала — Күйүкованын сырткы түспөлүнөн эле анын терең ойлуу, жогорку маданиятуу, кыраакы аял экендигин байкоого болот. Кан төгүүчү урушту токтотууну өтүнгөнү — бир тууганы Ормондун баласы Үмөтаалыга жан тарткандыктан, же болбосо, күйөөсү Алымбек датканын Үмөтаалы тарабынан өлтүрүлгөндүгү үчүн корккондуктан айтып жаткан жок ал. Бул сөз өзүнүн энелик ыйык парзы катары угулат.

Боромбайдын чечимин Төрөкан аткарбай тургандыгын айтып күң болуп кетүүдөн баш тартканда Боромбайдын баласы Кылычбек намыстанып: «Мындан көрө башыңды кесип салып тынбасам!» — деп жулунат.

Ошондо Уулбала — Күйүкова таягын жерге бир уруп, Кылычбекти (С. Мээрканов) жекирип коё берет: — «Бакырба кашаал! Сен бир эле кишисиң, Төрөкан-эне. Ал ак асаба кызыл туу баатырларды төрөйт! Сага окшогон ала канат жел өпкөлөр бойдон деле түшүп калат!» — дейт. Күчтүү сезим менен таамай айтылган бул сөздүн таасири кимге болбосун жеткиликтүү угулат.

Таланттуу актриса өзүнүн түзгөн бул сыяктуу көптөгөн образдарынын ичинен айрымдары тематикалык жана психологиялык жактан үндөш болгондугу үчүн да ойлонууга аргасыз болот. Бирок алар канчалык окшош болсо да негизги көз карашы, көтөргөн идеясы, алдына койгон максаты, жана ошого жараша мүнөзү боюнча эч качан эки адам бири-бирине окшошпостугун актриса жакшы билет. Ошондуктан айрым образдар сырткы көрүнүшү боюнча башка бир образды эске салып турса да, чыгарманын негизги идеясын дааналап ачып чыгууга умтулган актриса өзүнүн фантазиясы менен каармандын өзүнө гана тиешелүү мүнөзүн, ак-сезимин дааналап туруп ачып чыгат.

Шатман Садыбакасовдун «Ак боз ат» (Реж. Ж. Абдыкадыров, худ. М. Исхаков) аттуу драмасындагы Алтын таяк Зулайка өзүнүн адамдык позициясы боюнча Уулбаланы эске салуусу ыктымал. Анткени мында да ал өз уулу Шырдакбектин эл камын ойлобой, өз жанынын жыргалчылыгын көздөп жатып алгандыгы үчүн жекирет. Келини Эркеайымдын кесирлигине жини келип каарын төгөт. Сыртынан караганда окшоштой көрүнгөн бул образдан актриса каарманга тиешелүү мүнөздүк өзгөчөлүктү ишенимдүүлүк менен ачып чыгат. Ал аткарган Алтын таяк Зулайка өз ишениминде бекем турган, акыл менен ойлонуп айткан сөзүнө кулак салбаган адам болсо, анын ким экендигине карабастан катуу айтып көнгөн сөөлөттүү байбиче. Анын жүргөн-турганы, асемдеп кийингени сүйлөгөн акылман сөздөрүнө төп келишип тургансыйт. Спектаклдин акыркы бөлүгүндө бул элдин кызыкчылыгын көздөгөн элдин энеси катары чыга келет.

Актрисанын бул сыяктуу граждандык позициясы бийик кѳңири пландагы образдарынын ичинен Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» аттуу повести боюнча сахналаштырылып коюлган спектаклдеги Толгонайдын образы ѳзгѳчѳ орунда турат.

Ч. Айтматовдун бул чыгармасы боюнча кѳптѳгѳн театрлар спектакль коюп, нечен талanttуу актрисалар ѳз чеберчиликтерин сынашкандыгы белгилүү.

Бул спектаклди биринчи ирет сахнага алып чыккан Москвадагы Станиславский атындагы драма театрында Толгонайдын ролун аткаруу үчүн Советтик Армиянын борбордук театрында иштеген РСФСРдин эл артисткасы Л. Дображанскаяны чакырышкан. Б. Львов — Анохин тарабынан инсценировкаланган бул сахналык композицияда ал Толгонайдын турмушка болгон ой жүгүртүүсүн биринчи планга коюп, спектакль да бир бүтүндѳй, чоң кѳлѳмдѳгү трагедиялык монолог катары чечилген болучу. Сахнадагы кѳпчүлүк окуялар актерлордун аракеттери аркылуу кѳргѳзүлбѳстѳн Толгонай — Добржанскаянын баяндап айтуусу аркылуу кѳз алдыга тартылат. Ошондуктан Толгонай — Добржанская да бирде кубанычтуу, бирде кайгылуу окуяларды эске салып, бирде сахнадагы кыймыл-аракеттерге аралашып кетип, кайрадан баяндоого ѳтүп жүрүп олтурат.

Бул спектаклди Кыргыз драма театры менен удаалаш сахнага алып чыгышкан М. Ауэзов атындагы Казак драма театрында аны традициялык ыкмага жакындаштырып, негизги окуяны жалгыз эненин трагедиясы катары гана кѳргѳзбѳстѳн Толгонайдын образы менен бирдикте жалпы элдин образына да басым жасалгандыгы белгилүү. Толгонайдын образын түзгѳн талантуу актриса С. Майканова турмушка талабы чоң, рухий дүйнѳсү бай аялдын образын кѳргѳзѳ алган.

Кыргыз драма театрында бул спектакль турмуштун чындыгына жакындашуу менен бирге эпикалык жалпылоого айкалыштырып берилген. Спектаклди түзүүдѳ режиссер М. Назаралиев, художник А. Торопов, Толгонайдын образын түзүшкѳн Д. Күйүкова менен Г. Дулатовалар биринин оюн бири толуктап, чыгарманын ѳзѳгүндѳгү философиялык идеяны ансамблдуүлүк менен ачып чыгууга жетише алышкан.

Режиссер сахнада айтылган Толгонайдын баяндамасы аркылуу көргөзүлгөн каармандардын реалдуу образын спектаклдин поэтикалуу стили менен айкалыштыра алган. Спектаклдин окуясы жайынча баяндоодон курч мүнөздөгү драмалык кагылышууларга, азыркы күндөн өткөндөгү турмушка, поэтиканын жогорку аккордунан кадыресе, жөнөкөй турмушка чейин биринен сала бири чиелешишип жүрүп олтурат. Мында негизги айтыла турган ой согушту жек көрүп, тынчтыкта жашоо үчүн жалпы эле адамзатка кайрылуу, жашоонун соолбостугуна, эмгектин бардыгын жаңыртуучу ыйык күчүнө ишенимдүү арттыруу болуп саналат.

Көшөгө ачылганда ак жоолук, кара бешмантчан, колуна таягын таянып, сахнанын тереңинен жай баракат ойлуу басып келе жаткан Толгонайды көрөбүз. Алдыңкы пландагы дөңсөөгө келип ал маанилүү бир нерсени күткөндөй толкунданып айланасына көз чаптырат. Сахнанын тереңиндеги жер шарынын жарым алкагын элестеткен чоң дөңсөөнүн фонунда саргарып бышып келе жаткан эгин менен бирге жерден өсүп чыккансып этеги жерге жайылып кеткен узун көйнөкчөн Жер эненин караанı көрүнөт. Толгонайдын күткөнү — ушул Жер эне менен сыр бөлүшүп сүйлөшүү экендигин алардын андан аркы белгилүү диалогунан улам түшүнөбүз.

Толгонай менен Жер эненин диалогдорун улап андан ары өнүгүп жүрүп олтурган окуяга жараша декорация аркылуу көргөзүлгөн айлана-чөйрөнүн бирде кулпуна гүлдөп, бирде кызыл чок болуп өрттөнүп, бирде кара түн түшкөндөй аза күткөнсүгөн көрүнүштөрүн эненин кубаныч-кайгысынан ажыратып кароо мүмкүн эмес. Спектаклдеги мындай жасалга режиссердун оюна активдүү компонент катары катышып, алар негизги каарман Толгонайдын образын ачып көргөзүүгө багытталган. Натыйжада Толгонайдын образы өзүнүн бардык турпаты менен биринчи планга чыга келет.

Толгонай — Күйүкова согушка жөнөп бараткан Майсалбекти күтүп тургандагы сахна көрүүчүгө өзгөчө таасир калтырган көрүнүштөрдүн бири. Сахнага жакындап келе жаткан поезддин жарыгы, улам катуулап чыккан дөңгөлөктөрдүн шакылдаган үндө-

ру, адамдын үрөйүн учурган суук үндүү гудоктун ач айкырыгына кошул-ташыл болгон кыйкырык-чуулар абалды жогорку чыңалууга чейин алып келет. Чый-пыйы чыгып жанталашкан Толгонай менен Алымкандын кыйкырыктарына жооп кылып акыркы моментте:

— Апа-а! Алима-ан!— деген Майсалбектин кыйкырган үнү угулат. Жанталашып поезддин артынан чуркаган Толгонай Майсалбекке жетпей рельсти кучактап жыгылат. Караңгыда көзгө көрүнбөгөнсүп өтүп кеткен бул поезд бүткүл залды тебелеп өтүп, ар бир көрүүчүнүн жүрөгүнө жакын нерсени жулуп алып караңгылыкка житип кеткендей сезим калтырат. Сахна жарык болуп, Майсалбек калтырып кеткен тумагын бооруна кыскан Толгонай менен Жер эненин диалогу кайрадан башталат.

— Ушинтип жол караган эненин акыркысы мен болоюн. Ылайым, мен сыяктуу темир жолду кучактаган пенде болбосун?— десе, Жер эне аны жубатып:

— Анын баары өзүңөрдүн, адамдардын гана колунан келет. Мен болсом ар дайым ошондой болсо деп тилеп жардам берем,— дейт. Бул ой спектаклдеги негизги тема катары өнүгүп жүрүп олтурат.

Жер жүзүндөгү кубаныч жана бакыттын чеги канчалык кең болсо ага болгон эненин үмүтү да ошончолук чоң. Толгонай — Күйүкова башынан өткөргөн трагедия да так ушундай жарык үмүткө болгон ишенимге бек турууга багыттайт. Согуш болбогондо кеңирсиген тынч талаада эгин эгип, эч бир чарчоону билбей, эмгектин кубанычына маашырланып жүрө тургандыгы тууралуу Толгонай — Күйүкованын толкундануу менен баяндап тургany көрүүчүгө унутулгус таасир калтырат. Бирок каардуу согуш эненин кубанычын тепсеп, өмүрлүк жолдошун, үч бирдей азамат уулдарын алып кетти. Көп узабай уулу Касым менен күйөөсү Субанкулдун өлүмү жөнүндөгү каардуу кабар да келип жетет. Бул сценадагы Алимандын «Апа, эми окшошкон жесирбиз!»— деп чыңырган үнү, аксакал карыянын «кайрат кыл, Толгонай, бири-бирибизге таяныч бололу»— деген токтоо сөздөрү бул учурдагы Толгонай — Күйүкованын ички дүйнөсүндөгү ал-

пурушуп күрөшүп жаткан карама-каршылыкка дем берип, чыйралтып турат.

Башкаларга да таяныч болуп кайрат кылууну ойлогон Толгонай ансыз да ачка олтурушкан элди үгүттөп үрөн топтоп, кошумча жер айдоо демилгесин көтөрөт. Бирок бир ууртан жыйнап чогулткан үрөнүн айдоого себээр алдында зыянкеч-чыккынчылар уурдап кетишет. Өзүнүн башына түшкөн трагедия канчалык оор болсо да чымыркалып ичине сактап, элге түшкөн мүшкүлдү жеңилдетүүгө мүмкүнчүлүк тапкан Толгонай бул жолу өзүн кармай албайт. Караңгыда сороктоп көрүнгөн сөлөкөттөрдүн артынан кууп жөнөгөндө ал жанынан кайыл болсо да энтеп үрөндү куткарып калууга жанталашат. Акыркы күчүн жумшап жетээрине аз калгандай көрүнгөндө «тарс» эткен мылтыктын үнү чыгып, ок жаңылган Толгонай кулап түшөт. Минтип жарадар болгондон көрө өлгөндү артык көргөн Толгонай ачка олтурушкан элге эмне деп жооп табарын билбей өкүрүп ыйлайт.

Бирок элдин кайрымдуулугу өлүмдү да жеңе тургандыгына эми түшүнөт. Адам баласы өзү сыяктуу эле адамдардан жакшылык кылууга үйрөнөт деген ой спектаклдин лейтмотиви катары уланып кетет. Ошондуктан ар бир адам ошол сапатка ээ болууга умтулуусу зарыл.

Толгонай өзүнүн жараты бүтө электе Майсалбектин акыркы чалгынга кетээр алдындагы жазган катын алат. Уулунун эл үчүн өлүмгө бараткандагы суроосун орундатып ал элдин ыйлабоосун өтүнөт. Кайрат-күчүн топтоп өзүнүн уулун өлдү деп эсептегиси келбейт. Анткени анын эрдигин даңазалап, ишин улантып жатышкан азыркы көрүүчүлөр бул ойдун чындыгын далилдеп турат.

Согуш аяктап, Жайнак да дайынсыз жок болуп кеткендигин угат. Үйдө ошентип, бир да эркек калбайт. Толгонайдын жалгыз кармалып калганы — келини Алиман эле. Ал да Толгонайдын кайгысын тең бөлүшүп, башкаларга үлгү болуш үчүн үйдөн кетпөөнү туура көргөн. Бирок Толгонайдын жашоодогу эң акыркы таянычы болгон Алиман да капилет төрөттөн каза болот. Караңгыда жылтылдап түшүп жаткан кардын шыңгыр дабышы менен кошо дагы бир жаңы үмүт пайда болуп чыга келет. Али-

мандан калган Жанболот Толгонайга жашоону улантууга кайрат берет.

«Демек, жашоо соолбойт экен да!»

Толгонайдын кайраткердиги жана талыкпаган эмгекчилдиги кайгынын кара жабуусун сыйрып таштайт. Бул образ адамдын аң-сезимин ойготуп, кандай гана кыйынчылык болсо да жеңип чыгууга дем берет.

Ушинтип Толгонай адамдын жашоого болгон күрөшүндөгү эч нерсе менен салыштыргыс күчүн көргөзө алды. Бул образды жаратышкан Д. Күйүкова болсун, Г. Дулатова болсун өздөрүнүн каарманы аркылуу көрүүчүлөргө оптимисттик ишенимди пайда кыла алды. Ошондуктан актрисалардын түзгөн образдары бир гана кыргыз аялынын портрети катары көрүнбөстөн бүткүл дүйнөдөгү ушул сыяктуу энелердин ой-санаасын бириктирген жалпылагыч образга чейин көтөрүлө алган. Ар бир актриса түзгөн Толгонайдын образы кай бирөөлөрдүн эч нерсеге арзыбаган кемчиликтер үчүн кайгы жеп, ага убакыт, нервин курулай зарп кылбастыгы үчүн сабак катары туюлат.

Ошону менен бирге ар бир актрисанын өз алдынча трактовкасы бири-биринен айырмаланып турат. Эгерде Д. Күйүкованын аткаруусунда Толгонайдын кубанычка же кайгыга болгон мамилеси анын кайраты менен шиределишип турганын көрсөк, Г. Дулатованын аткаруусунда Толгонайдагы энелик мээрим кай бир сценадагы күчтүү сезим менен алмашылып турат. Толгонай — Күйүкова спектаклдин башынан аягына чейин негизги сюжеттин чыңдалуусун бирдей деңгээлде сактап жүрүп олтурса, Толгонай — Дулатованын оюнунда көрүүчүлөр бирде аны менен акыл бөлүшүп, сүйлөшүп жаткансып сезилсе, бирде алар ички сезимдин оргуштаган агымына кошулуп Толгонай — Дулатова менен бирге кайгырып, кубанып жүрүп олтурушат.

Эненин башынан өткөргөн оор трагедиясын көрсөтүү менен бирге Толгонай — Күйүкова согуш учурунда ооруктa калган адамдар менен жеңишти камсыз кылуу үчүн жасаган кайраттуу аракеттерин чыныгы турмуштагыдай ишенимдүүлүк менен берүүгө жетишти. Бул образ өзүнүн ички сулуугу жана таң каларлык кайраты менен көрүүчүлөрдүн көңүлүндө уюп калды.

Спектакль Толгонайдын эгин талаасына келип, жаңы түшүмдөн бышырылган жаңы нандан ооз тийип олтурган сахна менен аяктайт. Спектаклдин башталышында бул нанды Касымдын колунан ооз тийсе азыр ага Жанболот сындырып берет. Оозуна салган нандагы комбайнердун майланышкан колунун жытын искеп алып, көз жашы менен кошо күрмөп жиберип, «Уулум Касым, нан, өлбөйт экен го! Эмгек өлбөйт экен го! Жашоо түгөнбөйт экен го!» — деп таң калганын билдирет.

Спектакль көпкө чейин сахнадан түшпөй коюлуп келди. Д Күйүкова бул спектакль менен республиканын булуң-бурчтарына чейин кыдырып жүрүп көпчүлүк элди бул чыгарма менен тааныштырды. Мына ушул спектакль менен Кыргызстандын түштүгүндөгү эмгекчилерди тейлеп жүргөн учурда 1967-жылы ага СССРдин эл артисткасы деген ардактуу наам ыйгарылгандыгын укту.

Ошол эле жылы Улуу Октябрь революциясынын 50 жылдыгына арналып өткөрүлгөн бүткүл союздук конкурста көргөзүлгөн «Саманчынын жолу» спектакли союздук экинчи сыйлыкка татыктуу болду. Бул сыяктуу жогорку баалардан кийин актрисанын спектакль үчүн кошкон салымы кошумча коментарияны талап кылбайт. Актриса өзүнүн чыгармачылык жолунда аткарган комедиялык, драмалык, трагедиялык пландагы көптөгөн ролдорунун кайсынысында болсун турмушту граждандык позицияда чагылдыруу жагын көздөйт. Ал жараткан образдар терс мүнөздөгү каармандардан болсо да актриса андагы адамды таасирлентип ойлондура турган керектүү жерлерине эң туура акцентти коё билет. Демек, анын кейипкери кетирип жаткан кемчилик көрүүчүлөр үчүн сабак болчудай таасир калтырат.

Бакы Өмүралиевдин «Ата сөзү ар намыз» (Реж. М. Назаралиев, худ. А. Торопов) аттуу пьесасында ал мээримдүү эне Алимандын образын түзгөн. Шаарда окуп жүргөн жалгыз баласы Жакыпбекти ал жанындай сүйөт. Андан санаасы тынбай, абышкасынан жашырып акча салганын койбойт. Ошондон улам баласынын бузулуп кетүүсүнө да өбөлгө түзөт. Кошунасынын кызы Шарипаны болсо келиндикке чектеп, ага да жан-алы калбай жалынып, үмүтү зор. Алиман — Күйүкова абдан ишенчээк, бала кыял, жум-

шак мүнөзү менен да көңүлдү бурат. Асылбек аттуу айылдык мугалим Шарийпаны бузуп алмакчы болуп «Шаарга көп барып жүрүп, Жакыпбекти ушул бузду»— деп жамандайт. Шарийпага болсо «Жакыпбектин бузулуп кетишин абышка-кемпир сенден көрүп жатат»— деп көкүтөт. Ошондон кийин Алиман Шарийпаны жактырбай, анын районго атайын барып алып келген дарысын да албай коёт.

Жакыпбек окуусун таштап үйүнө келгенде анын сырткы түрүн көрүп ээни кейисе да атасынын колу тийип, ага таарынып качып кеткендиги үчүн убайым тартат. Спектаклдин акырында ал дың жерге барып эмгеги менен көрүнүп, үйүнө жүзү жарык келгенде Алиман өзүн коёрго жер таппай чебелектеп жүргөнү көрүүчүлөргө эң жылуу таасир калтырган эле.

Ушул эле сыяктуу көңүлчөөк эненин ролун ал Мар Байжиевдин «Балдар бойго жеткенде» аттуу пьесасында ойноду. (Режиссер М. Назаралиев) Профессор Осмондун аялы Зууранын образын актриса мында сатиралык планда чечкен. Ал көз карашы тайкы, турмушка мещандык талап менен мамиле кылган аял. Өзгөчө Осмондун ролун аткарган М. Рыскулов экөөнүн кызы Гүлбараны тескеген сахнасы жандуу чыккан.

Үйгө түнөбөй, таң атаарда араң келген кызына Зуура — Күйүкова ачуусу келип, мурдатан кыйратып тарбиялап жиберген-сип, «— Эми менин күчүм жетпей калды»— дейт да «өзүң сүйлөш»— деп Осмон Рыскуловду тукурат. Жалаң илим менен алек болуп жүрүп, тарбиялоо маселеси тууралу сүйлөп көрбөгөн Осмон эмне айтаарын билбей мукактанат.

«— Эмне деп айтам?

— Тыяк-быякка көп баспа, бойго жеттиң, эл кеп кылат, энеңди ая дебейсиңби» — деп кеңеш берет да, өзү ички үйгө кирип кетет. Бирок каалганын ары жагынан тыңшап турат. Осмон болсо Зукеш айткан сөздү төкпөй-чачпай, так ошондой интонация менен айтат. Аялынын «дагы тилдей түш» деген ишаратынан улам ошол эле сөздү дагы бир нече жолу кайталап жиберет. Акыры ичи бышып кеткен Зукеш — Күйүкова алкынып чыгып келет да Осмонду «Турчу быякка» — деп түртүп салып, кызына суроолорду өзү бере баштайт.

«— Кайда жүрдүң таң аткынча? Ким менен жүрдүң? Айткын! Айтпачу болсоң, же сен уксуз ичип өлөсүң, же мен уксуз ичип өлөм Айт!» — деп ыкыстата баштайт.

Драматург тарабынан курч жана даана жазылган бул образды актриса кыйабына келтирип ойногон. Жашоодогу көздөгөн максаты ичип-жеп, үйгө акыр-чикирди сатып алып, күндөлүк турмушту өткөрүү маселесинен жогору көтөрүлө албаган Мещанканын аң-сезиминин тайкылыгын актриса ашкерелеп туруп көргөзүүгө жетишкен.

Актриса түзгөн К. Маликовдун «Бир көчөнүн кыздары» спектаклиндеги Көкмончок, И. Поповдун «Үй-бүлө» спектаклиндеги Кашкадамова, М. Тойбаевдин «Жаңы келининдеги» Бүбүкан, А. Дыйканбевдин «Мүрөктүн суусу» спектаклиндеги Батма ж.б. образдар өзүнүн ар кыл пландагы мүнөздөрү, ал аркылуу көтөрүп чыккан маселелери менен көрүүчүлөрдү ойго салып турат. Бул сыяктуу ролдордун кичинесинде болсун, чоңунда болсун актриса өзүнүн ичинен кайнап чыккан, адамды толкундата тургандай ойлорду таап чыгууга умтулууда.

Даркүл Күйүкованын кийинки жылдарда жараткан образдарынын ичинен Япон драматургу Моримото Каорунун «Уурдалган өмүр» («Аялдын өмүрү») аттуу драмасындагы (режиссер М. Назаралцев, худ. М. Сыдыкбаев) көрүнүктүү соода фирмасын башкарган Сидзу аттуу эрки күчтүү кыраакы аялдын, башкыр драматургу Мустай Каримдин «Ай тутулган түндө» аттуу драмасындагы (режиссер Б. Ибраев, худ. М. Исхаков) каардуу уруу башчысы Танкбике, Испан драматургу Гарсиа Лорканын «Бернарда Альбанын үйү» аттуу драмасындагы (режиссер А. Дыйканбаев), редакциянын эски тартибин үй ичинде темирдей эрк менен кармаган тиран аял Бернарданын ролдорун өзгөчө бөлүп көргөзүүгө болот. Бул спектаклдердин окуялары ар башка өлкөлөрдө, ар кандай доордо ар түрдүү көз караштагы адамдардын кагышуусу менен болуп жатса да, буларды бириктирип турган бир идеяны байкоого болот. Ал — адамдагы жарык сезимди, жаңыча умтулууну уйпалап жок кылып, өз бийлигин, чексиз үстөмдүгүн сактап кала берүүгө болгон аракеттин айланасында топтолгон.

Япон аялы Сидзу акылы жагынан да, мүнөзү жагынан да

кимди болбосун өзүнө тарта турган каарман. Сидзу — Күйүкова бул аялдын жакшы сапаттарын жашырбайт. Ал балдарына болсун, көчөдөн келген жетим кыз Кейге болсун мээримдүүлүк менен мамиле кылат. Анын соода иши да жакшы жүрүп, тургандыктан бардыгы өзүнүн оюндагыдай өнүгүүдө. Бирок аны тынчсыздандырган бир нерсе үч баласы тең өзүнүн жолун жолдобой жаңыча көз караштагы адамдардан болуп калгандыгында. Сидзу балдарын өзүнүн артынан ээрчитүүгө канчалык аракет кылса да, алардын ар бири өз жолу менен кетип, бардык бийлик барабара көчөдөн келип үй кызматчысы болуп иштеп калган Кейдин колуна өтөт. Байлыкка, бийликке умтулуу ага да бакыт алып келбейт. Акыры барып атомдук бомбанын катастрофасына дуушар болгон Кей Сидзунун осуятын андан ары уланта албай талаада калат.

Ал эми XVII кылымда жашаган башкыр аялы Танкебикени Д. Күйүкова айтканын айткандай аткарууга көнгөн, жүрөгү катуу, колу таш аял катары көргөзөт. Ошону менен бирге бул ролду ойногон экинчи актриса Г. Дулатовадай уюган кара таш сыяктуу өзгөчө катаалдыгын баса көргөзбөстөн керектүү жерде ийкемдүүлүгүн, аялдык жумшактыгын, балдарына болгон мээримин да баса белгилеп жүрүп олтурат. Бирок ата-бабадан бери келе жаткан адатты бузууга батынышкан өзүнүн сүйүктүү баласына да кечирим бербей өлүмгө буйрат. Мурдатан бери келе жаткан үстөмдүгүн сактап калууга канчалык карышса да ал өзүнүн идеясынын чындыкка негизделген бекем фундаментте эместигине өкүнүчтүү карайт.

Испан аялы Бернарданын көздөгөн идеясы да традицияны ыйык тутуп, өзүнүн үйүндө түзгөн бекем тартип аркылуу башкаларга таасирин күчөтүү. Күйөөсүнүн көзү өткөндөн баштап сегиз жыл бою аза күтүү испан элиндеги диндик реакциянын талабы болуп эсептелет. Бернарда Альба да мына ушул талапты ыйык туткан жаалы катуу аял. Үйүндөгү кыздарын да, карыган энеси Хозефаны да эч ким менен сүйлөштүрбөй, эч качан эшикти көргөзбөстөн үйүндө камап салган. Бул зындандан бошонуп чыгууга „умтулушкан жаштык жалыны алоолонуп турган кыздарынын каршылыгы барган сайын күч ала берет. Кара кийип,

кабагын бүркөп, сүрдүү жүргөн Бернарда темирдей тартипти сактоого канчалык аракет кылганы менен акыры барып анын чынжыры да үзүлөт.

Спектаклдин финалында анын жинди болуп кетүүсү көрүүчүнүн аёо сезимин ойготмок тургай мындай көрүнүштөргө аёосуз күрөш жүргүзүү керектигин эскерткенсийт.

Д. Күйүкованын кийинки учурларды аткарган ролдорунун бири Мар Байжиевдин «Байыркы жомок» спектаклиндеги (режиссер Б. Ибраев) Сур эчкинин образы.

Кыргыздын турмуштук эпосторунун бири «Кожожаш» эпосунун мотивинде жазылган бул пьесанын негизги сюжети көпчүлүккө белгилүү. Актриса мында адамдын жаратылыш байлыгына этиеттик менен мамиле кылуусу керектигин эскерткен элдик акылман ойду өзгөчө басым жасоо менен көрүүчүгө жеткире алган. Кожожаш адегенде анын улагын атып алып, арык экендигин көргөндөн кийин дарылап коё бергендиги үчүн Сур эчки ыраазылыгын билдирип, Кожожашка болгон жардамын аябайт.

Бирок байлыкка мансапка кызыккан Кожожаш Сур эчки менен Алабаштын тукумун кырып киргенде жалбарып сураганына көнбөгөн мергендин сунулган мылтыгына эми тике карады.

Бул кароодо терең кайгы, өксүү менен бирге жек көрүү аркылуу өч алуу чечимине келгендигин көрүүгө болот. Ар кай жерде суналып жаткан улактарына кайгылуу карап, теңселе басып улам бирине бара берди. Өзгөчө оор жарадар болуп мүйүзүнөн ажыраган Алабашты аман алып калуу үчүн далбас уруп, тукум үзүлүп калаарын, адамдар өзүлөрүнүн кардын тойгузуу үчүн кыйынчылыкка дуушар болуп калаарын эскертип жатты. Бирок напсини биротоло агытып, өзүнө-өзү ээ боло албай калган Кожожаш (А. Чокубаев) жүйөөлүү сөзгө кулак какпай, текени мууздап салды.

Күйүкова спектаклде Сур эчкинин ролун аткаруусу анын ийгилигине зор салым кошо алды. Айбандын сырткы кебетесин адамга окшоштуруп кишиче сүйлөтүү, кишиче ой жүгүртүү элдин фантазиясы аркылуу мурда көз алдыга гана элестетилип келсе, анын реалдуу образын түзүү, кайберендин сырткы түспөлүнөн

тартып кыймыл-аракеттерине, ички дүйнөсүнө чейин адам ишенерлик кылып көргөзүп берүү чыныгы чеберчиликти талап кылат.

Көрүүчүлөр кадимки Кайберендей шуулдап, шайдоот жүргөн Сур эчки — Күйүкованын оюнун көрүп олтуруп, анын кайгымуңун бөлүшүү менен бирге табигатка одоно мамиле кылгандарга каршы туруучу сезими ойгоноруна шек саноого болбойт.

Актриса Бертольд Брехттин «Өлөрман эне жана анын балдары» аттуу атактуу чыгармасындагы эненин ролун да жогорку чеберчиликте аткарды. Негизги ойду сахнада туюнтуу ыкмасы боюнча мурдагылардан айырмачылыкты талап кылган бул образ актрисанын чыгармачылык жолуна жаңы түс кошооруна ишенүүгө болот.

Даркүл Күйүкова театрдагы негизги иши менен бирге кыргыздын киноискусствосунун өнүгүшү үчүн да өзүнүн салымын кошуп келе жатат. Кыргыздын алгачкы фильми «Салтанатта» эле ал Салтанаттын энесинин ролунда экранга чыккан. Андан бери актриса ондон ашык фильмде тартылды. Экранда түзгөн образдарынын басымдуу көпчүлүгү эненин образы экендигин көрөбүз. Мисалы «Жоро» фильминдеги Жоронун энеси, «Жамила» фильминдеги Жер-эненин образы, «Космонавттар көчөсүндөгү Закурдаева», «Ак мөөр» телефильминде Ак мөөрдүн энеси, «Күнөстүү арал» телефильминдеги чоң эненин образы, «Аптап» фильминдеги Алдей аттуу ашпозчу аял, «Ак кемедеги» Бакшы аял ж. б. ролдору аркылуу ал миллиондогон көрүүчүлөрдүн алдында өзүн тааныта алды.

## СӨЗ ЖЫЙЫНТЫГЫ

Даңазалуу Кыргыз драма театрынын күрдөөлдүү этаптарын Даркүл Күйүкованын чыгармачылык жолунан ажыратып кароо мүмкүн эмес. Анын сахнада түзгөн бийик ойлорго бай, таасирдүү образдары кыргыздын улуттук театр искусствосунун традициясын кеңейтүүдө зор салым кошту. Ар кандай татаал кыйынчылыктарга туш болсо да театрдагы ишиң өзүнүн жекече кызыкчылыгынан жогору коюп, мээнеткечтик менен чымыркаңып иштегендигинин натыйжасында анын ысмы кыргыз искусствосунун тарыхында негизги жол баштагыч корифей катары келечектегилерге үлгү болуп кала бермекчи. Ал эми анын искусствосунан таасирленишкен көптөгөн көрүүчүлөр турмуштун ар кандай кырдаалдары,чечилбес проблемалары тууралуу өздөрүнүн көз караштарын кайрадан карап чыгууга мүмкүнчүлүк алышкандыгы төгүн эмес.

Турмушта көптөгөн эле таланттуу адамдар искусствонун сыйкырдуу илебинен алыстай алышпай, жарыкка умтулушкан көпөлөктөй болуп анын төрүнө жетүүгө көп далалат кылышат. Бирок алардын талант кудурети канчалык чоң болсо да искусстводо майданы талап кылган көптөгөн татаал кыйынчылыктарга бирдей туруштук бере алышпайт. Искусстводо айрым бир ийгиликтерди жарата коюп, көрүүчүлөр арасында убактылуу кадыр-баркка ээ болуу көп эле таланттын колунан келе турган иш. Ал эми аны ошол деңгээлинде кармай билүү, аны андан ары тереңде-

тип, өзүнүн граждандык позициясын бекемдөө жагы чанда гана адамдардын колунан келет. Ошондуктан искусствонун татаал жолунда ташыркабай турган таланттардын таланты иргелип калат. Даркүл Күйүкова мына ошондой таланттардын бири. Ал өзүнүн сырткы түспөлү жана ички сезиминин деңгээли жагынан адеп көрүнгөндө эле адамдын көңүлүн уютуп, конкреттүү пикирди пайда кыла турган актрисалардан. Адамдын адамгерчилиги кыйынчылыкта сынала турган сыяктуу ал сахнада да, турмушта да кыйынчылыктарды жалтанбастан каршы алууга эрки жетишээрлик. Бирок талантгуу адамдардын мүнөзүндө пародокс болмоюн койбойт көрүнөт.

Д. Күйүкованы ар кандай проблемалардан арылып, өзүнүн жайбаракат, күндөлүк тумушунда көргөн адам бир чети ага таң калуусу ыктымал. Мындай учурда ал өзүнүн ким экендигин унутуп коюп, бала кыялдуу, ар нерсеге аңдабастан мамиле кылган, эркерээк өскөн жаштардын мүнөзүн эске салат. Психологиялык жактан эң бир татаал кырдаалдарды башынан өткөргөн бизге белгилүү образдарда чыккандан кийин — бул актрисанын өз калыбына келүү үчүн жасаган дагы бир ыкмасыдыр. Бирок аны сахнадан кайрадан көргөндө ал көтөрүп чыккан терең ойдун артынан ээрчибей коюу мүмкүн эмес. Ал дүйнө элдеринин кайсы темадагы чыгармасында, кандай образдагы адамдарды көргөзбөсүн, адамды ойго сала турган,кимге болсо да жеткиликтүү интернационалдык мазмундагы ойду ачып берет.

Актрисанын талыкпаган өжөр эмгеги, ишке да, турмушка да койгон чоң талабы өзүнүн артында келе жаткан чыгармачыл жаштарга чоң өрнөк болуп кала бермекчи.

Анткени Даркүл Күйүкова жаш актерлорго өзүнүн талыкпаган эмгекчилдиги, таасирдүү чыгармачылыгы менен гана үлгү болуп жол көргөзбөстөн, ал өзүнүн түздөн-түз берген кеңештери, айрым актерлорду атайылап шефке алып анын чыгармачылык жактан такшалуусуна ар дайым кам көрүүсү маанилүү. Өзүнүн чыгармачылык иши менен тең катар ал коомдук иштерди да ошондой эле жоопкерчилик менен аткарып келүүдө.

Даркүл Күйүкова 1944-жылдан бери КПССтин мүчөсү. 1946-жылдан тартып жергиликтүү партия уюмундагы бюронун мүчөсү.

Бир нече жолу партия уюмунун секретарлыгына шайланып, профсоюздун жергиликтүү комитетинде да бир нече жыл председателдик кылып келген. Актриса өзүнүн бир кыйла убакытын райондук соттун элдик заседатели катары да зарп кылып, социалисттик коомубуздун тартибин бузуучуларга өзүнүн калыс пикири, граждандык жана энелик кеңештери менен туура жолго үгүттөп келүүдө.

Даркүл Күйүкова мамлекеттик бийликтин жогорку органдарына да депутаттыкка шайланып, өзүнүн ишмердүүлүгүн көргөзө алды. Ал эки жолу райондук советтин депутаттыгына 1967-71 жылдарда болсо Кыргыз ССР Жогорку советинин депутаттыгына шайланган. Мамлекеттик жана коомдук иштерди өзүнүн күрдөөлүү чыгармачылыгы менен үзөнгүлөш ала жүргөн актриса чоң үй-бүлөнү да тарбиялап өстүргөн мээримдүү эне. Ал өзүнүн жубайы Кыргыз драма театрынын актеру жана администратору болуп иштеген маркум Абдубачаев Исмаилбек экөө алты баланы тарбиялап өстүрүштү. Алардын айрымдары партиялык жана коомдук кызматтарда үзүрлүү эмгектенишүүдө. Кичүү Кызы Райма Абдубачаева азыр Ош кыргыз драма театрынын белсемдүү актрисаларынан. Кыргыз көрүүчүлөрү аны 8 жашынан бери кыргыз драма театрынын спектаклдеринде аткарган ролдору аркылуу да билишет. Кенже уулу Абдубачаев Зулпукорбек болсо кыргыз радиосунун диктору. Ал мукам үндүү ырчы катары да белгилүү.

Өзүнүн 43 жылдык чыгармачылык жолунда ал республикабыздын алыскы булуң-бурчтарынан бери нечен жолу аралап, кыйналгандыгын эч билгизбестен эмгекчи элдин эстетикалык моокумун кандырып, турмушка тереңирээк түшүнүү үчүн аларды ойго салып, өз өнөрүн тартуулап келе жатат. Алтымыш жашка кадам шилтеп калса да ал мурдагысындай эле гастролдук группанын бригадирлик милдетин тың аткарып, театр коллективинин жаңы даярдаган спектаклдери менен алыскы райондордун эмгекчилерин тааныштырууга ашыгып турат.

Даркүл Күйүкованын мына ушундай көп жактуу ишмердүүлүгүн жана чыгармачылыктагы жетишкен ийгиликтерин жогору баалап, өкмөт менен партиябыз ага СССРдин эл артисткасы де-

ген ардактуу наамды ыйгарды, Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз ССРинин ардак грамоталары жана медалдар менен сыйлады. Актриса азыр кандай роль болсо да аны философиялык жактан тереңдетип, көрүүчүгө таасирдүү жана жеткиликтүү кылып көргөзө алгыдай чыгармачылык күч-кубаты толуп турган убагы.

Даркүл Күйүкованын 60 жылдык юбилейи алдында анын чыгармачылык жолу менен окурмандарыбызды тааныштыруу үчүн «Кыргызстан» басмасынын тапшырмасын аткаруу максатында жазылган бул чакан эмгегибизде актрисанын эбегейсиз зор талантынан жаралган чыгармачылык табылгалардын чети да оюлбай калды деп айткым келет.

Даркүл Күйүкова жараткан көп сандаган маанилүү образдарды илимий жана теориялык жактан тереңирээк анализдеп, актрисанын бай тажрыйбасын чогултуп үйрөнүү жагы келечекте колго ала турган маселелердин бири деп эсептеймин.

## МАЗМУНУ

Тааныштыруу иретинде кыскача сөз . . . 3
Алгачкы кадам . . . . . . . . . . 6
Чыгармачылыктын негизги багыты патриоттук тема
Чеберчиликтин өрчүшүндө . . . . . . . 30
Классикада такшалуу . . . . . . . . 44
Сөз жыйынтыгы . . . . . . . . . 83
Даркүл Күйүкованын аткарган ролдору . . . 87

*Абдрасул Жунушов*

**ДАРКҮЛ КҮЙҮКОВА**

***(на киргизском языке)***

**Издательство «Кыргызстан»**

Редактору *Ж. Алыкулов*
Көркөм редактору *Д. Чочунбаева*
Тех. редактору *Р. Ревенко*
Корректор *Б. Самиева*

ИБ № 976

Терүүгө 21. 8. 1979-ж. берилди. Басууга 26. 3. 1980-ж. кол коюлду. Д—07116. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $70\times108^1/_{32}$. Мектеп арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,75+1,5 вкл. физ. басма табак, 3,85+1,5 вкл. шарттуу басма табак, 5,637 учёттук басма табак. Тиражы 3000. Заказ № 407. Баасы 60 т.

«Кыргызстан» басмасы
720737, ГСП, Фрунзе шаары,
Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП. Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

Алмагүл—«Борбаш», Т. Абдумомунов.
Халниса — «Жаңы жерде», А. Каххар.

1953-жыл

Мелания — «Егорь Булычев жана башкалар», М. Горький.
Айдарова, Майсалбүбү — «Тар капчыгай», Т. Абдумомунов.
Батма — «Атабектин кызы», Т. Абдумомунов.

1955-жыл

Санобар — «Жүрөк сырлары», Б. Рахманов.
Да Шен — «Ак чач кыз», Же-Дзин Жи, Дин-Ни.
Катя — «Акыркы күлгөндүн арманы жок», К. Крапива.
Леди Мильфорд — «Жүзү каралык жана сүйүү», Ф. Шиллер.

1956-жыл

Анархан — «Каныбек», К. Жантөшев.
Анна — «Жүрөк толкуйт», К. Маликов.

1957-жыл

Мастан—«Эгиз бала», К. Эшмамбетов
Багдагүл — «Ашырбай», Т. Абдумомунов.

1958-жыл

Кабаниха — «Добул», А. Островский.
Ши-Пин — «Тайфун» Цао Юй.

1959-жыл

Алымкан — «Бийик жерде», К. Маликов.
Турдукан — «Кычан», Ш. Бейшеналиев.
Салима — «Карагай булак», А. Көбөгөнов.

1960-жыл

Оңолкан — «Атанын тагдыры», Б. Жакиев.

1961-жыл

Айжаркын — «Биздин эне», К. Жантөшев.

1962-жыл

Сырга — «Тергөө жүрүп жатат», А. Токомбаев.
Уулсүйгөн — «Жалгыз дарак токой болбойт», А. Тажибаев.

1963-жыл

Гонерилья — «Король Лир», В. Шекспир.
Алийман — «Ата сөзү — ар намыс», Б. Өмүралиев.

1964-жыл

Уулбала — «Өлбөстүн үрөнү», А. Токомбаев.
Толгонай — «Саманчынын жолу», Ч. Айтматов.

1965-жыл

Бурма — «Сүйүү жана үмүт», Т. Абдумомунов.

Зуура — «Балдар бойго жеткенде», М. Байжиев.

1966-жыл

Хлестова — «Акылдан азап», А. Грибоедов.

1967-жыл

Бүбүкан — «Жаңы келин», М. Тойбаев.
Горностаева — «Любовь Яровая», К. Тренев.

1968-жыл

Дүрүя — «Жыгылган ооганга күлөт», Т. Абдумомунов.
Сизду — «Уурдалган өмүр», М. Каору.

1970-жыл

Батма — «Мүрөктүн суусу», А. Дыйканбаев.

1971-жыл

Ли — «Таалай гүлдестеси», Т. Абдумомунов.

1972-жыл

Зулайка — «Ак боз ат», Ш. Садыбакасов.
Танкебике — «Ай тутулган түндө», М. Карим.

1975-жыл

Сур эчки — «Байыркы жомок, М. Байжиев.

1979-жыл

Эне — «Өлөрман эне жана анын балдары», Б. Брехт.